С(Кыр)75
Б 90

Дилдара Буларкиева

# Түбөлүктүү элестер



БИШКЕК 2019

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

13/02.24г.

Заказ 2382. Тираж 1.000.000

С(Кырг)75
Б 90

**Буларкиева Дилдара**

# Түбөлүктүү элестер

**(Даректүү баяндар)**

Т.б.
Таласская областная библиотека
Н.В. № 131
136
2021г.

Бишкек 2019

Б 90
УДК 821-51
ББК 89Ки 7-4

***Китептин башкы демөөрчүсү коомдук ишмер, меценат, "Аскар Салымбеков атындагы фонддун" Президенти, "Дордой" ассосациясынын негиздөөчүсү Салымбеков Аскар Мааткабыловичке терең ыраазычылык билдиребиз!***

***Урматтуу Аскар Мааткабылович мырза кыргыз эли үчүн ар дайым бар болуңуз!***

**Буларкиева Дилдара Түбөлүктүү элестер.** Даректүү баян –Б: 2019 180-бет

ISBN978-9967-9057-6-4

Бул китепте - кыргыз элинин маданияты менен адабиятынын өсүшүнө, коомчулуктун стабилдүүлүгүнө өз салымдарын кошушкан маркум айымдар тууралуу жазылган.

Б 470230010048
ISBN 978-9967-9057-6-4 УДК 821-51

ББК84Ки 7-4

Буларкиева Д., 2019.

## Түбөлүктүү элестер

Жакында аялдамада туруп төрт-бештей студент кыздар менен өз ара маектешип калдым. Алардан "Бакен Кыдыкеева, Таттыбүбү Турсунбаева деген эжелер тууралуу эмне билесиңер?-деп сурадым. Кыздар бир топко ойлонуп туруп калышты.

Бирөөсү : -Эже, мен билем. Бул эжелер Жогорку Кеңештин депутаттары,-деп айтты. Угуп турган кулагыма эч ишенбедим. Сүйлөп турган кызды карап: -Канчанчы курстасың чоң кыз?-деп таңгалып сураганымда.

Ал эч кебелбей, бир жогорку окуу жайдын атын айтып, үчүнчү курстамын,-дегенде аябай таңгалдым.

Чын эле, ушул турган жаштар, элибиздин искусствосу менен маданиятына Ала-Тоодой кызмат кылышкан залкар адамдарды билишпейби?-деп таңгалып да, ызаланып да туруп калдым. Азыркы жаштарыбыз залкар адамдар тууралуу эч нерсе билишпегенин билдим. Ушул окуядан кийин элибиздин залкар адамдары тууралуу жаштарыбыз билип калсын деген ойлор менен "Залкарлар", "Инсандар", элибиздин мыкты айымдары тууралуу "Кыргызымдын мыкты айымдары", "Кыргызымдын таланттуу кыздары", "Кыргызымдын саясатчы айымдары", "Ала-Тоодой бийик айымдар", "Жашоонун көркү аялзат" деген китептерди, өсүп келе жаткан жаштарга тарбиялык мааниси болсун деген максат менен жаздым. Басмадан чыккан бул китептеримди, окурмандар жылуу кабыл алышты. Аты аталган китептерди жазып жатканымда окурмандар мага "Кыргыз элинин маданиятынын өсүшүнө өз салымдарын кошкон таланттуу актриса, Кыргыз элинин Баатыры Сабира Күмүшалиева, таланттуу актриса Таттыбүбү Турсунбаева, коомдук ишмер Гүлмира Мамбеталиева, акын-саймачы-сүрөтчү Шакен Мамбетаипова, таланттуу алып баруучу,уюштуруучу Салтанат Саматова,таланттуу

булбул үндүү ырчылар Гүлзат Батырканова, Гүлбү Орозкул кызы тууралуу жазбайсызбы?-дешип суранышкандар көп болушту.

Окурмандарымдын суроолору боюнча аттары аталган айымдар тууралуу маалыматтарды гезит-журналдардан, интернет булактарынан издеп чогултуп, айрым замандаштарым менен атайын жолугушуп, маектешип ушул китепти жаздым.

Аттары аталган айымдар тууралуу жазып жатып, жан дүйнөсү таза, назик, акылдуу, башкалардан айырмаланган талантка ээ кайталангыс айымдардын тагдырларына күбө болуу менен аларга башымды ийип таазим кылдым! Бул аттары аталган кыздардын бири кыргыз элинин маданияты менен искусствосунун өсүп-өнүгүшүнө тоодой салым кошушса, бири жаш таланттардын багын ачкан мецананттык иш кылган, илимпоз айымдар экендигине күбө болдум. Өмүрлөрү узун болгондо, кыргыз эли үчүн дагы көптөгөн иштерди жасашмак... Бул айымдардын жашап өткөн өмүрлөрү,элге кылган эмгектери, аялдык акактай таза касиеттери тууралуу жеткире жазуу өтө кыйын болсо да, дараметимдин жетишинче жаштарга насаат болуп калсын деген аруу ой менен жаздым. Бул менин адамдык, жазуучулук парзым деп эсептеймин!

***Автор***



**Сабира Күмүшалиева –**
**элибиздин чолпон жылдызы**



Сабира Күмүшалиева кыргыз жана советтик, театр жана кино актрисасы. Кыргыз театр жана кино искусствосун профессионалдуу деңгээлге жеткирген инсандардын бири болуп саналат. Ал 1917-жылы 17-мартта Чүй облустунун Төкөлдөш айылында туулган,

2007-жылы 15-сентябрда 90 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. 90 жаштык өмүрүнүн 73 жылын киного жана сахнага арнаган. Борбордогу мектепти аяктагандан кийин, Фрунзе педтехникумуна тапшырып, аны ийгиликтүү бүтүргөн соң, 1932-1934-жылдары башталгыч мектепте мугалим болуп иштеген. 1934-жылы Кыргыз драма театрына актрисалыкка кабыл алынып, алгачкы жолу Касымаалы Жантөшевдин «Карачач» пьесасында башкы каарман Карачачтын ролун ойногон. Алгач 1930-жылдарда коюлган К. Жантөшевдин "Карачач" спектаклинде Карачачтын, Ж. Турусбековдун "Ажал ордуна" драмасында Ситайхонун, М. Токобаевдин "Кайгылуу Какейинде" Зууранын ролун аткаруу менен жашында эле таланты ачылган болчу. "Тар капчыгай", "Курманбек", "Жаңыл мырза", "Борбаш", "Каныбек", "Бийик жерде", "Биринчи мугалим", "Атанын тагдыры", "Манастын уулу Семетей", "Күйөө жолдош", "Жарыктык карыларым", "Эртең жаңы жыл" жана башка спектаклдерде негизги каармандарды ойноо менен Кыргыз академиялык драма театрынын өсүшүнө чоң салым кошкон. Сабира эжебиз жалпысынан 150дөн ашык роль жаратып, күйөрмандардын жүрөгүнүн түпкүрүнөн орун таба алды. Өзү кинодогу ролдору менен театрдагы ролдорун эч качан бөлгөн эмес, баарын бирдей көрчү экен. Тасмаларда негизинен эпизоддук ролдорду жаратканы менен, өзүнчө бир кайталангыс талант менен ойноп, ал ролдорго башкача боёк сүртүп берер эле. "Жамиля" тасмасында (Ирина Поплавская, 1969-ж) ушакчынын ролу, "Отко таазим" тасмасында (Төлөмүш Океев, 1972-ж) Уркуянын апасынын ролу, "Ак кеме" тасмасында (Болот Шамшиев, 1975-ж) Карыздын ролу, "Эл арасында" тасмасында (Болот Шамшиев, 1978-ж) Сайкалдын ролу буга чоң далил. Аны менен катар эле казак боордоштордун дагы «Адам-бугу», «Боордошум», «Уул тууган», «Согуш учурундагы балдар»



жана башка тасмаларында мыкты, кайталангыс ролдорду жарата алган. 1957-жылы театр искусство жаатында мыкты эмгек сиңиргендиги үчүн Сабира Күмүшалиева "СССРдин эмгек сиңирген артисти" андан кийин «Кыргыз Эл артисти» наамын алган. Мына ушундай Өкмөттүк жогорку сыйлыктар анын чыгармачылыгына эргүү берип, күчүнө күч кошкон. Ушундан кийин Сабира Күмүшалиеванын өнөрү өркүндөп, актрисалык чеберчилиги артып, театрга болгон кызыгуусу күч алып бүтүндөй жан дүйнөсү менен искусствого сүңгүп кирип, өзүнүн 75 жылдык жашоосун театр, киного арнаган. Кыргыз жана казак фильмдеринде, элдин эсинен кеткис не бир сонун спектаклдерде жүздөн ашык ролдорду жаратып, өзүнө түбөлүк урагыс эстелик тургузуу менен бирге кыргыз маданиятынын өнөр деңгээлин Ала-Тоодой бийиктикке көтөргөн. Сабира Күмүшалиева атайын актёрлук билим албаса да табигый жөндөмү, тубаса таланты менен кичинекей эпизоддук образдарды жаркыратып ачып бергендиктен "кичинекей ролдордун чоң актрисасы" деген ары жөнөкөй, ары таамай баага татыган. Ал кичинекей эле эпизоддон чоң роль жаратып койчу экен. Муну айтылуу режиссёр Болот Шамшиевдин «Ак кеме» тасмасындагы Керез аттуу кемпирдин ролун аткаруудагы чеберчилигинен улам билсек болот. Ал аталган тасмада тажаал, ачуусу чукул, чапчаң, өзүмчүл адамдын кулк-мүнөзүн, образын түзгөн. Ушул образ аркылуу тасманын өңүн ачып, дещгээлин көтөргөн. 1957-жылы режиссерлор Э. Шенгелая менен А. Сахаровдор тартышкан "Муз жүрөк жөнүндө баян" кино тасмасында аткарган ролдон тартып, көпчүлүккө кеңири маалым "Токтогул", "Ак кеме", "Уркуя", "Фудзиямада кадыр түн", "Эрте жаздагы турналар", "Караш-караш", "Бөрү зындан", "Бакайдын жайыты", "Ак куулар конгон айдың көл", "Арман", "Атадан калган туяк", "Куш өмүр" жана башка

кинолордо ар кыл мүнөздөгү кайталангыс образдарды жараткан. Сабира эженин жаратылыш берген кыймыл аракети актрисалык чеберчилиги башка актрисалардан айырмаланып турат. Жараткан ролдору бири-бирине эч окшобойт. «Ак кеме» тасмасы 1976-жылы тартылып, IX Бүткүл союздук кинофестивалдын баш байгесине ээ болгон. Сабира Күмүшалиева 2007-жылы 15-сентябрда 91 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

***

Эң сүйүктүү майрамы – 8-март эл аралык аялдардын майрамы болгон. Себеби ал жазды, гүлдөрдү аябай жакшы көрчү экен. Үйүндө кышы-жайы дебей дайыма жыпар жыты аңкыган жаңы гүлдөр турчу. Анын чыдамсыздык менен күткөн майрамдары: 1-март - жаздын келиши, 8-март - Аялдардын эл аралык күнү, 19-март - өзүнүн туулган күнү, 21-март - Нооруз, 27-март - Театр күнү. Мына ушул даталуу күндөрдү Сабира чыдамсыздык менен күтүп, жаздын узак болушун самачу экен. Анын үстүнө анын аткарган кинодогу, театрдагы кейипкерлери да жаздын күнүндөгү аба ырайы сыяктуу эле. Сабира Күмүшалиева театрдабы, кинотасмадабы, ар кыл мүнөздөгү образдарды кайталангыс деңгээлде жараткан. Казак боордоштордун «Адам бугу - Боордошум», «Уул тууган», «Согуш учурундагы балдар» жана башка көптөгөн тасмаларында да ролдорду мыкты ойноп, эки элдин достугунда да данакер болгон болсо, кыргыз элинин залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында көптөгөн ролдорго жан киргизип көрөрмандарынын жүрөгүнөн орун алып, сүйүүсүнө, урматтоосуна ээ болгон. Күмүшалиева көптөгөн сахналык ролдорду жаратып, таланттуу теат артисти катары таанылган. Күмүшалиеванын артисттик дарамети комедиялык жана катаал мүнөздүү образдардан көрүнгөн. Аларга: Фан-и



(Цао Юй «Тайфун»), Мастан (А.Көбөгөнов, «Болот менен Тынар»), Майсалбүбү (Т. Абдымомунов, «Тар капчыгай»), Оңолкан (Б. Жакиев, «Атанын тагдыры»), Шербет (А. Дыйканбаев, «Мүрөктүн суусу») ж.б. кирет Р. Шүкүрбековдун "Күлүсүнүнөн" Күлүсүндүн, "Жашыл токойдон" Жалжалдын, "Жапалак Жатпасовдо" Серептин, А. Көбөгөновдун "Болот менен Тынарда" Мастандын ролдорун өтө чеберчилик менен аткарган.

Дүйнөлүк жана орус классикалык "Отеллодо" Бьянка, "Он экинчи түндө" Мария, "Күнөөсүз күнөөкөрлөрдө" Галчиха, "Жаш гвардияда" Любовь Шевцова, "Павлик Морозовдо" Алёша, "Бернарда Альбодо" Хасефа, "Егорь Булычевде" Зобунова, "Тайфунда" Фань И, "Акылдан азапта" Княгиня, "Айлакер сулууда" Ортенсия, "Уурдалган өмүрдө" Кэй сыяктуу ири ролдорду аткаруу менен классика дүйнөсүнө да аралашкан.









Сабира апа 85 жашка чыгып, торколуу тоюн белгилейт. Бул тойго бийликтин өкүлдөрү Апас Жумагулов,Күлүйпа Кондучалова, президенттик аппараттын өкүлдөрү катышып отурган. Күмүшалиева жашоодо да, театрда да күтүүсүздөн эле бир нерселерди ойлоп таба койчу экен. Ошол кечеде да сахнага чыгып, анын талантына таазим кылып келген элдин баарын сыдыра карап чыгып, күтүүсүздөн «Бул жерде менин элим отурат, күйөрмандарым отурасыңар, силерге бир эркелеп алсам болобу?» деп калат. Эл эмнени айтат болду экен деп кулак түрүп калат. «Өзүмдөн жаш кесиптештерим, сиздин сөзүңүздү угат, сиз айтсаңыз» деп мени сахнага чыгарышты. «Муратбек Рыскулов сыяктуу залкар адамдар иштеген театрдын атынан, театрдын жамаатынын, өзүмдүн атымдан, ушул кыргыз драма театрына «улуттук» деген наам ыйгарып берүүңүздөрдү сурансам болобу, менимче, «улуттук» деген атка татыктуу эле болсок керек»- деп суранганда, элдин баары туруп кол чаап жиберишкен экен. Ошондон 10 күн өтпөй Аскар Акаев «Кыргыз драма театрына «улуттук» деген статус берилсин» деген буйрукка кол коюп берген экен.

**Сабира Күмүшалиеванын кызы**
**Нуржамал Рыскулова:**
***Апам атамды дайыма өзүнөн өйдө койчу***

Атам Муратбек Рыскулов каза болгон жылдары тартип ушунчалык катуу болчу. Импорт кийимдерди жөнөкөй адамдар ала алчу эмес. Ошол кезде апам Сабира Күмүшалиева Бельгиядан келген пальтолорго ашык болуп жүргөн. Күйөөсү өлгөн Күмүшалиеванын көңүлүн бир көтөрүп коёлу дегенби, айтор, соода министрлигинен чалышып, «Силерге бир пальто даярдап койдук. ЦУМдан

алып кеткиле» дейт. “Жолдон апам «Ушулар мени пальто алып атат деп милицияга карматкан аткан жокпу» деп чочулай баштады. «Койчу апа, министрликтен чалып атышса» деп жооткотуп койдум. ЦУМга жете бергенде колумдан мыкчый кармап, «Нуржамал, мына көрдүңбү, булар бирдеме кылган атат» деп дүкөндүн эшигин кайтарып турган милицияны көрсөттү. «Алар ушинтип кайтарышат» деп араң түшүндүрүп, лифтке түшсөк, дагы бир милиция кирди. Анда да колумду дагы бир мыкчыды. Ошентип пальтону кийип көрдү, алдык. Сатуучу баштыкка салып берип атса, «Нуржамал, баштыкты сен кармачы, ээ» деп шыбырап атпайбы, кайран апам. Антпесе деле мен көтөрмөкмүн да. Мен пальтону көтөрүп үйгө кеттим, апам «Ак кемеге» тартылганы сьемкага кетти. Жаңы эле үйгө кирсем, эшик чырылдап калды. «Ким?» десем, «милиция» дейт. Коркконумду айтпагыла. Ачсам, формачан орус киши турат. Кирди дагы, аркы-беркини сурап туруп «я к Муке» десе болобу? Мен анда жашмын да, «Вы что незнаете? Муке умер» деп салдым. Тиги киши бозоруп, тамга жабышты да, ылдый жыгылып баратат, чуркап суу алып келатсам, телефон чырылдайт. Алсам, апам экен «азыр, биякка милиция келиптир…» деп эле сөзүмдүн аягына чыгалекте «бер пальтону, акчасын да алба, ушуну көрмөкмүн, кийбей эле койдум ошол пальтосун» деп кыйкыра баштады. Анда ары жактан «Көрдүңөрбү, бул кемпир пальто уурдаптыр» деп Орозбек Кутманалиевдин тамашалай сүйлөгөнү угулду. Суу ичип, өзүнө келгенден кийин тиги адам эмнеге келгенин айтып берди. Көрсө, атамдын баягы мылтыгын каттоодон өткөрүп коёюн деп келиптир да, байкуш. Ал кеткенден кийин апама түшүндүрсөм, шаңдуу үн менен «Ай көрдүңбү, пальто уурдалган жок. Мен эртең жаңы пальто кийип келем» деп мактанып атат.



***

Эл артисттеринин үй-бүлөсүн чоңдор көрүнө турган ооруканалар карачу. Бир күнү менин тишим ооруп калат. “Апам орусчаны жакшы билбейт да, анысын шек алдырбайын деп үй кызматкерлерине «Варя, Оля, сегодня Нуржамал поведем больница. Красиво оденьте, мы пойдем высокопоставленный больница» деп атпайбы. Тигилер мени укмуш кийинте баштапты. Ак туфли, жашыл колготки, көк юбка, кызыл бешмант, башыма кызыл үкү топу кийгизишти. Анда да бир эле канат тагылган. Элестетип көргүлө, өзүмчө эле светофор болуп, врачка бардык. Мен төрт жарымда болчумун. Врач жакшы кабыл алып, апамдан менин жашымды сураса, орусча жакшы сүйлөгөнүн билдиргиси келип «ей половина пятого» деп жооп берип атпайбы.Бир жолу ооруканага барса, “калга анализ тапшырып келиңиз” деп жөнөтөт. Үйгө келип, моюнунун артында чоң калды “сыгып бергилечи” деп суранат, “Ой, эмнеге, калды сыккан коркунучтуу да” десем, “ой, доктур кал тапшырып кел дебедиби?” деп бир күлдүргөн. Дагы бир күнү келинин “ургаачы тооктун этин алып келип, шорпо кайнатып бергиле” деп жумшайт. Орусча сүйлөп өскөн кыз аны түшүнбөй, чыгып башкалардан сурайт “ургаачы тоок деген эмне?” деп. Мен апама кирип “Апа, ургаачы тоок деген эмне?” деп сурасам, “Эми силерге орусча кантип түшүндүрсөм? Курицина дочка” деген.

Атам колун сурап, артынан жүргөн кезде апам согушка кетип, дайынсыз жоголгон күйөөсүн күтүп жүргөн экен. Ушул окуя чын-калпын билбейм, бирок өзүлөрүнөн укканым.

Кесиптештери менен май майрамдарынын биринде шаар четине эс алып чыгышыптыр. Атам апамды шар аккан суунун жээгине чакырып, дагы колун сурайт. Апам каршы болгондо, колунан тартып сууга салаңдата кармап

туруп «же сен мага турмушка чыгасың, же мен сени ушул сууга салып ием» дептир. Апам корkконунан "макул" деп коюп, бошоткондо «мен баары бир күйөөмдү күтөм» деп туруп качып жөнөптүр. Атам кармап келип, кайра сууга салам дегенде апам макулдугун берип, экөө бактылуу өмүр сүрүштү.

***

Көп жылдан кийин Сабира апамын биринчи күйөөсү согуштан кайтып келген. Аялынын жаңы турмушун көрүп, өзү да башкага үйлөнгөн. Атам Муратбек Рыскуловдун кең пейилдигин ушундан байкаңыз, Сабира апам алып жүргөн биринчи күйөөсүнүн фамилиясын өзгөртпөй калтырышын сураныптыр. «Кой Сакиш, Күмүшалиев биринчи күйөөң, ал жаман адам эмес. Согушта сейилдеп жүргөн жок, паспортко жазылып калган фамилияңды өзгөртпө» деген экен.

Апам атамды дайыма өзүнөн өйдө койчу. Бир жолу үйдү ремонттоп калышат. Иштеп аткан жумушчуларга чыгып "Бул жерин мындай кылгыла, тигил жерин мындай кылгыла" деп баштайт апам. "Нуржамал эже мындай кылгыла деген" дешсе, "Нуржамал билбейт, мына мен билем! Мен деген Муратбек Рыскуловдун аялымын!" дейт. Болбосо, "Мен Эл артистимин" десе деле жарашат да…

***

Эки уулунан айрылганда көп азапты көтөрдү.Эки бирдей уулунан айрылган эненин күйүтүн сүрөттөп айтуу оор. Бирок апамдын эрки күчтүү экен бизге көз жашын көрсөтпөгөнгө аракет кылды. Анткен менен түн ичинде майкесин жыттап, сүрөтүн карап, шолоктоп ыйлап атканын байкап койчумун. Гүлшара Дуулатова экөө курбулар эле. Анын көзү өткөндөн кийин «Токсонго келип калдым, мени эмне кудай албайт?» деп ыйламсырап калчу. Бир күнү «Нуржамал, мен билдим эмнеге ушул убакка



чейин жашап атам. Азыр эле гезиттен журналисттер келип кетти. Көзү өткөн курбуларымды айтып бердим. Көрсө, кудай жаш муунга көзү өткөн залкарлар жөнүндө айтып берсин деп бул дүйнөдө калтырып аткан турбайбы» деп кайра өзүнүн көңүлүн көтөрчү.

***

Карылыгы жетип, өмүрүнүн акыркы жылдары үйдө отуруп калган мезгилде дагы апам куурчактай жасанып, шиштакасын кийип отурчу. Жанындагы сумкесинде сандыктын ачкычы, жүз аарчы, француз атыры менен 100 сом акча болор эле. Үйүнө врачтар келип "Сизге шиштака кийгенге болбойт, жапыз бут кийим кийишиңиз керек" дешсе, "Макул, кагылайын, алып кел башкасын" деп алардын көзүнчө кийимиш болуп туруп, алар кеткенден кийин кайра шиштакасын кийип алчу экен. "Ой апа, сизге болбойт дебедиби?" десем, "Доктур жаш да, ал кайдан билмек эле? Мен эл көзүнө дайыма ушундай көрүнүшүм керек" деп койчу. Анан дагы ал отурган бөлмөсүнө дайыма дасторконду жайнатып койчу. Батасын алабыз деп келген адамдардын баарын кабыл алар эле. "Өзүңүз ооруп атсаңыз…" деген балдарын укпай, "Мен элдик адаммын, киргиз!" деп буйрук бере сүйлөп койчу. Атам Муратбек Рыскулов далай тасмалардагы кейипкерлердин образын мыкты аткарган чыгаан, тубаса актёр болгон. «Эки корифей бирин-бири урматтап, сыйлап, барктап, колдоп турушчу. Атамдын сырдуу касиети укмуш эле, терс каарманды жаратып жатканда да, анын адамдык жан дүйнөсүнүн жакшы жагын да жарата билчү. Анын Ата Журт үчүн болгон сый-урматы, сүйүүсү өзгөчө эле. Жерин, элин эч нерсеге теңечү эмес», - дешет жакындары. Анан да үй-бүлөгө камкор, күйүмдүү жолдош, мээримдүү ата болгон деп Сабира эже да өз эскерүүлөрүндө көп ирет, кеп кылып айтып жүрдү. Менин атамдын адамдын талантын,

эмгегин сыйлай, баалай билгендигин мындан билиңиз, «Бечара Сакиш, мен деп жүрүп, менин көлөкөмдө калдыңго…» - деп кейигени азырга чейин эл арасында айтылып келет.

***

Сабира Күмүшалиева Муратбек Рыскулов атындагы эл аралык жана Казак Республикасынын «Алтын Көпүрө», Төлөгөн Айбергенов жана Ленин комсомол сыйлыктарынын лауреаты болгон. Актрисанын кыргыз театр жана кино өнөрүнө сиңирген эмгеги жогору бааланып, "СССРдин эмгек сиңирген артисти", "Кыргыз ССРинин эл артисти" (1967), "Ак шумкар" ордени, "Кыргыз Республикасынын Эл Баатыры" (2000) деген ардактуу наам жана "Кутман эне" Эл аралык сыйлык (1998) ыйгарылган. Кыргыз маданиятына жасаган ак эмгеги жогору бааланып Кыргыз Эл Баатыры наамын алган. Эң негизгиси Сабира апа бул жалган жашоодо татыктуу, таза өмүр сүрүп, Ала-Тоодой бийик эмгек жасап, эл арасында жакшы пикир калтырып кете алды. Адамдын жашоодогу максатынын маңызы ушул экенин, турмуш өз мөөрүн басып далилдеп койгон. Сабира Күмүшалиеванын жашап өткөн өмүрү,басып өткөн эмгек жолу артындагы урпактарга үлгү. Эмгекчил, тырышчаак, жашоого сергек караган сезимтаал, акылман аялзаты болсун дешип Сабира Күмүшалиеванын кинодо, театрда жараткан образдарына таасирленишип кыздарынын аттарын "Сабира" деп коюшкандар бар, азыркы күндө Сабира аттуу айымдар көп. Кыргыз Эл Баатыры Сабира Күмүшалиеванын жаркын элеси кыргыз кино, театр сүйүүчүлөрүнүн эсинде түбөлүккө сакталат жана өчпөс чолпон жылдызы болуп жаркырап түбөлүккө тура берет.



## Бакен Кыдыкеева –
## кыргыз киносу менен театрынын ханышасы



***Бакен Кыдыкееванын ысымы менен кыргыздын улуттук маданиятынын көптөгөн тарыхый башталыштары, окуялары тыгыз байланышып турат.***

**Күлүйпа Кондучалова**

Адамзат өмүрү ченемдүү болсо да, жашоодо дайыма ак менен кара, өмүр менен өлүм, жакшылык менен жамандык ээрчишип бирге жүрөт. Бирок "өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин" деген сөз бар эмеспи. Ошондуктан канат - бутагын кенен жайган, калкы менен тагдырлаш чыныгы талантты калдайган кыргыз эли эч качан унута албайт. Бул турмуш дегениң кандай сонун да,

татаал да, катаал да... Жашоо күтүлбөстүгү, татаалдыгы, табышмактуулугу менен кызык. Адам баласы жарым сааттан кийин эмне болоорун билбей, үмүт, алдыга умутулуу менен күн кечирип, жашоо өткөрөт экен. Ошол үчүн адам баласы кээде алсыз да, кээде күчтүү болуп кетет. «Пенде» деген сөз да, адамдарга тегин жерден берилбесе керек. А чынында, кимдин канча өмүр сүрөрүн, алдыда эмне күтүп турганын жалгыз гана Жаратканыбыз өзү билет экен.

Кыргыз элинин кайталангыс таланты, кыргыз Эл артистти Бакен Кыдыкеева көзү тирүү болгондо быйыл 96 жашка толмок. Бакен Кыдыкеева кыргыз элинин жүзүн, образын эл аралык көрүүчүлөргө тааныткан таланттардын алдыңкы сабында турган улуу инсан. Кыргыздын жыйырманчы кылымдагы кино менен театр өнөрүн Бакен Кыдыкеевасыз элестетүү мүмкүн эмес. Кыргыз искусствосунун карлыгачы десек эч жаңылышпайбыз. Ал кыргыздын европалык типтеги драма театрын түптөгөндөрдүн алгачкы сабында турат.

Кыргыз киносу менен театрынын тарыхында таланты менен ташка өз тамгасын басып, өлбөс-өчпөс из калтырып кеткен залкарларыбыздын бири СССРдин эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси Бакен Кыдыкееваны унутууга эч акыбыз жок, анткени анын ысмы менен элибиздин улуттук маданиятынын көптөгөн башталыштары, окуялары тыгыз байланышып турат.

Бакен Кыдыкеева ким? Бакен Кыдыкеева - өз доорунун зор классикасы, "Добулда" Катерина, "Отеллодо" Дездемона, "Курманбекте" Айганыш, "Саманчынын жолунда" Толгонай... Бакен Кыдыкеева Төкөлдөштүн төрт кызынын бир кызы. Анын жүзүнөн тамган нур эч бир аялзатына окшобойт эле, деп эскеришет бир кезде ал менен аралашып жүргөндөр. Жараткан



сулуулукту берди, талантты берди, башкалардан айырмалап талантына жарашкан баркты, сыймыкты берди. Бирок, бир нерседен куру жалак калтырды. Аялзаттык чыныгы бакыт андан айланып өткөндөй. Сахнада классикага айланып, келберсиген актриса ички дүйнөсүндө, үйүндө жалгыз эле. Жубайы жөнүндө айланасындагы ар кандай кептерге туруштук бере албай жолдошунун эки чемоданын көтөрүп үйдөн чыгып кетиши, ага жашоодогу эң оор сокку болгон. Сыртынан, сахнадан сүрдүү, катуу көрүнгөн бул аялзаттын ички дүйнөсү назик эле, борпоң эле…

Көралбастыктын азабын аябай тартты, бирок ага туруштук бере алган жок. Кадыр - баркы, сыйлык - сыймыгынын көбөйгөнү бир тең, аялзаттык бакыттын кармалбаганы бир тең болду окшойт. Аялзаты жалгыздыкты көтөрө албайт. Таттыбүбүнүн трагедиясы көралбастык менен өзүнө тиешелүү сыймыгын алалбай калганы болсо, Бакендин трагедиясы дал ушул жалгыздыкта жаткан. Драмтеатрдан жумуштан кеткенден кийин, жалгыз жашоосу сахна болгон акртисага жашоо калбай калды. Анын акыркы ролу көчө селсаягы болду. Келди да, кетти бир сулуу. Сахнанын, талантынын өтөөсүнө чыкты. Бирок анын, дал ошол эки өзгөчөлүгү аялдык нагыз бакытына жолтоо болду. Канчалаган талант ээлери көз жаздымда калып, анчейин барк алынбай, ары-бери "түрткүнчүк" болуп, ал эмес пендечиликтин "тепсендисинде" да калышты.

Бир кезде атагы дүңгүрөп турганда андай залкарлардын этегине кара булут каптаган кезде алдастап,баарысы көздөн кайым болушат окшобойбу?

Болбосо, ошол эле бийик талант кейиштүү тагдырга кептелгенде анын ыйламсыраган жүзү, алсыз үшкүрүгү жанында жандап жүргөндөрдү ойлондурбаганы да өзүнчө трагедия...

Түбүң түшкүр пендечилик. Бийиктикте балпылдаган чолпон жылдыздын да беделин түшүргөн түркөй түшүнүктөр, зор талантты талкалап тынды.

Бакен Кыдыкеева - театр жылдызы, элибиздин сыймыгы. Өнөрү менен өргө чыгып, көралбастыктын кесебетинен кайра жер боортоктоп, ылдыйлаган экен. Бирок, бир чындык бар. Актриса өзүнө кылымдар жашап калчу урагыс атты ыйгарып кетти. Ал анын эки өмүрдөгү эсепсиз байлыгы, майтарылгыс күчү, тоодой жеңиши болду.

Улуу талантты, театрды түптөгөн инсанды күүлүү-күчтүү мезгилде эрте эле пенсияга узатып жиберип, дагы бир ирет канатын сындырып салышты. Мына, чыгармачылык адамга болгон таш боорлук, мерездик мамиле. Эгер Бакен Кыдыкеевага өз убагында тиешелүү көңүл бурулуп, таланты бааланганда, балким ал азыр замандаштарынын, кесиптештеринин арасында акылманы, окутуучусу катары жүрөт беле деп кетесиң. Кыскасы, Бакен Кыдыкееванын чыгармачылык жолун карап олтурсаң, жалаң бут тосуулардын, көралбастыктардын курманы болгондой таасир калтырат.

Азыркы кезде сулуу менен таланттуулардын айтканы эки болбойт, а ал кезде тескерисинче, Бакен Кыдыкеевадай талант менен сулуулуктун ээлери ашыкча кыймыл жасоодон да корккон чийиндин ичинде камалышкан. Алардын жанында бар - жоктон калкалап туруучу эркектин калдайган караанЫ болгон эмес. Убагында сахнада ажайып ролдорду жаратып, канчалаган кыргыз кинотасмаларынын бактысын ачкан актриса карыганда көчөлөп калганы улуттун намысынын сынганы болуп, өчпөс тамгалар менен жазылып калды...

"Бүт аалам-театр". Улуу Шекспирдин улуулугу ушул сөздүн уңгусунда турат. Бул жашоо чындыгында эле театр. Биз өзүбүздү шарттуу түрдө гана эки топко, оң жана терс



каарманга бөлүп алганбыз. Турмуш өзү - түбөлүктүү зор театр, Фаустун кеби эсиңизде чыгаар:"Өмүр бу-аягы жок оюн" деген экен, бу оюн мисал болгон адам жашоосунда ар бирибиз бу турмушка ар кандай маска менен келебиз, ошол масканын артына жүзүбүздү, өңүбүздү, адамдык, пенделик миң кырдуу, миң кубулмалуу дүйнөбүздү жашыргыбыз келет, бирок бул маскабыз тек гана көзгө урунган азгырмалуу ырайыбыз, ал аркылуу адамдын адамдыгын көрө билүү кыйын экен,-деп жазган экен элибиздин азыркы бир улуу жазуучусу өзүнүн бир чыгармасында.

"Бу жашоонун трагедиясы-көралбастык" экенин баарыбыз жакшы билебиз. Көралбастык деген мите курт жан дүйнөбүзгө кирип алып өсүп бара жаткан адамды артка тартабыз.

Алдуубуз алсызга кол сунуп жардамдашуунун ордуна төбөсүнөн кайра ылдый нЫгырабыз... Оо, түбү түшкөн көр пендечилик адамзатты кайда алып барасың?! Бакен Кыдыкеевадай зор таланттар көралбастыктын курмандыгы болушту го... Аттиң, бири кем дүнүйө, жашоо дегениң ушулбу?! Азыркы кезде керек болсо Бакен Кыдыкеева унутулуп бара жатат. Жаштардын чекесинен эле " Бакен Кыдыкеева ким?" деп сурасаңыз. Көпчүлүгү билбейт. Азыр деле арабызда таланттуу жазуучулар, актрисалар, актёрлор, ырчылар, бийчилер... бар, бирок алардын кимисин барктап жатабыз... Көрсө бул жашоо көчүн эч ким токтото албайт экен. Жашоо көчү ар кандай боёкторго шөкөттөлүп, адамзат көрпендечиликке баш ийип, жазылган жана жазылбаган мыйзамдары менен өз көчүн улай берет тура... Бир учурда таланттууларга кол сунуп, бешенесинен сылай турган бир мыкты инсан чыгат деген үмүт бар...

Мына ушундай түркүн ойлордун кучагында он жетинчи ааламда каалгып учуп жүргөнүмдө кайдандыр

алыс аралыктан Брамстын төртүнчү симфониясы угулду... Бакен Кыдыкееванын жаркын элеси көз алдыма элестеп турду. Анын элеси Улуу тоого жүзүн жашырып, кызыл нурлары менен батыш жакты боёп кетип бара жаткан күн менен кошо жашынып, менден алыстап бара жатты. Ошол жакты карап "Оо, залкар талант Бакен Кыдыкееванын тагдырын эмес, таланттын бер азыркы жаштарга!" деп алакан жайып чын ниетим менен сурандым жараткандан. Улуу актрисанын турмушу жана чыгармачылык жолу жаштарга тарбия болсун деген аруу ниет менен өзүмдүн адамдык парзым катары ушул китепти жаздым.







Бакен Кыдыкеева советтик жана кыргыз театр, кино актрисасы. Ал 1923-жылы 20-октябрда Төкөлдөш айылында (учурда Бишкек шаары) туулган.Орто мектепти 7-класска чейин окуп, окуусун 1936-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргызстан жаш көрүүчүлөр театрында (учурда Б.Кыдыкеева атындагы жаштар жана жаш көрүүчүлөр мамлекеттик театры) уланткан.Борбор Азия элдеринен чыккан улуу таланттардын алдыңкы катарында турган улуу актриса мугалимдин үй-бүлөсүнөн тарбия алган. Бакен Кыдыкееванын атасы, анын театралдык окуусуна каршы болгондугуна байланыштуу, ал 14 жашында театрды таштоого мажбур болот. Театрга келип,

кетүүгө арыз жазаар күнү, театрдын режиссёру А. Самарин-Волжский Бакен Кыдыкееванын эмне жумуш менен келгенин ойго албай, Лопе де Веганын " Койлуу булак"(«Овечий источник») спектаклине башкы каарман Лауренсиянын ролун берет. Бакен Кыдыкеева, арыз жазуу үчүн келгенин айта албай рольдон баш тартпай аны алат. Атасынын каарынан коркуп, бир нече күн үйүнө келген эмес. Театрдагы биринчи башкы ролду ойноорун ойноп, а бирок атасынан коркот. Спектакль жөнүндө ошол кездеги «Кызыл Кыргызстан» гезитине макталып чыгат. Үйүнө келсе эшик алдында гезит окуп жаткан атасын көрөт. Атасы Бакен Кыдыкееванын жанына басып келип - "Бакен, бул жерде жазылып жүрөт: Бакен Кыдыкеева «Овечий источник» спектаклинде башкы каармандын ролун мыкты аткарды" – деп жазылып жүрөт. Бул сенсиңби?" Бакен Кыдыкеева корккондугунан башын ийкегенде, атасы чекесинен сүйүп, анын эң биринчи күйөрманы болуп калат. Залкар актриса алгачкы ролун он жети жашында Лопе де Веганын "Койлуу булак" («Овечий источник») спектаклинде Лауренсини ойногон. Бул образды жаратуу менен кыргыз театр сахнасында өчпөс, талант жаралганы айкын болгон. Ачык айтканда Б.Кыдыкеева кыргыздын легендарлуу актрисасы. Ал 20-кылымдагы кыргыз улуттук театры менен киносунун карылгачтарынын катарына кирет. Алгачкы ролу испан драматургу Лопе де Веганын "Койлуу булак" баатырдык драмасындагы Лауренсиянын ролу менен кыргыз көрүүчүлөрүнө дароо таанылган. Б.Кыдыкеева трагедияны, драманы, комедияны бирдей деңгээлде ойной билген универсал талант. Айрыкча психологиялык образдардын өтө кылдат устасы. Кыргыз театры менен киносунун өтө ак сөөк таланты.

Бакен Кыдыкеева эң оор "Көкүл" тасмасында Гүлайымдын, "Саринжи Бөкөйдө" Берметтин образын жаратып, кыргыз кино калаасында өз ордун тапкан. Кийин



алгачкы улуттук көркөм фильм "Салтанатта" Кыргыздын алгачкы толук метраждуу көркөм фильми "Салтанатта" кыргыз актрисаларынын ичинен ага Салтанаттын образын жаратуу бактысы туш болгон. Мына ушул образы менен кыргыз элин СССРге жана дүйнөгө тааныткан.

Ал өзүнүн кыска өмүрүндө Кыргыз-Совет актрисасы, СССРдин эл артистти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси болгон. Ленин ордени менен сыйланган. Бакен Кыдыкееванын чыгармачылык тагдыры карапайым элге дайыма жайдары, салтанатка бөлөнүп жүргөндөй таасир калтырганы менен атак-даңкка бөлөнгөн таланттын көшөгө артындагы турмушу кандай драмалуу экенин көпчүлүк биле бербейт…

***

1941-1944-жылдары Пржевальск жана Нарын шаарынын областтык театрларынын актрисасы, 1944-жылдан баштап Кыргыз академиялык драма театрынын актрисасы болуп эмгектенет. Бакен Кыдыкеева өз таланты менен кыргыз сахнасын багынтып, кино жаатында да ролдорду аткарган. Анын чыгармачылык биографиясында жүздөн ашык театр жана кино ролдору бар. Аны "алгачкы" деп аташкан, анткени Бакен Кыдыкеева алгачкылардан болуп Шекспирдеги айымдардын ролдорун жана башка дүйнөлүк пьесалардын авторлорунун чыгармаларын кыргыз сахнасына алып чыккан. Ал биринчилерден болуп, алгачкы улуттук толук метраждуу "Салтанат" деп аталган кинотасмасында баш каармандын ролун аткарган. Чыңгыз Айтматовдун «Бетме-бет» чыгармасы боюнча жазылган спекталинде биринчилерден болуп Сейденин ролун аткарган.

Бакен Кыдыкеева бир гана Кыргызстанда эмес, аны кошуна өзбек, казак киностудиялары байма-бай чакырып турушкан. Кыргыз ССР кинематографистер Бирикмесинин

мүчөсү. 1970-жылы СССР эл артисти наамын алган. Үч жолу турмушка чыккан. 33 жашында кызы кырсыктан каза болгон, эки уулу бар. Алардын бири апасынын жолуна түшүп музыка жаатында эмгектенген. Бакен эжебиз он төрт жашынан тартып театр өнөрүнө аралашып, кийин жалпы улуттук деңгээлдеги улуу актрисага айланды. Мындай дөөлөткө жалпы улуттук масштабдагы улуу инсандын кадыр баркына ээ болгон өнөр ээлери кыргыз элинде өтө сейрек. Ошол сейрек инсандардын бири Бакен Кыдыкеева. Ал ушул өзгөчөлүгү эпикалык айкөлдүгү, даанышмандыгы дароо баамга түшө турган касиет. Улуу актрисанын европалык репертуардан тартып, орус драматургиясы, кыргыз пьесаларында жараткан ар кыл образдарын бириктирип турган ички жалпылык алардын рухий дүйнөлөрүнүн айкөлдүгү. Сабырдуулук айкөлдүктүн башаты. Сабырдуулук даанышмандыктын белгиси. Кыязы "Бакен, Бакен" атыгып, эл оозунан түшпөй, кыргыздардын жүрөгүнө өтө сүймөнчүлүктүү болгонунун эң башкы сыры да актрисанын ушул касиети. Дегинкиси, театр адистеринин, калемгерлердин мүнөздөмөсү менен "эл кызы" атка ээ болгон улуу актриса кыргыз театры үчүн кайталангыс, уникалдуу инсан. Бакен Кыдыкеева сахналык жашоосунда да, жеке турмушунда да чыгармачылык деген ыйык сезимге аяр мамиле кылган, алпештеп таза сактаган, ошого берилген, аны эч качан сатпаган адам. Тагдырдын кандай гана соккулары болбосун кабагым кашым дебестен, солк этпей көтөрө билген, эрки күчтүү аялзаты.

Кыргыздын улуттук алгачкы толук метраждуу көркөм киносу да Бакен Кыдыкеева менен байланышкан. "Салтанат" чыны менен эле "кыргыз кереметт" деп аталган улуттук кинонун чыныгы салтанаты болуп калды. Бул кино-улуттук көркөм маданияттын символуна айланды. "Төкөлдөштүн төрт кызы" деп атагы кеткен



Сабира Күмүшалиева, Сайра Кийизбаева, Даркүл Күйүкова эжелеринин эң кенжеси, тирүү легендага айланганы Бакен Кыдыкеева болуп эсептелет.

***

Улуттук көркөм маданияттагы баасы жөнүндө улам жаңы көз караш жаралып турарында эч кандай шек жок. Бакен Кыдыкеева жараткан образдар кылымдарга чейин ташка тамга баскандай болуп сакталып турат. Кыскасы, Бакен Кыдыкееванын таланты улуттук тарыхта өз баасын алды. Таттыбүбү театрга жаңы келгенде өзү «шефтикке» алып (ал кезде жаңы келген артисттерди тажрыйбалуу актерлор көзөмөлдөп турушчу экен), ошондон тартып Таттыбүбүнү өлгөнгө чейин коргоп келген жалгыз адам — Бакен эже болгон дешет. Таттыбүбү өлгөндө да жүрөгү сыздап, «Таттыбүбү бизге берилген жаратылыштын баа жеткис, татынакай белеги эле. Ал биздин сахнага кокусунан учуп келип калган кереметтүү аккуу болчу. Биз аны баркына жетип, баалай албагандан соң, арабыздан көздөн кайым болуп учуп кетти. Биз болсо анын талантын баалабай келатабыз» — деп айтканы бар. Ушул аркылуу ал өзү жөнүндө да айтып алганын байкабаса керек…

Учурунда сахнада, кинотасмаларда мыкты ролдорду жараткан Кыдыкеева театрга келгенде чымындын учканы да угулуп турчу деп эскеришет замандаштары. Театрдагы ызы-чуу, башаламандыкты жактырчу эмес. Театр — бул маданияттын храмы деп мамиле жасачу. Таланты ташкындап сыртынан телегейи тегиз көрүнгөнү менен, Кыдыкееванын сахна артындагы жашоосу оор эле болгон. Аны театрдан эки жолу чыгарышкан. Театрдын артисттери аны таланты менен жолубузду тосот дештиби, айтор 1960-жылдары театрдан чыгарышкан. Бакен Кыдыкеева кинодо жүрүп, кайра ошол кездеги министрдин буйругу менен театрга кабыл алынган. Кийин да күүлүү-күчтүү кезинде

эле аны пенсияга узатып коюшкан. «Колдо бар алтындын баркы жок» дегендей, ал акыркы жылдары эч кимге кереги жок адамдай көчөдө калганын замандаштары айтып келишет. Залкар таланттын трагедиялуу тагдырына жеке турмушунун бир нукка салынбаганы себеп болсо керек.

Алгач театрда иштеп жүргөн жылдары торайгырлык Абды деген жигит экөө бири-бирин жактырып, арзыганына турмушка чыгып, бир кыздуу болгон. Жолдошу бир туугандарынын айтканынан чыгалбай, Бакен эженин театрда иштегенине каршы чыгып, чыгармачылыкты таштоосун талап кылат. Ошондо актриса бармактайынан театрга келип, таланты ташкындаган чыгармачылык инсан болгондуктан жеке турмуштук бактысынан кечип, күйөөсүн таштап, кызын алып театрды тандап, баса берген. Эгерде жолдошу шарт түзүп, кыргыздын үрп-адаттары тосқоол болбогондо жеке турмушу да бузулбай, жашоосу да жакшы өңүттө өтөт беле деген ой келет. Үй-бүлөлүк бактысын курмандыкка чалып, чыгармачылыкка баш-оту менен кирген Бакен Кыдыкеева экинчи сүйүүгө кабылып, таланттуу театр режиссёру Ажыгабыл Айдаркуловко турмушка чыгат. Бирок, "багы жокко дагы жок" дегендей жаңы үйлөнгөндө эле Ажыгабыл автокырсыктан көз жумат. Күйүтүн ичине катып, азалуу жүрсө да тагдырдын оор түйшүгүн кабагым-кашым дебей көтөрүп жашаган. Андан соң дагы бир ирет азыркы балдарынын атасы менен таанышып, турмуш курат. Тилекке каршы, андан да чекеси жылып жыргабай, ажырашууга мажбур болгон. Эженин бактысыз турмушунун драмасы мына ушунда.

Андан соң дагы бир адамга турмушка чыгып, аны менен оту күйүшпөй ажырашып кетет. Жолдошу менен баягы эле көралбас айрым кесиптештеринин кесепетинен ажырашып тынганы аз келгенсип, актриса театрдан да чыгарылат. Кандай гана түмөн түйшүк менен жашап, эч



кимге сыр билгизбей, сахнада, экранда жаркылдап жүрөр эле. Актрисанын ушундай жаркылдаган жүзүн көргөндөр "Бакенден бактылуу эч ким жок" деп ойлошчу. Азыр деле экрандан көргөндө жыргал турмушту башынан кечирген бактылуу жандай сезилет.

Театрсыз жашоосун элестете албаган талант башка эч жерде иштебей, бир топ жыл иши жок жүргөн. Түйшүктүү тагдырын жүзүнө чыгарбай канча аракет кылганы менен тагдыр түрткөн тайгак жолго тайгаланып оо дүйнөгө кете берди... Бакен эженин көзү өткөндөн кийин да анын атын чыгарбоого аракет кылгандар болгон. Анын ысымын театрга ыйгарттыргысы келбегендердин айынан көп убакыт берилбей жүрдү. Бакен Кыдыкееванын көз жумганына он жыл болгондон кийин гана жаштар театрына анын ысымы ыйгарылган.

***

Чыгармачылыкта, айрыкча театр, кино жаатында дайыма көралбастык, ич күйдүлүк өкүм сүрүп келет эмеспи. Замандаштарынын эскерүүсүндө Бакен Кыдыкееваны да көралбагандар, анын жасаган ишине, жашоосуна ичи күйгөндөр болгон. Эженин айлана-чөйрөсүндө чогуу жүргөндөр, бирге иштешкен айрым кесиптештери анын тегерегинде ар кандай ушак кептерди таратып, жалган жалаа жаап, жолдошу менен ажырашууга себеп түзүшкөн. Көралбастык, ичи тардык анын чыгармачылыгында да кездешпей койгон эмес. 1958-жылы Москвада өткөн Кыргыз ССРинин искусствосу менен адабиятынын экинчи декадасында элибиздин тунгуч көркөм фильми "Салтанат" көрсөтүлүп, борбордогу көрүүчүлөр менен сынчылардын эң жогорку баасына татыган. Бакен Кыдыкеева Салтанаттын образын жаратканы үчүн фильм ушундай баага татыганын көргөндөр баалашып, бир ооздон колдошкон. Бул

фильмден тышкары Бакен Кыдыкеева "Курманбек" спектаклинде Айганыштын кайталангыс образын жаратып, москвалыктарды суктанткан. Ал эми наам берүүгө келгенде эмнегедир СССРдин Эл артистигине көргөзүлүп аткан тизмеден чийилип калган. Көрсө, жанында жүргөн кесиптештери СССРдин маданият министрлигине жамандап барып, наам бердирбей коюуга жетишиптир. Туура он эки жыл өткөн соң 1970-жылы СССРдин Эл артистигин алган. Алтымышынчы жылдары ичи тар кесиптештери актрисаны театрдан чыгартышкан. Ушундай көралбастыктын кесепетинен Бакен Кыдыкеева бир топ жыл иши жок, бош жүргөнү маалым. Көралбай, ичи тарлануунун ордуна Бакен эжедей театр чеберине, кыргыз киносунун жылдызы болгон улуу инсанга өзгөчө мамиле кыла билүү зарыл болчу. Дегеле өсө турган эл өз талантын сыйласа, камкордук кылса болмок. Сахна жылдызына айланып жүрүп кереги жок буюмдай ыргытылганына армандап, дүйнөсү тарып, ичкиликке моюн сунса керек. Себеби актриса өмүрүнүн акыркы жылдары ичкиликке ооп кеткенин айтып жүрүшпөйбү. Театрда иштегендердин айрымдары "эже эски боз плащын кийип алып, театрдын босогосунда нес болуп олтурганын көргөндө зээнибиз кейичү. Жарыбаган пенсиясы менен эптеп күн көрүп калган" деп эскеришет. Ошентип алсыз болуп, бешенесине жазган ачуу тагдырына наараазы абалда жүргөндө жаштар театры Бакен Кыдыкееваны кызматка алып, колунан келген жардамын бериптир. Азыр ал театр Бакен Кыдыкееванын наамын алып жүрөт.Эгер бут тосуу, ич күйдүлүк өкүм сүрбөй, Бакен Кыдыкееваны бапестеп-барктап алганыбызда мындан да мыкты образдардын, чыгармачылык бийиктиктердин күбөсү болмокпуз. Аттиң десең… Чыгармачылыгы гүлдөп турган кезде театрдан чыгартылганы Бакен Кыдыкееваны да, театр менен кинону да канча нерседен өксүк кылды. Кийин 80-жылдары да



Кыдыкеевага роль бердиргиси келбей, ичи тарланган жаш кесиптештери да болгон...

***

Чыгармачылык жолун 1936-жылы Бишкектеги жаш көрүүчүлөр театрынан баштаган.1941-жылы Каракол драма театрында, 1942-43-жылдары Нарын театрында, 1944-жылдан 1989-жылга чейин Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында артист. 1990-1993-жылдары Кыргыз республикалык жаш жеткинчектер театрында (ТЮЗ) иштеген. Ысымы Кыргыз республикалык жаш жеткинчектер театрына (ТЮЗ)берилген (2000-жыл).Токмок шаарында эстелиги коюлган. Чүй облусу республиканын театрларынын мыкты актрисаларынын эмгектери үчүн Бакен Кыдыкеева атындагы сыйлык уюштурган. Драматург Ж.Кулмамбетов Бакен Кыдыкеева жөнүндө "Талант жана тагдыр" деген драма жазып, ал 2004-жылы Б.Кыдыкеева атындагы Кыргыз республикалык жаш жеткинчектер театрында (ТЮЗ) коюлган.

***

**Бакен Кыдыкеева эже тууралуу изилдеп жазып жатып, анын жашап өткөн өмүрү мага өзгөчө таасир калтырды. Кудайым эжебизге зор талантты, сулуулукту, урмат-сыйды бергени менен аялдык бакыттан өксүтүп койгон экен. Көрсө ар бир адамдын өзүнө буюруган тагдыры болот турбайбы? Урматтуу окурмандарым, ар дайым күчтүү болгула! Жашоодо кездешкен кыйынчылыктарга басылбагыла! Эч качан өзүңөрдү таштабагыла! Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов айткандай ар бир күнү адам болуп жашагыла! Адамдык сапатыңарды жоготпогула,-деп окурмандарыма айткым келди!**

***Бакен Кыдыкеева эжебиздин ойго салган тагдырынан улам ушул новелланы жаздым.***

**Бизди кечириңиз, Бакен эже!**

(Новелла)

Күздүн мелүүн тарткан жели Айжаркындын тармалданган саамайынан сылап эркелеткен сайын, анын жүрөгү алып учуп өзүн бактылуу сезип турду. Атагы кыргыз жергесинин булуң-бурчуна жеткен таланттуу актриса менен жолугушуу убактысы жакындаган сайын анын жүрөгү бир башкача түрсүлдөп жарылып кетчүдөй туюлду. Зор талантка суктануунун керемет күчү аны магниттей өзүнө тартып, буту өзү эле жеңил басып болжошкон жерге шашып бара жатты. Айжаркындын көз алдына Бакен Кыдыкееванын сүйкүмдүү сулуу жүзү, желге сеңселген тармал чачы, кийген кийими жарашкан узун бою бир заматта тартыла түштү. Айжаркын толкундана өз алдынча жылмайды. Жол жээгинде гүл саткан аялдан кыпкызыл жоогазын гүлдөрүнөн бир букет жасатып алды. Улам колундагы букетин карап, бажырайган жоогазын гүлдөрүн колу менен аяр сылап койду. Тратуар менен басып саябандуу байтеректин көлөкөсүндө жайгашкан жыгач отургучка отура кетти. Ары-бери сергүүндөп экиден жупташып жүрүшкөн жаштарды көрүп, аларга тымызын суктана карап отурду. Жолдо келе жатып күркөдөн сатып алган “Советтик Кыргызстан” гезитин колуна алып биринчи бетине көз жүгүрттү. Андагы Кыргыз Эл артисти Бакен Кыдыкеева Толгонайдын образын жаратканы үчүн СССРдин Эл артисти наамына жана Бүткүл Союздук фестивалда “Аялзаттын образын эң мыкты жараткан” деген наамга ээ болду, -деген маалыматты окуп, өзү сыйлыкка ээ болгондой болуп толкунданды. Бакен Кыдыкееванын гезиттеги бажырайып күлүп түшкөн сүрөтүн көкүрөгүнө аяр тийгизди. Мындай учурда убакыт кашаң аттай ташыркап туруп алат эмеспи. Айжаркынга аз калган мүнөттөр айга, жылга тете болуп кетти. Ал кыялдарга бата берди.



Улуу актрисага: “Саламатсызбы, эжеке сиз менен кыргыз эли сыймыктанат! Мен да сиз менен сыймыктанам! Сиздин талантыңызга таазим кылып келдим. Мен сизден таалим алып, сиздей таланттуу актриса болгум келет.” - деп айтсамбы? Жок антип айтууга болбойт. Мени менен сүйлөшпөй койсочу? А мүмкүн азыр сыртка чыкпасачы? Кой, убакыт жакындап калды театрдын ичине кирип сураштырайынчы? Мүмкүн мени унутуп койгондур? Эженин менден башка дагы иштери көп да. Ушундай ойлор менен Айжаркын театрды көздөй кадам таштады. Кыргыз Драм театрынын жанына келгенде тык токтоду. Театрдын сырткы көрүнүшүнө суктанып карап тура берди. Көп убакыт өткөндөй сезилди. Колундагы кичинекей чынжырчасы бар саатын караса жолугушчу маалга дагы жыйырма мүнөт бар экен. Бир азга токтоп турду. Мурда келип кетип жүргөн театрдын эшигин ачып ичкери башкача бир сезим менен кирди. Театрдын залына баш бакты. Чын эле эже сахнада экен. Анын сахнага чыгып алып ары бери басып турганын көрүп Айжаркын сахнаны көздөй басты. Өзүн көздөй жадырап жайнап жоогазын гүлүн көтөрүп келе жаткан жаш кызды көрүп, Бакен тигиле карап туруп калды. Ал оюнда “бул ким өзү, студентпи, же жөн эле сүйлөшкүсү келген кызбы? Азыр ким эле жөн эле гүл көтөрүп келмек эле” деген ойлорду ойлоп турганда.

Айжаркын: -Саламатсызбы эже?

-Саламатчылык ,-деген суз үндү угуп Айжаркын селт этип, бет маңдайында турган Бакенди тигиле карап туруп

калды. Айжаркын гүлүн бекем кармап, ыңгайсыз туруп калганын көрүп Бакен Айжаркынды көздөй колун созуп:

- Ии, кел-келегой. Келипсиң.

-Мен сизге келдим.

-Сен ким элең?

-Мени тааныбайсыз. Сиздин күйөрманыңызмын, сизди Кыргызстандын эли гана эмес бүткүл Орто Азия элдери таанышат. А мен болсо сиз менен бетме-бет отуруп таанышайын деп келдим. Сиз жараткан ар бир образ мага абдан жагат. Мындан бир жума мурда сиз менен курсташтарым болуп Искусство институнун залында сүйлөшкөндө "театрдын жанындагы отургучтан жолугушалы" дегениңизден, бүгүн жолугушууга жалгыз келдим.

-Мен силерге айткан сөзүмдү унуткан жокмун. Жолугушууга дагы он беш мүнөт убакыт бар да. Берки курбуларыңдын иштери болуп калдыбы?

-Ооба, сиз айткандай алардын колдору бошобой калышты,-деп Айжаркын кол саатын караса чын эле дагы он беш мүнөт бар экен. Эженин тактыгына, баласынтпай жоопкерчилик менен мамиле жасаганына абдан ыраазы болуп, актрисаны жалдырап таңдануу менен карап тура берди.

-Сен чын эле менин күйөрманым турбайсыңбы? Айтылган сөз, атылган ок дегендей. Айткан сөз, берген антка тете "Сөзүң өлгөнчө өзүң өл" дегендей айткан сөзгө туруу адамдыктын чыныгы белгиси. Азыркы жаштар өздөрү сүйлөгөн сөздөрүнө жоопкерчиликтүү мамиле жасашканды анча биле беришпейт. Атың ким? ,- деп, өктөм үн менен сурап, бир аз ойго батып туруп, жарк этип күлүп жиберди. Айжаркын сумкесинен гезитти алып Бакенге берди. Колундагы гүлдү да сунду.

-Атым Айжаркын, эже сиздин сыйлыгыңыз кут болсун! Бул жакшы кабарды гезиттен окуп билдим.



-Рахмат,спетакль учурунда гүл бергендер абдан көп, бирок азыр алган сыйлыгымды гүл менен куттуктаган биринчи адам сен болдуң. Атың аябай жакшы экен. Ата-энең айдай болуп көктө дайыма жаркыраган, башкалардан айырмаланган таза, бийик кыз болсун деген тилек менен коюшса керек ээ? Жүрөгой, бул жерде тура бербей, ичкери кирели.

Өзүң студент болсоң, анан мага гүл алып келгениң кандай?

-Сизди менин ата-энем аябай жакшы көрүшөт. Сиз образ жараткан кинолорду калтырбай көрөбүз. "Саманчынын жолу" киносун көргөндөн эч тажабайбыз. Чоң апам көргөн сайын ыйлай берет. Чоң апама кошулуп биз ыйлайбыз. Менин апам: "Кинодогу Толгонай ападай болуп, менин да апам Маймак станциясынан атам менен бирге эки агамды согушка жөнөтүп, поездди кубалап чуркап отуруп, мурду канап карга чалкасынан жатып калган экен. Кан күйгөн согуштан үчөө тең кайтпай калышты. Мен жалгыз кыз болуп чоңойдум. Жалгыз деген эң жаман экен. Апам турмушка чыккан жок. 98 жашка чыгып каза болду. Өмүрүнүн акырына чейин Маймак станциясынан атам менен бирге эки уулун согушка жөнөткөн учурун ыйлап айтып жүрдү,"-деп дайыма айтат. Мен таенемди көргөн жокмун. Мен төрөлө электе эле каза болуп калган экен.

-Апаң барбы?

-Апам, атам, атамдын эжеси бар. Алар чогуу айылда жашашат.

-Чыңгыз Айтматов "Саманчынын жолу" чыгармасын чындык турмуштан алып жазган үчүн кыргыз элинин гана эмес дүйнө жүзүнүн элдеринин жүрөктөрүнөн түнөк алып жашап жатат. Анткени ошол Улуу Ата Мекендик согуш учурунда дүйнө элдеринин тилеги согуш токтоп, жер жүзүндө тынчтык өкүм сүрсө деген гана тилек болгон.

Элдин тилеги орундалып Жеңиш көптөгөн жоготуу менен келди. Андан бери коп жыл өттү. Бирок эл эсинен, согуштун апаат күндөрү эч чыкпай сакталып калды. Элдин жаркын келечеги үчүн курман болгон баатырлардын ысымдарын карапайым эл эч качан унутбайт. Чыңгыз Айтматов "Саманчынын жолу" чыгармасында ошол учурдагы жалпы элдин турмушун, кайгы муңун сүрөттөп жазгандыктан, чыгарма кыргыз элинин жүрөгүндө түбөлүккө жашай берет. Бакен толкунданып сүйлөп турганда жарашыктуу кийинген, Айжаркындан бир топ жаш улуу бир кыз үнүн каттуу чыгарып "Ай Марат каякта жүрөсүң?" деп кыйкырганда, Бакен аны бурулуп карап туруп: -Ай, эмне сен базарда, же көчөдө жүрөсүңбү? Эмне мынча, жаман аялдай болуп жапайы чаңырык менен кыйкырасың? Бул жер театр экенин унутуп калдыңбы? Театр-баарыбыз үчүн эң ыйык жай, элибиздин маданиятынын очогу. Келген адамдар биздин ар бир кыймылыбызды карап, сынап, үлгү алып, өнөрүбүзгө күбө болушуп, ырахат алып, эс алып кетип туруулары керек. Ошондуктан, биз бардык жагыбыз менен маданияттын эталону болушубуз зарыл. Баарыбыз, эмгегибиз менен театрдын храмын курууга милдеттүүбүз.

Айжаркын сүйлөп турган Бакенди эстен тана карап тура берди. Бакен Айжаркынды колунан тартканда гана өзүнө келип уйкудан ойгонгонсуп селт этип кетти. Бакен: -рахат! Бул элдин сыйы, элдин урматтоосу баарынан жогорку сый урмат! Рахмат сага Айжаркын. Каякта окуйсуң?

-Мен искусство институнда окуймун.

-Аа, абдан жакшы. Турган турпатың, сүйлөгөнүң көп нерсени үмүттөндүрүп турат. Бирок абдан жумшак экенсиң. Өзүңө бекем болушуң керек. Аракеттенип талыкпай издене бил. Турмуштун, чыгармачылыктын



бардык кыйынчылыктарына чыдай билсең гана сен бийик максаттарды багындыра аласың.

-Рахмат, сиздей атактуу актриса болгум келет.

Бакен бир азга ойлонуп туруп, бир маалда булуттан чыккан күндөй болуп жаркырап: -Тилеген тилегиңе жет. Мендей эмес, телегейи тегиз, эл кадырлап сыйлаган актриса бол! – деп, Айжаркындын бешенесинен өөп койду. Столдун үстүндө турган сумкесинен кичинекей атыр менен кызыл гүлдөрү бар жүз арчыны алып, Айжаркындын колуна карматып: -Менин жупуну белегимди алып кой,-дегенде. Айжаркын:

-Ой, эже жөн коюңузчу? Мен сиз менен жакындан сүйлөшөйүн деп гана келдим.

-Баарын билип турамын, адам театрдын астанасын, гүл көтөрүп жөн эле аттабайт. Сенин жүрөгүңдө театрга болгон чоң сүйүү бар. Ошол чоң сүйүүнүн илеби сени театрга алып келди. Театр өнөрү өлбөс өнөр. Ошол театр өнөрүнө болгон сүйүү, кызыгуу келечекке карай умтулууга зор өбөлгө болот. Мен да сендей жаш кезимде тартынчаак, өтө эле ыймандуу болчумун. Театрга болгон өзгөчө каалоом, сүйүүм ушул бийиктикти багындырды. Бирок адамзаттагы ичи тарлык, көрө албастык менен болгон күрөшүүгө дараметим жетеби? Билбейм... Ошондуктан сен абдан күчтүү болушуң керек. Өзүңдүн күчүң, эркиң болоттой бекем болсо гана сен көп ийгиликке жетишесиң...

Эшикти ачып дагы бир кыска бойлуу жаш кыз келип: -Бакен эже сизди чакырып жатат? - дегенде.

-Азыр мага мейман келиптир, жөнөтүп коюп барамын, дагы кайсы ушакты айтышып башымды оорутушат.

-Эже руксат берсеңиз мен кете берейин?

Бакен колундагы бир букет жоогазын гүлүн залда турган чоң жыгач столдун үстүнө койду. Айжаркынга жакын келип:

-Жүр бул жерден чыгып, бир жерге отуруп сүйлөшөлүчү?

Бакен басып барып, бир букет гүлдү кайра колуна алды. Айжаркын менен Бакен залдан чыгып, бир кичинекей бош бөлмөгө кирищти, бөлмөдө жыгачтан жасалган эскилиги жеткен бир стол, бири эски, бири жаңы эки стул гана бар экен. Экөө эки стулга маңдай тескей болуп отурушту. Сөздү Бакен баштады.

-Канчанчы курста окуйсуң?

-Үчүнчү курста окуймун.

-Аа, жакшы. Көп нерсени билип калган экенсиң. Эмнеге ушул кезге чейин, сени бир жолу да көргөн эмесмин? Сен жулунбаган, оор басырыктуу кыз окшойсуң, мындай мүнөзүң менен актриса боло албайсың.

-Эмнеге?-деп Айжаркын отурган жеринен туруп, кайра көңүлсүз отургучка отуруп калды. Айжаркын жерди карап: -Эже, мен сиз менен үч-төрт жолу жолукканмын. Сиз мага да менин жанымдагы кыздарга да анча көңүл бөлгөн эмессиз. Сиздин жаныңызда туруп, сөзүңүздү угуу биз үчүн зор бакыт.

-Жаштар баарыңар окшошсуңар. Эч кандай айырмаңар жок. Адамдын көңүлүн буруу үчүн айырма болуш керек. Искусство институту эмес, Москва, Лондондон окусаң да кудай ыроологон талант жок болсо кимдин көңүлү бурулат силерге. Билим болгону менен көрөңгө, талант, талыкпаган эмгек болбосо маданият өксүк боюнча кала берет. Маданият, маданият деп эле миң кайталап келе жатабыз. Деги маданият деген өзү эмне экенин билесиңби?

-Билем. Маданият деген адептүүлүк, ыймандуулук.

-Туура айтасың адептүүлүктү ыймандуулукту маданиятыбыздын башаты дейбиз. Бирок, биз маданиятыбызды кино, театрда чагылдырып дүйнө элине



таанытсак гана, маданиятыбызды өстүрүп өркүндөткөн болобуз.

-Мага сиз аткарган ролдордун баары абдан жагат. Сизди кыргыз театры менен киносунун ханышасындай сезем.

-Ой, чоң рахмат. Мени абдан көкөлөтүп жибердиң го.

-Чын ниетим менен айтып жатам. Театрга сизди көрүү үчүн гана эл келип жатат. Мен да сизди көрүү үчүн гана келем. Сиздин талантыңызды кыргыз эли жашап турганда баалайт.

-Чоң рахмат мактоо сөздөрүңө. Эл менин эмгегимди баалаca болду. Мен үчүн элдин сый урматы баарынан жогору. Кичинекей кыз болсоң дагы, убакыт бөлүп мени издеп келип айткан жакшы сөздөрүң менин жан дүйнөмө жакшылыктын жарыгын чачып, күч кубат берди. Рахмат келгениңе. Кудай буюруса дагы көп жолу жолугабыз.

-Эже, сизге чоң рахмат. Кыргыз искусствосун дүйнөгө таанытa беришиңизди чын жүрөгүм менен каалайм. Жакшы калыңыз.

-Сага дагы адамзатындагы бардык жакшылыктарды каалаймын. Келечек жаштардыкы, бирок силер мендей эмес, менден бийик, менден таза, сабырдуу болгула!...

Айжаркын бөлмөдөн чыгып залды аралап басып сырткы эшиктин туткасын кармап артына кылчайса, Бакен аны узата карап залдын ортосунда башын бир жакка кыйшайтып, колуна Айжаркын берген бир букет жоогазын гүлүн кармап, узата карап туруптур. Айжаркын Бакенди чуркап барып бекем кучактап алгысы келди. Ал дагы бир саамга карап Бакенге колун булгалап сыртка чыкты.

Канат байлап ааламга учкусу келип, бул жашоого жаңы жаралгандай болуп маанайы жаркылдады. Жолдо келе жатып Айжаркын атак-даңкка бөлөнгөн залкар таланттын ушунчалык адамкерчиликтүүлүгүнө, жөнөкөйлүгүнө ыраазы болду. Сумкесине салган жүз

аарчыны алып, жүзүнө тийгизди. Атырды колуна кармап көрүп, кайра сумкесине салып койду. Жатаканасына барып курбусу Салимага учурдун залкар актрисасы Бакен менен жолугушканын айтып берди.

Салима: -Чын эле атакттуу актрисага жолуктуңбу? Мага деле айтсаң болмок. Мен да барат элем.

-Сага айттым го. Барбаймын деп койбодуңбу?

-Биз менен жолугушпай коёт дегенмин.

-Эмнеге?

-Анча-мынчаларды теңине албаган, бетке айткан, менменсинген аял деп айтышканын уккамын.

-Көрө албагандар айта беришет. Эч кимге ишенбе? Мен өзүм барып сүйлөшүп отуруп келдим. Аябай акылдуу, адамкерчиликтүү эже экен. Мага аябай жагып калды.

-Чын элеби?

-Ооба, сага чындыкты айтып турамын. Аябай сулуу экен. Карап эле тургуң келет. Эркек эмес мен ашык болдум.

-Жинди болбочу? Каяктагыны сүйлөп.

-Сен адамдын баркын билбейсиң. Мен келечекте Бакен Кыдыкеевадай атактуу актриса болгум келет.

-Аябай берилип алыпсың. Бир жолку жолугушуу ушунчалык таасир бердиби?

-Бир жолу жолугушуу да гана аябай берилип калган жокмун. Мектепте окуп жүргөндө эле таасирленип жүргөнмүн. Бакен Кыдыкеева эженин образ жараткан кинолорду калтырбай көрчүмүн. Биздин үй-бүлө "Саманчынын жолу" киносун кайталап көргөндөн эч тажабайт. "Саманчынын жолу" киносундагы Толгонайды көргөн сайын апам буркурап ыйлай берет, апама кошулуп биз ыйлачубуз. Менин апам өз апасын кинодогу Толгонай апага окшоштуруп элестете берет. Анткени таенем Маймак станциясынан күйөөсү менен бирге эки баласын согушка жөнөтүп, поездди кубалап чуркап отуруп, мурду канап



карга чалкасынан жатып калган экен. Ошол учурдагы окуялар кино лентасындай болуп дайыма көз алдына элестелип, апамдын жүрөгүндө өчпөс болуп сакталып калса керек. Кан күйгөн согуштан үчөө тең кайтпай калышты. Таенем турмушка чыккан жок. 98 жашка чыгып каза болду. Өмүрүнүн акырына чейин Маймак станциясынан күйөөсү менен бирге эки баласын күтүп жүрдү.

-Чын эле сенин Бакен эжени баалаганыңдын себеби бар экен. Айрымдар билбей эле сыртынан сөз кыла беришет тура. Ошондой адамдарга таң каламын. Жанында бирге жүргөнсүп, кантип болбогонду болду дешип ой келди сүйлөй беришет. Кудайдан коркушпайбы?

-Көралбагандар айта беришет. Бакен Кыдыкеева эже өзү "Актриса болуш үчүн биринчи кудай ыроологон талант, эмгек, туруктуулук, чечкиндүүлүк керек. Андан сырткары актриса болом деп далалаттанган адам сөзсүз түрдө күчтүү, өзүнө өзү ишенген адам болуусу зарыл ", - деп айтты. Мына ушундай касиеттер сенде да, менде да жок. Экөөбүз тең актриса боло албайбыз.

-Эмне деп жатасың? Биз үчүнчү курс болуп калдык, эми окуубузду таштайбыз керекби? Эптеп окууну бүтсөм, турмушка чыгамын. Айылда жашасам, мектепке мугалим болуп иштеймин. Баары бир мага чоң театрда орун жок экенин өзүм деле билемин. Эже чындыкты айткан. Чын эле атактуу актриса болуш үчүн татаал жолду басыш керек. Турмуштун дагы, театрдын дагы оор салмагын мен көтөрө албаймын. Үчүнчү курс болуп калсам да бир дагы ролго ээ боло элекмин. Мен абдан тартынчаакмын.

-Ээ, курбум сен өз тагдырыңды ушинтип чечип койдуңбу? Мен али эч нерсени ойлой элекмин. Мен эмне кылышым керек? Окууну улантышым керекпи?

-Менден сурап эмне кыласың? Сенин башың жакшы иштейт. Озүңдүн тагдырыңды өзүң чеч.

-Кой анда жакшылап ойлоноюн. Болду эми кечке чейин ар кайсынын кемпирлерче божурай бербейличи?

-Биз өз келечегибизди сүйлөшүп жатабыз. Кызык экенсиң, бул сөздү өзүң баштадың го, эми эмнеге өзүң чычалап жатасың.

-Мен чычалаганым жок. Актрисалык менин колуман келбейт экен деп мойнума алып жатамын. Кеч болуп кетти. Чарчадым. Уктайлы. Эртең сабакка барабыз.

Жарык өчтү. Бөлмөдөгү эки кыз караңгылыкта өз ойлору менен алышып жатып, көптө барышып уйкуга кетишти.

***

Жол жээгинде турушкан адамдардын арасында турган Айжаркын, жолдун аркы өйүзүнө өтүп бара жатты. Кайдандыр бир жеңил машине күү менен өтүп Айжаркынды дагы ага катарлаш басып бара жаткан аялды коюп кетти. Экөө томолонуп биринин үстүнө бири көмөлөнүп кулап түшүштү. Бир заматта эл тегеректеп калышты, "тез жардам" келип, аларды республикалык травмотологиялык ооруканага алып келди. Айжаркындын абалы абдан оор болгондуктан реанимация бөлүмүнө шыр алып кирищти. Аялдын оң буту сынып, эки тизесинин териси асфальтка сүрүлүп канап кеткендиктен дарыгерлер бутун кагып тазалашып, гипстеп палатага жаткырып коюшту. Аял улам реанимациянын эшигинин алдына чолондоп басып барып кудайдан жалынып турду. Укол сайган медсестра: -Эже, бул кыз кызыңызбы?

-Кызым деле эмес. Экөөбүз жолдо өтүп бараткanбыз. Бизди бир машине уруп кетти.

-Кудай бар экен, аман калдыңар. Эми көп жашайсыздар.



-Айтканың келсин. Айтчы байболгур кыздын абалы кандай?

-Аябай оор, азыр кичине жакшы болуп калды. Коркпоңуз бир-эки күндө жакшы болуп калат.

-Оозуңа май. Жакшы болуп кетсин. Окууга шашып бара жаткан студент кыз окшойт. Катарлаш басып келе жатып. Татынакай кыз экен деп бир карап койгонмун.

-Көзүңүз тийип кеткен го?

-Менин көзүм тийбей эле. Бул кокустук, кырсык.

-Ойлонбоңуз. Жакшы болуп кетесиздер. Күнүнө ар кандай оорулуулар келип түшүшөт. Баары жакшы болуп кетип жатышат. Оорулуулардын жакшы болуп кетиши биздин жараткан ийгилигибиз. Атыңыз ким? Каякта иштейсиз?

-Атым Күндөй, балдардын музыкалык мектебинде комуздан сабак беремин. Жумушка шашып бара жаткамын." Шашкан шайтандын иши" дегендей эле болду. Иштеген жериме кабарлап койдум. Дарыгер "беш күн жатыңыз, жакшы болуп калсаңыз үйдөн келип кетип дарылансаңыз болот" деп айтты.

-Коркпоңуз сиздин жаратыңыз жеңил экен. Азыр деле чыгып кетсеңиз болот. Бирок дарыгердин айтканын кылыңыз. Дарыгерди укпасаңыз болбойт. Биздин дарыгер абдан тактыкты талап кылган адам.

-Тиги кыз жакшы болуп кетсе болду.

-Ал кыздын абалы оор. Жакшы болуп кетет, бирок аябай көп жатат.

-Эмне болсо да сакайып кетсин. Реанимацияга кирип абалын билип келсеңиз жакшы болот эле?

-Азыр кире албаймын.

-Эмнеге?

-Ал жакка операция жасай турган медицина кызматкерлери гана киргенге укуктуу. Операция бүткөндөн кийин өзүңүз барып дарыгерден сурасаңыз

болот. Кичине жакшы болууда деп айтышканын уктум. Аябай оор, азыр кичине жакшы болуп калды. Коркпоңуз бир-эки күндө жакшы болуп калат, - деп азыр эле айттым го.

-Макул. Азыр жатып турайын.

-Сиз жатыңыз, азыр сизге басканга болбойт. Дарыгер көрсө урушат.

***

Айжаркындын ата-энеси айылдан келип, күнү-түнү реанимациянын эшигинин алдында турушту. Айжаркын үч күндөн кийин өзүнө келди  Айжаркындын ата-энеси сүйүнүчтөн кучакташып алып ыйлашты. Күндөй да аябай сүйүндү. Күндөй беш күндөн кийин ооруканадан чыгып кетти. Айжаркын болсо бир ай дегенде буту жерге тийип там-туң басты. Ал  мына ушул убакытта,  жашоодо адамга өмүр баарынан кымбаттыгын сезип, оорукчан адам көп нерседен өксүк болоорун билди. Жалдырап шыпты карап, эки буту гипстелип жатканда жашоодон үмүтүн үзө албай үмүт менен жашады. Баш жагында кудайга жалынып отурган апасын аяды. Бутум басып айыгып кетсем дарыгер болом деп максат койду. Ата-энеси болгон аракеттерин кызынын басып кетишине жумшашты. Акыры үмүттөрү актальп .үч ай дегенде Айжаркын сакайганы менен сол буту, чалыштап, аксап басып калды. Ушуга да каниет болушту. Айжаркын документтерин медициналык окуу жайга тапшырып студент болду. Убакыт деген зымырап өтүп окууну бүтүп медсестра болуп республикалык ооруканага орношту. Бул жерде беш жылдай иштеп, кошумча жумуш катары моргдо да иштеп жүрдү. Айжаркын турмушка чыгып бир балалуу болду. Бош болуп калганда жолдошу, эки баласы менен театрга барууну адат кылышкан. Театрдын репертуарын карап Бакен Кыдыкеева деген жазууну издейт, бирок таппайт. Кудай ай, деги Бакен Кыдыкеева эжеге эмне болду?-деп көп ойлончу болду.



Жумуштан эрте чыгып кичине уулун бакчадан алып жетелеп Кыргыз драм театрдын жанынан өтүп бара жатып театрды улам карап коюп басып бара жатып кимгедир урунуп алды. Коркуп кетип ким болду экен? - деп караса. Алдында боз эски плащчан, колунда эскилиги жеткен боз сумкеси бар, жолугу мойнуна түшкөн, чачынын аппак саамайлары сапсайган, көзүнүн нуру кеткен аялды көрүп коркуп кетти. Корккону менен алдында тааныш аялды көрүп чоочуду.

-Бул ким эле? - деп ойлонуп туруп калды. Көптө барып: - Сиз Бакен эжесизби? Белгилүү актриса Бакен Кыдыкеева эжесизби? - деп мукактана туруп калды. Тиги аял Айжаркындан жүзүн буруп басып кетти. Айжаркын анын артынан басып барып аялды колдон кармап: -Эже-е сизге эмне болду? Эмнеге сиз мындай абалга түшүп калдыңыз?

Бакен үнсүз Айжаркынды тиктеп, колун сунду. Эки колу калчылдап турду. Андан келген, жагымсыз, сасык жыттан жүрөгү айланып кетти. Ошондо гана анын арак ичип көчөдө селсаяк жашоодо  калганын билди. Билгени менен Айжаркындын колунан эмне келет. Болгону анын колуна жүз сом карматты. Бул жүз сому да, Айжаркындын сумкесинин чөнтөгүндөгү акыркы акчасы эле. Азыр колунда миллион сому болсо да карматмак. Бакен бирде колундагы жүз сомду, бирде  көзүнөн жашы мөлтүлдөп турган Айжаркынды таңдануу менен карап тура берди.

Бир кезде,  жанында турган Кыргыз драм театрынын ханышасы болгон актриса азыр көчө селсаягына айланып түртүлүп  калышына акылы жетпей турду. Бул тагдырбы, же жашоонун адамзат баш ийбеген, жазылбаган мыйзамыбы?...

Айжаркын ойлонуп акылы жетпей турду. Жашоонун мерездигине, адамзаттын андан да өткөн таш боордугуна, Айжаркын наалат айтып, уулун колунан жетелеп жолун

улантты. Бирок Айжаркындын жан жүйнөсүндө боорон болуп, азыркы көрүнүш жүрөгүн үшүттү. Ар кандай ойлор менен алпурушуп үйүнө кантип келгенин да билбей калды.

Үйүнө келсе  жолдошу Эрмек сыналгы көрүп отуруптур. Айжаркындын маанайы чөгүңкү келгенин көрүп:

-Көрдүңбү сыналгыда сенин сүйүктүү актриса эжең Бакен Кыдыкеева Жалил  Садыковдун « Манастын уулу Семетейде » Каныкейдин ролун  аткарып жатат. Сүйлөгөндөрү так, үнү өктөм, укмуш экен. Талантты чындап эле кудайым аябай бериптир. Айжаркын сыналгыны бир карап алып: -Таланты укмуш болгону менен тагдыры эң жаман болуп калган экен, эженин. Буга ким күнөөлүү? Коомчулукбу, өзүбү?

-Эмне бирдеме болдубу?

Айжаркын азыр эле көчөдөн Бакен Кыдыкееваны көргөнүн айтты. Эрмек да ойлонуп калды.

-Мүмкүн сен башканы көрүп алгандырсың? Ал эжеге окшош аялдыр?

-Жок, ал Бакен Кыдыкеева эже. Мен аны абдан жакшы тааныймын.

-Болду эми көп ойлонуп кейий бербе? Ар бир адамга ар кандай жашоо, ошого жараша бешенесине тагдыр жазылган да.

-Бакен Кыдыкеева эже жакшы тагдырда жашаганга татыктуу аял болчу!,-деп шолоктоп ыйлап жиберди.

-Болду көп ыйлай бербей. Мен деле эжеге жардам бергим келет. Бирок кантип жардам беремин. Азыр менин жумушум  жок. Мени, уулумду сен багып жатасың. Экөөбүздүн тең колубуздан эч жардам келбейт. Колундагы болгон жүз сомуңду берипсиң. Эртең эмне кылабыз? Мен чоң апамдан акча сурап келейинчи? Сен айлык алганча эптеп турарбыз. Мени да жумушка чакырып калышса



жакшы болот эле. Жумушум болсо эле биринчи айлыгымдан эжеге жардам беребиз.

-Чын элеби?

-Чындык сөзүм.

Айжаркын менен Эрмек бирине жетип, бирине жетпеген күндө  өз тирилчиликтерин улашып жатышты. А убакыт болсо,  суулдап колго кармалбай өтүүдө.

***

1993-жыл 30-декабрда кар жаап, суук болуп турган. Караңгы кирип калган маалда Дзержинский бульвары менен Жибек жолунун кесилишиндеги жолдон өтүп бараткан Бакен эжени машине коюп кетет. Тегеректеги эл дароо чогула калып, тез жардам чакырып, Кыдыкееваны ооруканага алып кетишет. 18 күн моргдо жаткан Бакен Кыдыкееваны жакындан билген адамдардын айтымында, ошол каргашалуу күн болуп калды. Аны коюп кеткен унаанын ээси “Бакен Кыдыкеева өзү келип урунду” деген көрсөтмө берип кутулган деген кеп бар. Анткени бул окуянын артынан сая  түшүп кунун кубалаган уулдары, кызыккан кесиптештери болгон эмес. Коомчулук  да  улуу актрисанын өлүмүнө кайдыгер карап кол шилтеп койгон экен.

***

Коёндой бири-бирине окшош өткөн күндөрүнөн эч жадабай Айжаркын жумушунда иштеп жүрдү. Башкы дарыгер чогулушта: -Биздин моргдо өздүгү аныктала элек бир өлүк  18 күндөн бери жатат. Бүгүн акыркы күн. Мындан ары кармаганга болбойт. Целофанга ороп көмүшүбүз керек. Баарысы отуруп ойлонушуп калышты. Айрымдар кейип да алышты. Дарыгер Батила ачык эле : -Кудай бизге жакшы өлүм берсин деп тилеп жүрөлү. Өз жерибизде эле көмүлбөй, өздүгүбүз аныкталбай, эч ким

издебей, өлүгүбүз өлүканада жатып калбасын. Эмне деген трагедия? 18 күндөн бери бир киши издебейт! -деп сүйлөндү.

-Сиз эмне деп жатасыз? Сүйлөп жаткан сөзүңүздүн маанисине эч түшүнбөдүм.

-Мен кыргызча эле сүйлөп жатамын, эмнесине түшүнбөй жатасың. Анда ачык айтсам. Биздин моргдо 18 күндөн бери бир аялдын өздүгүн аныктай албай жатабыз. Бүгүн акыркы күн болот.Азыр Кубат менен Асан келип бизге жардамдашышат, өлүктөрдү жууп, целофанга ороп даярдашыбыз керек.

-Аа, эмнеге мен ушул күнгө чейин уккан жокмун?

-Укканда эмне кылат элең? Менин укканыма төрт күн болду. Укканымдан бери ойлоно берип ооруп калдым. Жашооонун маңызына эч түшүнбөй калдым. Адамзат эмнеге жаралып,кандай максатта жашап туруп, андан кийин өлөт. Андан көрө адамзат бул жашоого жаралбай эле койбойбу?

-Жүрүңүз убакыт болуп калды?

Экөө ээрчишип өлүктөр сакталуучу бөлмөгө келип, эшикти ачып ичкери кирishти. Алардын артынан Кубат менен Асан кирди. Төртөө өлүктү чоң столго коюп жууганга киришишти. Айжаркын столдун үстүндө узунунан жаткан аялдын жансыз денесин үңүлө карап отуруп, аялдын жүзүнө кареги кадалып туруп калды. Аялдын жүзү ага тааныш көрүндү.

Айжаркын: - Токтой турунуздарчы? Бул аялдын жүзү мага тааныштай сезилип турат. Жакын келип жүзүн үңүлүп карап туруп. Сиздер билесиздерби? Бул Бакен Кыдыкеева деген атактуу актриса.

-Койчу ай, сен жаңылышып жаткан жоксуңбу?

-Жаңылган жокмун. Мен аны жакшы тааныймын,-деп айтып алып шолоктоп ыйлады. Анын ыйы, залкар талантты аёо менен адамзаттагы көралбастыкты



жектөөнүн ыйы эле. Бөлмөдөгү төртөө бири-бирин таңдануу менен карашып тикелеринен тик туруп калышты. Батила сыртка чыгып өз иш бөлмөсүндөгү телефон менен "Ай моргко келиңизчи. Бир адамдын өздүгүн тактоо керек" деп кимдир бирөө менен сүйлөшүп жатты.

Сыртта кыш. Бурганактап кар жаап турду. Айжаркынга бул жашоодогу тагдырдын азаптуу ызгаарынан, бороон уулуп ак кар жааган табигаттын суук ызгаары алсыздай сезилди. Айжаркын эки колу менен көз жашын сүртүп стол үстүндө чалкасынан жаткан залкар актрисаны тике карап "Жаткан жериңиз жайлуу болуп, жараткан эми бейиштен орун берсин сизге! Бул жашоодон сизди эч ким колдой албады. Бизди кечир Бакен эже!" -деп үн чыгарып айтып, эки алаканы менен бата кылды.

Андан бери бир топ жылдар өттү. Ошол күндү Айжаркын унута албай келет, эстегенде денеси чымырап жашоого, адамдарга болгон көз карашы өзгөрүлүп кетет. Жашоо көчү уланууда...

## Таттыбүбү Турсунбаева – кыргыз керемети



Таттыбүбү Турсунбаева жөнүндө сөз болгондо айчырайлуу сахна жылдызынын табигый сулуулугу, сырткы өң-түс келбетине жуурулушкан таланты, ички дүйнөсү баладай таза ишенчээктиги, адамгерчилиги, анан да Ак мөөрдүн элесин берген аккуунун трагедияга жык толгон аялдык тагдыры армандуу айтылат.

Ак булутту аралап ай баратат,
Аккуу болуп көлдөгү жай баратат.
Аталбайсың Ак кууну оңой менен,
Жете албайсың айга да жел ой менен...

-деп ырдаган айчырайлуу Таттыбүбү Турсунбаева өз өмүр таржымалын ырга салып, көлдөгү ак кууну өзү сыяктуу сулууга салыштырып ырдаган.

Таттыбүбү Турсунбаева -1944-жылдын 12-июлунда Нарын облусунун Жумгал районуна караштуу Чаек



айылында төрөлгөн. Чоң атасы Турсунбай жаңы көз жарган ымыркайга Таттыбүбү деген ат коёт. Бул ысым кыргыз киносунда, кыргыз маданиятында кандайдыр касиеттүү сулуулукту даңазалап турат. Ар дайым анын жаркын элеси ар бир театр сүйүүчүнүн жүрөгүндө жалындап, кыргыз театрынын сахна жылдызы Таттыбүбү Турсунбаева деген ысымды эстетип тура берет. Көрсө Таттыбүбүнүн атын койгон чоң атасы Турсунбай аты чыккан чоң комузчу экен. Атасы Мырзаалы Токтогул Сатылгановдун шакирти болуптур. Ал эми апасы Калыйбүбү Таттыбүбүдөй ажайып сулуу болгон дешет жакындан жакшы билгендер. Мындай айтканда чоң таланттуу үй-бүлөдөн төгөрөгү төп келген Таттыбүбүдөй өнөр адамынын төрөлүшү жөн эмес. Таттыбүбүнүн балалык доору бактылуу өтүптүр. Көз тийгендей Таттыбүбүнүн балалык доору ченемсиз бактылуу болгону менен зор таланттын аялдык бактысы ченелүү болуптур. Балким турмуштун мыйзам ченеми ушундайдыр. Таттыбүбү атак-даңкка эрте жетип, 16 жаш курагында элге таанылган.

***

Оо, теги кыйындын кадырына ким жетти? Көрө албастык кыргыз элинин турмушундагы арылбас шору, арылбас арманы! Ошентип, күнүмдүк турмуштун агымы ичи таза талантка бирде балын, бирде уусун ичирип отуруп, асмандан жанган жылдыз сымаал Таттыбүбүнүн өз көркү өзүнө душман болуптур. Арийне аялзатынын сулуулугу ички, сырткы дүйнөсү, жароокер жайдары сапаттары айкалышып, табигый чырайына төп келиши менен Таттыбүбүдөй сулуунун асыл сапаттарын, табигый ажарын ачып, элдин алдына алып чыккан ушул театр болгон. Андыктан театр аркылуу “ай десе айдай, күн десе күндөй” деп сүрөттөлгөн аял сулуулугу байыркы жомоктордон тартып, классикалык чыгармаларга чейин

даңазаланып келген. Таттыбүбүдөй сулуунун асыл сапаттарын, табигый ажарын ачып, элдин алдына алып чыккан театр болгон. Театрда сулуу каармандарды кыйла жылдар бою аткарып келген Бакен Кыдыкееванын улгая баштаган учурунда Таттыбүбүнүн чыга келиши токтоло калган чыгармачылыкты кайрадан жандандыргандай болгон. Таттыбүбү ролдорду аткарганда, башкалардай экилентип же бир өзгөчө көркөмдөбөстөн, жөнөкөй, турмуштагыдай ойночу экен. ”Ошондон улам, жагымдуу тембри, ачык дикциясы, улуттук акценти, аткаруу манерасы, жүрүм-туруму жүрөккө жетимдүү эле” деп жазган “Адам болсоң, артист болсоң Таттыбүбүдөй бол” деген бир эскерүүсүндө драматург, маркум Токтоболот Абдымомунов.

Кыргыз театрынын тарыхында 60-70-жылдары элдин көбү театрга Таттыбүбүнү көрүш үчүн келүүчү экен. Таттыбүбү жараткан Жульетта, Дездемона, Зулайка, Ак мөөр, Уркуя сыяктуу образдар Таттыбүбү менен тагдырлаш. Таттыбүбү бул каармандардын катарында өзү да кайталангыс каарман болуп турмушта жашап калгандай таасир калтырат.

Талант менен сулуулугу жуурулушуп аткарган ролдору Тбилисиде өткөн Бүткүл союздук конкурста менмин деген дүйнөлүк талантты баалагандардын колу менен “Советтик гражданин эрдиги” деген дипломго татыган.Бул окуя Таттыбүбүнүн чыгармачылыгындагы, дегеле өмүрүндөгү эң олуттуу окуя болуп калган.

Сулуулугу , таланты Таттыбүбүнү **башкы** ролдордун биринин артынан бирин жаратууга жетелеп, башкы ролдор жалаң Таттыбүбүнүкү болуп, ал катышат деген пьесаларга эл кезекке туруп калышчу экен. “Кыргыз керемети” деген кыргыз кино дүйнөсүн дүйнөлүк аренага тааныткандардын бири ушул Таттыбүбү Турсунбаева болгон.“Ак мөөр”, «Уркуя», «Кызыл алма», «Атадан калган туяк»,



«Саманчынын жолу”, «Сүйүү жаңырыгы» кинолору аркылуу Таттыбүбү татына, кыргыздын кайталангыс сулуу периси болуп жашап калды.

Анткени Таттыбүбү кыргыздын кылымдардан легендага айланган сулуулардын жомогундай болуп кыргыз элинин жүрөгүндө, театр сүйүүчүлөрдүн эсинде жапжаш бойдон жашап калат.





Кыргыз эл артисти Келдибек Ниязов төмөнкүчө эскерет: -Күнүмдүк турмуштун агымы ичи таза талантка бирде балын, бирде уусун ичирип отуруп, асмандан жанган жылдыз сымаал Таттыбүбүнүн өз көркү өзүнө душман болуптур. Арийне аялзатынын сулуулугу-ички, сырткы дүйнөсү, жароокер жайдары сапаттары айкалышып, табигый чырайына төп келиши менен бааланган. Сулуу аялдан аруулук аңкып турса, кимди болсо да өзүнө тартып, көз жоосун арбап турат. Андай сапат Таттыбүбү эжеде бар болчу. Бир чоң концертке Таттыбүбү эже экөөбүз алып баруучу болуп калыпбыз. Мен анда жашмын. Артисттердин кийим чечкен жерине кире калсам эле, бетмандай турган сулуу көзүмө урунса эшикти жаба салыпмын сүрдөгөнүмдөн.

"Кел-келегой! Чечинип, кийине бер. Минтип уялсаң кантип артист болосуң?- деп, жапайыга окшоп турган мага карай, колдорун жаңсап сүйлөп жатпайбы. Ич көйнөкчөн күзгүгө каранып, жасанып жатыптыр да жарыктык десе. Шумдуктуу, андай сулууну мен башка көрбөдүм. Мойнунун узундугу, сүйлөгөндө кашкайган тиши, колдору, каш-көзү, койчу сүрөтчү тарткан бир сулууну тирүү көрдүм да. Бир күнү парктан жолугуп калдык.



Сүрдөгөнүмдү айтпа. "Баякүнкү концерттен кийин Асанкан Жумакматов менен көркөм жетекчи экөө урушуп, (каткырып) "тим эле мушташып жатышыптыр" концерттен кийин ошондой окуя болот" деп ууртундагы уячалары укмуш сулуулук тартуулап турду, ыраматылык десе...

Таттыбүбүдөй сулуулар көбүнчө театр өнөрүндө кездешкен. Театр сулуу аялдын артыкчылыгын, анын таасын талантын талап кылган. Таттыбүбүдөй сулуунун асыл сапаттарын, табигый ажарын ачып, элдин алдына алып чыккан ушул театр болгон. Андыктан театр аркылуу "ай десе айдай, күн десе күндөй" деп сүрөттөлгөн аял сулуулугу байыркы жомоктордон тартып, классикалык чыгармаларга чейин даңазаланып келген. Театрда дүйнөлүк жана советтик классикасынан У.Шекспир, Лопе де Вега, Г.Лорка, М.Карим жана Е.Шварцтын чыгармалары боюнча сахнага 30 дан ашуун эстен кеткис образдарды алып чыккан: Жульетта ("Ромео жана Жульетта"), Амелия ("Бернарда Альбанын үйү"), Фелисьяна ("Бий мугалими"), Асел ("Делбирим"), Анвар ("Фудзиямадагы кадыр түн") жана башкалар. Ошону менен бирге кинодо да жаркын элестерди жараткан.

***

Таттыбүбү атактын артынан жүгүрбөгөн, атак анын артынан жүгүргөн. Ал атагын, өзүндөгү мүмкүнчүлүктү башкалардан ажыратып караганда, агасы Нуркан Турсунбаев дайыма: «кичине арамза болгондо көралбастыктын жеми болбой көп жашап, кыргыз эли үчүн көп иш аткармак,-деп арман кылат. Маркумдун театрдагы көрүнүктүү эмгеги "Кызыл жоолук жалжалым" пьесасындагы Аселдин ролу болгон. Ошону менен катар 60-70 жылдары Таттыбүбү деген экрандагы ысым бүт кыргыз элинин сыймыгына айланып, кыргыздын театр дүйнөсү дүңгүрөгөн. Сулуулугу , таланты Таттыбүбүнү

башкы ролдордун биринин артынан бирин жаратууга жетелеп, башкы ролдор жалаң Таттыбүбүнүкү болуп, ал катышат деген пьесаларга эл кезекке туруп калышчу экен. "Кыргыз керемети" деген кыргыз кино дүйнөсүн дүйнөлүк аренага тааныткандардын бири ушул Таттыбүбү Турсунбаева болгон. "Ак мөөр", «Уркуя», «Кызыл алма», «Атадан калган туяк», «Саманчынын жолу", «Сүйүү жаңырыгы» кинолору аркылуу Таттыбүбү татына, кыргыздын кайталангыс сулуу периси болуп жашап калды. Ошондон "Таланттын байлыгы болбойт, тагдыры болот" демекчи сулуулукту, талантты аянбай берген жараткан ага аялдык бакытты жана өмүрдү да аянбай бергенде деген арман ар бир кыргыздын, сахна жылдызын сүйгөн көрөрмандын арманы болуп кала берди.

***

Ал "Ак мөөр" тасмасына тартылгандан кийин Лениндик сыйлык берилет деп турганда берилбей калышы, "Уркуя" тасмасында да Токтогул сыйлыгына режиссёр, оператор ээ болуп, "Уркуяны" Уркуя кылган Таттыбүбүнүн унутта калышы, "Манастын уулу Семетейде" Каныкейдин ролу Таттыбүбүгө даярдалып жатып, берилбей калган мамиле табитинен үлбүрөк назик талanttын жан дүйнөсүн жабыркатып, кала берсе бул дүйнөнү таза караган сулуута жарыкчылык чөйрөсү зээнин кейитип, иренжүү менен каратып, акыры зор талаанттын улуу тагдырын талкалаган.

Аттиң ай, ошол кездеги өз коомунун адамдары, кесиптештери кыйналган кезде жөлөп-таяп, аяй билип, кечирип, өстүрүп жүрүп отурушса Таттыбүбү эженин тагдыры башкача болот беле? Теңир Таттыбүбүгө гана өзгөчө сыйкырлуу кооз үндү, келишимдүү бой-мүчөнү, айдай сулуу жүздү, таланттуу өнөрдү кыдыр даарып тартуулап, өмүрүн кыска кылып койгон экен.



Таттыбүбүнүн өмүрү кыска болгону менен ал өлбөс болуп жаралып калды. Анын өлбөстүгү — кыргыз аялзатынын жүзү ушундай болот турбайбы дедиртип, дүйнө жүзүн таңгалдырганы.

Таттыбүбүнүн өлбөстүгү — кыргыз айжаркын аялынын сулуулугунун символун кыргыз искусствосунда калтырып кеткендиги. Ал ойногон каармандардын образдары бири-биринен айырмаланып турат, ар кандай мүнөздөрдү изденүү менен жараткан. Чыгармачылыкта көп кырдуу талантка сулуулугу шыкак берип, өнөр секисине эрте жеткенге шарт түзгөн. Демек андай адам өзү да башкалардан ошондой мамилени күтүп, жаркылдаган, жагымдуу, карамдуу мамилеге муктаж болуп турары чындык. Таттыбүбүнүн трагедиялуу тагдыры кыргыз коомунда көралбастыктын чоң тамгасы менен айтылып да, жазылып да калды. Кылымдар өтүп кыргыз театрынын тарыхындагы сулуунун тагдыры барып-барып армандуу жомок сыяктуу болуп, сахна жылдызы бул жарыкчылыкта алалбай кеткен баасы кылымдар өтсө да аты өчпөстөн, өмүрү легендага айланган өмүр болуп кала берет.

***

Таттыбүбү "Гүлкайыр" деген ырды аткарып, 1-орунду ээлеген. Агасы Нуркан экөө ээрчишип жүрүп Таттыбүбү үчүн жазылган кыска метраждуу "Салиманын ыры" деген фильмге тартылышкан. Таттыбүбүнүн ырчылык өнөрүнө элибиз 1963-жылы радиого жаздырылган "Ай баратат" аттуу ырды укканда күбө болгон.

Анын"Кызыл алма", "Уркуя", "Ак Мөөр" көркөм тасмаларында аялзатынын ажайып сулуулугун даңазалаган, кыргыз элине бир келген ажайып сулуу экендигин убагында эч ким билбесе керек.Таттыбүбүнүн өлгөнү – бир арман, сулуулугу – бир арман болуп атпайбы. Таттыбүбү өлгөн түнү кар аралаш мөндүр жаап, эртеси

асман чайыттай ачылып кеткен дешет. Асманда ак чардактар пайда болуп, айланып учуп, кыйкуулап, анан кайдадыр канат кагып кетишкен, бир укмуштай кыйкуулашып, адамдар Таттыбүбүнү эмес, жер үстүндөгү Сулуулукту жер астына биротоло көмүп жаткандай болгон дешет. 1966-жылы окууну бүтүп келгенден кийин Кыргыз драма театрында иштей баштаган. Ал ар бир ролго ар башка образ берчү. Мына ушундай сапаты менен улуу актриса атыккан. Сахнада 100дөн ашык роль жараткан. Ал эми экран үчүн жараткан көрүнүктүү ролдору Ак Мөөрдүн жана Уркуянын ролдору болуп калды. Балким Таттыбүбүдөй сулуу ары кыйын талантты барктай алган, сыйлай алган бир эркек тагдырына туш келгенде кандай болот эле дейсиң? Сулуунун сулуудай түйшүктүү жүгүн көтөргөн эркек ар бир тагдырга буюра бербейт эмеспи. Анын сыңарындай киноактёр Болот Бейшеналиев менен Таттыбүбү Турсунбаева экөө Ак мөөр менен Болоттун ролун сахнада эмес турмушта жаратканын чындап сезип «аттин ай» дейсиң. Эки зор таланттардын эки башка тагдыры, бирикпеген өмүр жолдору өзүнчө бир сырдуу, табышмактуу...

Жаш кезинен жакын болгон Болот Бейшеналиев, Таттыбүбүнүн колун сураган экен. Эмнегедир Таттыбүбү макул болбогон деген кептер бар.

Балким бул экөө биригип калса бири-биринин кадырына жетет беле деген кеп “аттин” деп айтылып келет.

Ошого карабай актёр аны өмүрүнүн акырына чейин сүйүп өткөн. А Таттыбүбү болсо Имаш Эшимбековго турмушка чыгат. Аны менен да студенттик жылдарында таанышкан. Асел, Канат аттуу балалуу болушуп, экөө он жылдай бирге өмүр сүрүшөт.

Таттыбүбүнүн трагедиясы — анын баладай ишенчээктиги болгон. Ушунусунун айынан кесиптештери



тарабынан көралбастыктын көп запкысын жеген. Тагдырдын ар кандай соккуларынан улам чыгармачылыгынын гүлдөп турган маалында,Таттыбүбү 37 жаш курагында бул дүйнө менен күтүлбөгөн жерден кош айтышат. Улуу талантты жоготкон убак 1982-жыл болчу. Өлүмүнүн себеби ошол эле көрө албастык, бут тосуулар болгон дешет. Кандай болгондо да ушак-айыңдар, көралбастыктар кезинде Таттыбүбүгө таасир берип, жан дүйнөсүн жаралаган. Таттыбүбү Турсунбаеванын тагдыры өтө катаал келип, ал мезгилинен эрте кеткен өлүмү менен бүткөн. Бирок так себеби ушул күнгө чейин аныкталбай, анын өлүмү табышмак бойдон калып келет.

***

Таттыбүбү Турсунбаеванын жаркыраган элеси элдин эсинде жаш бойдон калды. Таттыбүбү 75 жашка чыкмак. Тирүү болсо канчалаган тарыхый образдар жаралмак. Ошентсе да элдин эсинен күнү бүгүнкүдөй чыкпаган актрисанын өмүрү жомокко айланып кала берет. Ак Мөөрдүн образын жараткан улуу талант Таттыбүбү Турсунбаеванын эстелиги 2014- жылдын 30-апрелинде Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын жанына тургузулду. 70 жылдык маарекесине арналган айкелдин автору – скульптор Тайыр Медеров. Анын айтымында, айкелге Таттыбүбү Турсунбаеванын «Ак Мөөр», «Кызыл алма», «Уркуя» фильмдеринде жараткан образдары жуурулушуп түшүрүлгөн.

***

Бир тууганы Нуркан Турсунбаев арманын дене боюна сыйдырып көтөрүп, Таттыбүбүнүн атын өчүрбөшкө аракет жасап келет. Таттыбүбү атындагы коомдук фонддун

жетекчиси Жыпар Турсунбаева дагы болгон дараметин жумшап Таттыбүбү Турсунбаеванын артынан мыкты таланттуу кыздар чыкса деген аруу тилекте. Көп иштерди аткарып жүрөт.Ошентсе да элдин эсинен күнү бүгүнкүдөй чыкпаган актрисанын өмүрү легендага айланды. Ал аз жашаганы менен талант катары ары сулуу, адамгерчилиги бийик айым, улуу актриса эл оозунда кылымдар бою өчпөй жашап кала берет. Таттыбүбү саз жашады десек болот. Балким адам болуп төрөлүп, адам болуп өлүү ушул Таттыбүбү сыяктуу ички дүйнөсү назик таза сулууларга буюргандыр деген ой келет.



**Күлүйпа Кондучалова –**
**кыргыз маданиятынын, "умай энеси"**



Күлүйпа Кондучалова эжебиздин ишмердүүлүгүнүн, маданиятка болуп көрбөгөн зор салымынын уюткусуна көз чаптырсак, карегибиз талып кетет. Айтсак сөзүбүз эч түгөнбөйт. Кыргыз маданияты үчүн жаралган бир жан экен.Тактап айтсак эжебиз кыргыз маданиятын дүйнөгө тааныткан. Ал 1920-жылы Бишкектен алыс эмес Кара-Жыгач айылында карапайым дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Азыр бул айылдын бир көчөсүнө К.Кондучалованын ысымы ыйгарылган. Фрунзедеги педагогикалык техникумду 1938-жылы бүтүргөндөн кийин, Күлүйпа эже Нарындын Куланак айылындагы орто мектепте мугалим, завуч, директор болуп эмгектенет. 19 жашында алыскы бийик тоолуу айылдын мугалими болуп турган кезинде Москвага жол тартат. Москвада болуп жаткан жаңылануга шыктанат, ушундай өзгөрүүлөр менин да шаарымда болсо деген ойго келет. Бүткүл

союздук староста М.Калинин К.Кондучаловага өз колу менен «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалын тапшырган. Москвадан сыйлык алып Фрунзеге кайтканда, сыйлык алгандарды, азыркы косманавттарды тосуп алгандай эле тикелеринен тик турушуп тосуп алышканын Күлүйпа эже толкундануу менен көп эскерип жүрдү.

1940-жылы ал Тянь-Шань областтык комсомол комитетинин секретарлыгына көрсөтүлөт, ал эми 1941-жылдан баштап партиялык, советтик кызматка өткөн. Согуш жаш мугалимдин бардык ой-максаттарын өзгөрткөн. Эжебизди эл кыстоого алып отуруп комсомолдук ишке көрсөтүшөт. Күлүйпа эже педагогикалык ишин таштагысы келген эмес. Акыры партиянын катарына өтөт жана «Эгерде сен коммунист болсоң, анда партиянын солдатысың» деген негизги эрежени ант менен өздөштүрөт. Тянь-Шань обком партиясынын биринчи катчысы С.И.Зайцев К.Кондучалова эжени Жогорку партиялык мектепке жөнөтөт. Согуш мезгилиндеги оор күндөргө карабай адистерди даярдоого өтө чоң маани берилген. Ал мезгил эжебиз үчүн бардык жагынан, турмуш жагынан да, билим алуу жагынан да өзүнчө тарыхый мектеп болгон. Согуш мезгилинде да азыркы кездегидей тентигендер жок эле. Жетишпестик жондон басып турса да ынтымак, ыйман, улууну сыйлоо, кичүүнү ызаттоо деген асыл касиеттер эл ичинде бар эле. Кырк бешинчи жылдын жеңиш салютун Москвадан көрдүм. Эл үчүн жеңиштин баасы зор жоготууга турду.Ошол кездин, бизге окшогон жаштары жалындаган жаштыгыбызды, болгон күчүбүздү арнадык. СССРдин курамындагы бардык элдердин биримдиги Улуу Жеңишти алып келди. Азыр Бул анын өмүрүндөгү эң би жыргал заман. Заман жаман эмес, элдин пейили бузулду. Улууну сыйлоо деген жок. Билимге кызыккан жаштар аз. Жаштар жеңил жашоого азгырылышууда. Боорукерлик,



кайрымдуулук деген касиет күндөп жоголуп барат жаткансыйт.

Бийликке, байлыкка баарын алмаштырышууда. Элдин социалдык абалын ойлогон эр азамат жок. Элибиздин маданияты жоголуп бара жатат. Азыркы жаштардан "Маданият деген эмне?" деп сурсаңыз. Кийип жүргөн калпагын көрсөткөндөр бар. Айласыздан күлөсүң – деп айтканын эстеп Күлүйпа эженин жүрөгү дайыма элим деп согуп турганын билдим.

1952-жылы К. Кондучалова Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бюросуна шайланат. Борбордук Комитеттин катчысы, Министрлер кенешининин төрагасынын орунбасары, бир эле учурда республиканын тышкы иштер министри болуп дайындалган. Тышкы иштер министри болуп беш жылча иштеген. Андан соң БК бюросу аны маданият министрлигине дайындоо тууралуу чечим кабыл алат. Мурда ал үстүртөн караган маселелерге, иштерге эми ал баш-оту менен кирип эмгектенген. Өзүнүн эмгекчилдиги, талапкерлиги, адамкерчилиги, интеллектуалдуулугу менен Күлүйпа эже маданий маселелерди тез эле өздөштүргөн.

1958-жылы алгачкы жолу Кыргыз искусствосу жана адабиятынын экинчи декадасы Москвада чоң ийгилик менен өткөн. Декада кыргыз элинин турмушундагы бирден-бир тарыхый маанидеги окуя болгон. Бөтөнчө элибиздин рухий байлыгынын кароосу болгон. Москвадагы театрларда В.Власов, Ф.Ференин «Анар» балети, К.Жантөшевдин «Курманбек», Н.Погодиндин «Кремлдин куранттары» аттуу спектаклдери чоң ийгилик менен көргөзүлгөн. Декаданын жыйынтыгы өтө жемиштүү болуп, эжелерибиз Сайра Кийизбаева, Бүбүсара Бейшеналиеваларга «СССРдин эл артисти» деген эң жогорку наам ыйгарылган. Декаданын катышуучуларынын ичинен 329 адам СССРдин ордендери, медалдары менен

сыйланган. 1960-жылдардан тартып боордош элдердин адабияты жана искусствосуна арналган декадалар, жумалыктар, көргөзмөлөр, теле жана радио берүүлөр менен алмашуу салтка айланган. «Ала-Тоо жазы» фестивалы да өзгөчө шаңдуу өтүп, маданият майрамдарынан болгон. Ал адамдардын чыгармачылык чеберчилигин арттырып, боордош республикалардын маданий байланыштарын чыңдады.



К.Кондучалова маданият министри болуп турган учурда Республика боюнча 220га жакын айылдык клуб курулуп, 1980-жылга чейин 2500 китепкана ачылып, алардын фонду 90 млн. нусканы түзгөн. Салыштырып көрөлүчү, азыр ошол айылдык клубдар, китепканалар барбы? Эгер бар болсо азыркы учурда алардын абалдары кандай деңгээлде? Айыл жерин айтпай эле, борборубуз Бишкектеги китепканалардын, маданий жайлардын



абалдары тууралуу сөз кылалычы? Азыркы учурда китепканага башбагып, китеп бетин ачып караган студент барбы? Бар болсо саналуу гана. Жогорку окуу жайлардын студенттери интернеттен даяр көчүрүп алып рефараттарды дайындап мугалимге берип баа алышат. Ушу туурабы? Күлүйпа эжебиз өз кезинде маданиятты гүлдөткөн. Кыргыз жаштарынын билим алуусуна да опол тоодой салымын кошкон. Россия мамлекетинин чоң-чоң шаарларына айылдан мектепти жаңы бүткөн жаштарды билим алгыла деп, мамлекеттин эсебинен бекер жогорку окуу жайларга окууга жөнөтүп жаштардын билимин өстүрүүгө зор эмгек кылган адам. Азыр өкүнүчтүү нерсе ал адамдар куруп кеткендердин үстүнө куруунун ордуна кийинкилер келип талкалагандыгы өкүндүрөт.

Күлүйпа Кондучалова эженин кыргыз мамлекетин калыптандыруу, өнүктүрүү үчүн кылган эмгеги зор экендигине баа берип, өзү аял заты болсо да жигиттерден кем калбай эли үчүн түнү уйкусу качып, күндүзү эмгекке тойбой мамлекетти мамлекет кылууга жан дили менен кызмат кылган. Кыргыз элинин баатыр кыздары Кыз Сайкал, Жаңыл Мырзалар сыяктуу Күлүйпа Кондучалова эже эли үчүн эч нерседен тайманбай кужүрмөн эмгектенген залкар, баатыр айым экендигин эмгеги менен далилдеп кетти. Мына, эмне деген эмгек! Убакыт учкан куштай зымырап, Күлүйпа Кондучалова эже жашаган жыйырманчы кылым да тарыхка айланып, жашоодон улам алыстаган сайын, анын элге кылган кызматы улам кийинки урпактарга билинбей алыстап баратканы бизди өкүндүрөт. Анткени өз кезегинде Күлүйпа Кондучалова ким болгон жана ал жөнүндө азыркы муун эмне билет деген көптөгөн суроолор мени түйшөлтөт. 20-кылымдын темир айымы, адамдык сапатынын бийиктиги менен айырмаланып турганына күбө болдук. Бул акылман жана жароокер, эрки темирдей бекем жана шайдоот, жаркын инсандын

ишмердүүлүгү өтө эле көп кырдуу болгондугу бизди таң калтырбай койбойт. Таланттуу жетекчи жана уюштуруучу нукура маданиятыбыздын жаңыча кайра түптөлүшүнө зор салымын кошкон. Бул улуу адамды маданиятыбыздын легендасы деп айтсак туура болот. Өлкөбүздөгү маданият саясаты, маданий агартуу мекемелиринин жакшыртылышы, профессионалдык жана өздүк көркөм чыгармачылыктын, искусствонун гүлдөгөн доору, чыгармачыл жогорку квалификациялуу адистердин бүтүндөй бир муунунун тарбияланышы улуу эжебиздин ысымы менен тыгыз байланышкан. Кондучалова эженин министирлиги астында Кыргызстандын маданияты бүткүл дүйнөгө таанылды. Мисалы, «Ч.Айтматовдун адабий феномени», «кыргыз киносунун кереметил», «кыргыз балети» болуп көрбөгөндөй бийиктикке көтөрүлгөн. К.Кондучалова эже Ленин, эки Эмгек Кызыл Туу, Ардак Белгиси ордендеринин, алтын медалдын ээси, «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек синирген ишмер» ардактуу наамынын ээси, Эл аралык Курманжан датка сыйлыгынын лауреаты. 1 жана 3-даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган ошондой эле «Ак шумкар» өзгөчө белгисинин ээси жана Кыргыз Республикасынын Баатыры. Күлүйпа Кондучалованы - "Кыргыз маданиятынын умай энеси" деп жалпы кыргыз эли айтып, анын басып өткөн жолун, кыргыз элине кылган ак эмгегин даңазалап келишет. Ал адам жөнүндө бир сөз менен түшүндүрүү аздык кылат. Анткени 22 жыл маданият министри болуп, Кыргыз элинин маданиятына зор салымын кошкон адам. Өткөн кылымдагы маданияттын чыгаандары болушкан А.Малдыбаев, С.Кийизбаева, Д.Күйүкова, М.Рыскулов, Б.Бейшеналиева, К.Молдобасанов, С.Күмүшалиева Ч.Айтматов, Б.Миңжылкыев, С.Чокморов, Ч.Базарбаев, Т.Турсунбаевалардын маданияттын майданында жарк этип пайда болушуна Күлүйпа эженин эмгеги зор. Ошол



мезгилдин улуу адамдары кыргыз элинин атын дүйнөгө таанытып кетишти. Алар ак иштеп эл үчүн жан үрөгөн адамдардан болушуп көч башында дайыма турушат.

Күлүйпа Кондучалова 19 жашында М.И. Калининдин өз колунан "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалын алган.

1958-1980-жылдары Күлүйпа Кондучаловна Кыргыз ССРинин маданият министри кызматында иштеген. Беш жылдын ичинде аны тышкы иштер министри кызматы менен чогуу алып жүрдү. Кыргыздын тарыхына Күлүйпа эжедей өз изин ташка тамга баскандай калтырган айымдар аз. Биздин замандын жаштарынын арасынан кыргыз элине күйүп жанып, ак эмгек жасаган инсандар чыгышын абдан каалаймын. Күлүйпа Кондучалова эжебиз кыргыз элинин өчпөс жылдызына айланды. Ошол өчпөс жылдыздын жарыгы жаңы муунга жарыгын чачып, балбылдап жанып жаркыраган нуру тийип туруусун тилеймин.

Биздин сүйүктүү эжебиз Күлүйпа Кондучалованын сөөгү 2013-жылдын 9-сентябрында Бишкектеги Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган.

20-кылымдын башында профессионал искусство жөнүндө кабары жок Кыргызстандын маданият ишмерлерине Москванын, Ленинграддын, Кавказдын, Франция, Бельгия, Дания, Сирия, Канада, ж.б. өлкөлөрдүн көрүүчүлөрү кол чаап кубаттангандыгы бизди кубандырат. Күлүйпа эженин ишмердүүлүк доорунда жаңы эстеликтер, монументалдык-декоративдик элементтер менен кооздолгон архитектуралык курулуштар тургузулган. Алардын катарында Т.Садыковдун «Достук» монументи жана «Революциянын каармандарына» арналган эстелиги, М.В.Фрунзенин Үй-музейи, борбор калаадагы кыргыз жана орус драма театрлары, Ош, Нарын драма театрлары, Н.Г.Чернышевский атындагы китепкана курулган. Областтарда, райондордо жаңы кинотеатрлар салынып,

музейлер ачылган. Улуттук адистерди даярдоо үчүн искусство институту жана музыкалык-хореографиялык окуу жайы, областтарда музыкалык жана маданий-агартуу окуу жайлары, балдар музыкалык мектептери жана музыкалык окуу жайлар ачылган. Бул үчүн К.Кондучалова эжеге республиканын финансы министрлигинде жана Мамлекеттик пландоо мекемесинде канча ирет жаны күйүп, талашууга чейин барды. Элдин келечеги үчүн көп иштерди аткарды. Ошол кезде жаштарды чет өлкөлөрдө окууга жөнөтүүгө да түздөн түз киришкен. Жаштарды окутуу үчүн Москва искусство, маданият, полиграфия институттарына, Ленинграддын ж.б. шаарлардагы хореграфиялык окуу жайларына конкурсу жок орундарды бөлдүрүүгө эжебиз кайталангыс эмгеги менен жетишкен. СССРдин маданият министри Е.А.Фурцева менен 10 жыл чамасында бирге иштөөсү - К.Кондучалова эженин өмүрүнө өзгөчө из калтырган.Эженин бул эмгеги кыргыз интелигенциясынын катарынын өсүшүнө даңгыр жол ачкан. Чынында эле эжебиз кайталангыс жолду басып өткөн экен. Бул жемиштүү эмгек эжебизге бактылуу, узак өмүр сүрүүгө негиз болгондой. СССР Жогорку Советинин эки шайланышынын депутаты, Кыргыз Республикасынын Жогорку Советине жети жолу депутат болуп шайланган, 1966-жылдан тартып өмүрүнүн акырына чейин Кыргыз Республикасынын тарых жана маданият эстеликтерин коргоо коомун жетектеген. Бул жерде дагы баш калаабызга өзгөчө көрк берген: Улуттук Университеттин, Шаар башчылыгынын, учурунда Эл аралык университеттин, Пионерлер үйүнүн жана башка имараттарыбыздын азыркыга чейин улутубуздун архитектуралык эстеликтери катары сакталып келишине өз салымын кошо алды. 65 жыл талыкпаган эмгек жолун басып өттү. К.Кондучалованы эл унутпайт. Ал биз үчүн азыр да Ала-Тоодой бийик! Күлүйпа Кондучалованын басып өткөн эмгек жолуна



сарасеп салып отуруп эженин жаркын элесине таазим кылдым. Ал өмүр бою өзүнүн ички дүйнөсүндөгү жарыкты өчүрбөй, адамдарга бакыт тартуулап, “Кыргыз элим, кыргыз маданиятым, кыргыз тилим, ушул үч нерсени колдосоңор Кыргыз мамлекетин сактап каласыңар” деп бекер жеринен акыркы керээзин элибизге калтырбаса керек.

Эженин айткан аманат сөздөрүн жаштар гана эмес ар бир кыргызмын деген инсан көңүлгө түйүп, ойлонуп жашоосунда туу тутушса деген эле тилегим бар.

**Гүлмира Мамбеталиева –**
**таанымал илимпоз жана коомдук ишмер**



1998-2005-жылдары Союз ыдырап жумушсуздуктан, жетишпеген күнүмдүк жашоонун айынан, элибиз кыйналып турган кези. Жумушсуздуктан алыскы айылдын айрым тургундары агылып Бишкекке жакшы жашоо издеп



келе баштаткан. Базар дегенде базарда жалаң акчалуулар иштешет деген түшүнүк ар кимибизде бар. Бирок тилекке каршы, базарда жалданып иштеп жан баккан адамдар көп. 2010-жылы республикабыздын туш тарабынан жакшы жашоо издеп Бишкек шаарына келишип "Дордой", Аламүдүн, Ош базарларында майда соода сатыкка жана башка майда күнүмдүк иштер менен(жүк түшүрүшүп, өтүк майлашып, араба түртүшүп) алек боло баштагандар көп болчу. 2005-жылы иштеп жүргөн карапайым аялдар чогулуп Ош базарында аялдар бирикмесин түздүк.

Базарда иштегенибиз менен колубузда эч нерсе жок. Ар кимибиз бет алдынча тирилчилик кылабыз. Кээде чогулуп ойлорубузду ортого салып маектешебиз. Жакшылыктарыбызды бөлүшөбүз. Ошондой күндөрдүн биринде Аида деген беш балалуу келиндин 10 жаштагы баласы катуу ооруп калды. Баласын дарылатканга каражаты жок. Өзү ижаралап жашачу. Жолдошу каза болуп калган. Бирикмедеги аялдар колубуздан келген акчаны чогултуп бердик. Ал да аз болуп калды. Депутаттарга, айрым жетекчилерге жардам сурап кайрылдык, эч кимиси жардам бере алышкан жок. Жолдогон катыбыз жолдо калды. Ошол кезде бир гана Гүлмира Мамбеталиева эже тийиштүү дары-дармегинин баарын алып бергенге жардам берип, Аиданын баласы жакшы болуп калды. Андан кийин 20дай аялга, күнүмдүк тамак-аш алып алгыла деп акчалай жардам кылган. Ошол учурдан тартып Гүлмира эжени жакшы көрүп, жылуу мамиледе болуп калдым. Кыргызстандагы алдыңкы сапта турган көрүнүктүү адамдын жубайы болуп турса да бой көтөрбөгөн жөнөкөйлүгү, адамды угуп, түшүнө билгендиги, аял катары өзүн таза-тыкан алып жүргөндүгү мени өзүнө тартып турчу. Эженин келечекке карата көптөгөн жакшы ой-максаттары бар эле. Алардын бири

биргелешип “Теңир-Тоонун жаш таланттары” деген китеп жазабыз деген ниетибиз бар болчу...

Кийин кыргыз элинин талanттуу, көрүнүктүү айымдары тууралуу китеп жаза баштаганымда, бир канча жолу эже менен маектешип жүрүп жазгандарым бар эле. Ошол жазып алган маектешүүмдү окурмандарыма сунуш кыламын. Анткени Гүлмира Мамбеталиева эженин жашап өткөн өмүрү, жасаган иштери өсүп келе жаткан жаштарга өрнөк боло алат.

***

Биз алгачкы жолу абитуриент кезде жолукканбыз. Мен жогорку окуу жайга тапшырганы келгенде бою жапалдаш, кара торусунан келген, өтө шыпылдаган тың бала да биз менен бирге экзамен тапшырып калды. Алгач алдыда боло турчу экзамендерге даярдык көрүп, ага анча маани берген эмес элем. Ал турсун экзаменге киргенибизде Аскар экөөбүз жанаша отуруптурбуз. Ал менден бир нерсени сураганда мен жооп бербей койгонумду кийин өзү айтып жүрбөйбү. Ошентип, биз күткөн студенттик кез келип, экөөбүз тең окууга өтүп бирге окуп калдык. Ошол студенттик кездин бир күнүндө, Ысык-Көлгө лагерге барган балдарга вожатый болосуңар деп бизди топторго бөлө башташты. Кудайдын буйругу го, Аскар, мен жана дагы бир кыз болуп үчөөбүз бир бөлүмгө вожатый болуп калдык. Аскар экөөбүздүн бири-брибиздин кулк-мүнөзүбүздү жакындан билишибизге ошондогу бирге вожатый болгонубуз себепчи болгон десем болот. Кийинчерээк анын мүнөзү атамдын мүнөзүнө окшоп мээримдүү экенине көңүлүм бурулду. Аскар ошол кезде эле университеттеги спортко аябай кызыгып, жигердүү киришип жүрчү. Кайсы мамлекетте кайсы спорттун түрү мыкты өнүккөнүн, кайсы спортчулар кандай жетишкендиктерге көтөрүлгөнүн мага айтып берер эле.



Дүйнө таанымы да укмуштай кенен болчу. Замандын мыкты деген жазуучу, акындарынын китептерин такай окучу. Ошого катар анын жаңы бир нерселерге тынымсыз кызыгуусу, жандуу киришип кеткени менин көңүлүмдү ого бетер бийлеп алды. Анын мындай кыймылдуулугу экөөбүздүн жакындашыбызга көмөкчү болду. Ошол кезде атүгүл бокс мелдештерине да аны менен чогуу барчумун. Ушинтип табышкан жолубуз кийин биротоло бирикти. Биздин баш кошуп бирге түтүн булатып жашаганыбызга 38 жылдын жүзү болду.

Негизи бир үй-бүлө болгон соң ар дайым кеңешип иш кылып келебиз. Жаңы жашообуз башталган кезде эки анжы ойдо болуп "илимге кетсемби?" деп жүргөн. Бул тууралуу кеңеш сураганда мен: "Сенден жакшы практик чыгат, коммерция жасабайсыңбы? Эсеп-кысапка, пландоого жакынсың. Тобокелдиктен коркпойсуң" деген кеңешимди берген элем. Менин ушул идеямдын негизинде жолдошум шаарда калып иштеп калган. Ошондон улам го, азыр Асакем кээде "аял кишинин ар нерсеге болгон туюму өзгөчө күчтүү болот" деп айтып калат. Азыркы ийгиликтердин баары бизге оңой-олтоң келе койгон жок. Алардын баары кыйынга турду. Эң биринчи бул биздин таза эмгек деп тартынбай айта алам. Ошол күндөрдө ата-энебиз түшүнүү менен бизге жакшы эле көмөк көрсөтүп турушту. Апам(кайыненеси) мени “коомдук ишмер” деп койчу. Ал киши баарыбызга бирдей мамиле жасачу. Дайыма бизди колдоп энелик батасын берип турчу. Акты ак, караны кара деп калыс сүйлөгөн, нускалуу, акылдуу аял эле. Мен апамдан көп нерсени үйрөндүм. Бир туугандары да ынтымактуу, биз эң кичүү болсок да агаларыбыз түшүнүү менен колдошуп, акылдарын кошуп турушат. Алар биз сыйлаган адамдар болушту, алар бизди түшүнүү менен колдошуп, көп жардам беришти жана алардын батасы менен биз ийгиликтерге жетишкенбиз десем

жаңылышпайм. Ийгиликтин ачкычы ынтымак деп бекеринен айтылбаса керек. Ошол эле учурда бизди баласынтып үстүртөн карап, катышпай да койгон адамдар болгон. Кийин элге төбөбүз көрүнгөндө "каап, ошондо катышып эле алсак болмок экен, силердин чыйрак болуп чыга калаарыңарды кайдан билдик..." деген кептерди ачык эле айтышкандарына күбө болгом.

Бизнеске чейинки жашообузду дайым эстеймин. Эстегенде кыйналган күндөр көз алдыма тартылат. Анда жолдошум мамлекетте орто кызматкер болчу. Жумушу аркылуу чоң кызматкерлердин үйүнө конокко чакырып калышканда "жүр, конокко барып келели. Чоң кызматкерлердин турмуш, жашоосун байкасаң" деп Асакем мени болбой ээрчитип алчу. Алардыкына барсак үйү шумдук кооз жана пайдалуу эмеректерге толгон, ашканасындагы казан-аяктары ыңгайлуу, заманбап, кожейке дегендин көңүлүн кытыгылайт. Ошолорду көрүп "демек, булар биздей болуп күндөлүк кыйынчылык менен убара тартпай бүт убактысын илимге, карьерага бурса болчудай экен" деп ойлонгон учурларым болгон эле. Ар бир адам эмгектенсе Кудайым ошол нерсени бардык адамдарга берерин кийин билдим. Бизнесибиздин алгачкы дубалын түптөп, базарды жаңы ачканыбызда кээ бир туугандарыбыз, досторубуз "ушундай билим менен базарчы болот деген эмне? Горисполкомдо бөлүм башчы болуп эле иштей бербейт белең" деп жолдошума айтышчу. Ошондой учурларда акча жетпей, нанга да тыйын таппай калган учурларга бир топ эле кабылганбыз. Андай жок болуп турган кезде жубайы катары аны колдоп "эмнеге уялат элек, башка улуттардын өкүлдөрү эле базар иштерин өздөштүрө алат бекен? Бизден деле чыгат. Сен аны далилдейсиң" деп жолдошумду кубаттачумун. Далай аферисттерге алдандык, өнөктөштөрдүн арасында да сасыткылар чыгып түйшүккө көп эле кабылдык. Ошондой



чоң тоскоолдун артынан ийгиликке жетиштик. Азыр бир кезде бизди кемсинтип, бизди алдап кеткендердин алдында жүзүбүз жарык. Кылган ишиң, оюң ак болсо кудайым өзү жардам берет экен.

Аял катары ашкана иштерин кызыгуу менен кылам. Өзгөчө улуттук даамдарды жасоодо. Бул менин апамдан алып калган мурасым дейм. Бир кезде орустардын, башка улуттардын батирлеринде көп жашаган элек. Ошолордон да билбегенимди толуктап үйрөнүп алгам. Жолдошум мен жасаган улуттук суусундуктарды, камырдан жасаган даамдардан күлчөтайды, кесмени, башка улуттун даамдарынан салаттарды, холодецти тамшанып жейт. Үй-бүлөдө казан-аяк кагышы кадыресе эле көрүнүш эмеспи. Ар бир үй-бүлөдө эле пикир келишпестиктер болсо керек. Ким урушпай-этпей жашайбыз десе, ага ишенбейм. Агаңардын ачуусу чукул, бирок, ак көңүлдүгү бар. Жаш кезде мен аябай көк болчумун. Такыр сүйлөбөй жүрө берчү элем. А Асакем урушканын унутуп калып эле күлүп сүйлөп калчу. Кийинчерээк жетекчилик кызматтарда көп иштеп калгандыктанбы, мүнөзү бир аз өзгөрүлүп кетти.

Аял киши эне, чоң эне болуп калгандан кийин ийкемдүү болуп калат экен. Негизи, менин атыма жараша мүнөзүм бар болсо керек. Эгер үйдө мындай кырдаал болуп калса көңүл бурбай коём, анан өзү ойлонуп, жазылып калат. Кээ бир учурларда мендей момун киши жок болуш керек деп ойлоп кетем. Себеби, өмүрлүк жарымды аяп көп нерсени көтөрүп келе жатам.

Неберелерим менен бирге баарыбыз эс алууга чыккан учур мен үчүн эң жагымдуу жана баалуу. Балдарым өз алдынча болуп, небере күткөндөн бери айылга, шаардын четине, кереметтүү Ысык-Көлүбүзгө бат-баттан каттап, ыңгайы менен чет өлкөлөргө бара баштадык. Аскар экөөбүз тең неберелерге маданий көп түрдүүлүктү таанытсак деген аракеттебиз. Жалаң эле өз чөйрөдө

болбой, элибиздин бүт катмарынын болгон жашоосун, каада-салтын үйрөтүш керек деймин. Балдарым менен бапырашкан ушул бакытты Аскар экөөбүзгө буйруганына Кудайыма шүгүр келтирем.

Кесибим боюнча тарыхчымын. Кыргыз улутунун пайда болушунан баштап ушул күнгө чейинки санжырасы, маданияты, этнографиясы, географиясы, улуттук баалуулуктары жана башка бардыгынын айкалыш жыйынтыгы тарых илимине келип такалат. Мына ошондуктан мен тарых илимине өзгөчө кызыгып тандап алганмын. Өнөрлүү балдардын талантына кайдигер болбой, бул сынакты уюштурганыма, тарыхчы болуп калганым да себепкер. Ал эми уюштуруучулук бала кезимден, мектептен эле калыптанган. Атам Сулайман Мамбеталиев кыргыз журналистикасынын, анын ичинде кыргыз радиосун түптөөчүлөрүнөн болгон кадыр-барктуу журналист. Апам ыраматылык кесиби башка болсо да атамдын чыгармачылыгын колдогон. Атам нарындык болгондуктан, «Нарын правдасы» гезитине редактордун орун басары болуп дайындалган. 1961-жылы Нарынга барганда Роза эжем 1-класска Чкалов атындагы орто мектепке кирмек. *"Мен да окуйм"* деп ээрчип алдым. Директору Унгфухт Владимир Филипович немис улутундагы мугалим эле. Атам *"кичинекей кызым да окуйм деп ыйлап жатат"* деди. Директор *"окутуп көрөлү"* деп 1-класска эжем менен бирге кабыл алды. Эмнегедир ошол Нарында жашаган балалыгыбыздын бактылуу жылдары көз алдыма дагы деле тартылат. Азыр да кеч күздөгү жааныды көргөндө бир көз ирмемди кубанып да, кусалуу да эстей берем. Мектепке бара жатканда жаан жаап жатса буттарыбыз суу болбосун деп атам Роза эжем экөөбүздү эки ийнине отургузуп алчу. Биз өзүбүздү шаар аралаган хандын кыздарындай сезчүбүз. Азыр ата-энемдин мээнеткечтигине, жөнөкөйлүгүнө, кызматтабы, үй-



бүлөдөбү, сүйүүдөбү туруктуулуктарына баа берем. Биздин кесип тандообузга, ар тармактуу билим алуубузга кенен шарт түзүп беришкен экен. Сабактарыбызга даярдануу үчүн үйдө маалымат булактары – китеп, гезиттер көп эле. Өзүм да бала кезимден тырышчаак, билимге умтулган, анан сабырдуу болуп өстүм. Мен окуган Чкалов атындагы орто мектепте көбүнесе немис, орус улутундагы өтө сабаттуу мугалимдер иштеген, республика боюнча алдыңкы мектеп эле. 7-классымда тарыхчы эжейим Задорнова Светлана Алексеевна мага "мектеп аралык конференцияда докладың менен чык" деди. Мугалимдер менен жарышып, билим деңгээлимди жогорулатып доклад окуу чоң сыймык эле. Окууну ийгиликтүү аяктап, университеттин тарых факультетине жогорку баа менен өтүп кеттим. Экзамен алган мугалимдер *" сендей билимдүү кызды тарбиялаганына окуткан мугалимдериңе, ата-энеңе бизден рахмат айт"* дешти. Ошентип келечегиме даңгыр жол ачылды. Мектепте жакшы да окуп, анан окуучулардын талантын ачканды жакшы көрчүмүн. СССРдин убагында «Ар улуттуу досчулук» деген клуб аркылуу башка улуттун окуучулары менен достошуп, кат алышып турчумун. Ал эми чыгармачыл адамдарды баалап калганым атамдын кесибине байланыштуу биздикине белгилүү чыгармачыл сүрөтчү Аким Згибнев, Жумамүдүн Шералиев, Жумакан Тынымсеитова, Бектурсун Карабаев, Сагыйпа Чечейбаева аттуу эже-агайлар көп келишчү. Алардын бири-бирине болгон мамилеси, маданияттуу жүрүм-турумдары балалык кыялымдагы азыркы уюштуруучулук, чыгармачылыкты сыйлоону мүнөзүмө калыптандырып кетишкен экен. Тагдырдын буйругу менен жолдошум Аскар Мааткабылович да кыргыз эли үчүн кайдыгер карабаган коомдук ишмер болду. 1990-жылдардын башында, жаш мамлекетибиз эгемендүүлүгүн алганда «Дордой» базарын

түзүп, элдин өз алдынча жашоосун оңдоп кетүүгө соода орундарын түзгөнбүз. Азыр "Дордой" базары Кытай менен Европа мамлекеттеринин ортосундагы соода мамилелерин түзүүчү Улуу Жибек Жолундагы чоң соода шаарчасына айланды. Спортто «Көк бөрү» федерациясы түзүлүп, учурда футбол баштаган бардык тармактарын жакшыртуу үчүн спорт комплекстен баштап, спортчуларыбыздын жакшы жашоо шарттарын, машыгуудагы ар тараптуу камсыздоолорду түзүп келебиз. Андан сырткары жеке чыгармачыл адамдарга демөөрчү болуп улуттук баалуулуктарды урпактарга сактап калууга каражат бөлүнөт. Ар кандай топтогу майыптарга, жакырчылыктан чыгууда жашоо шарты начар үй-бүлөлөргө жардамдар көрсөтүлөт. Эң негизгиси, биздин келечегибиз болгон жаш бөбөктөр арасындагы таланттарды колдоо максатында «Жаш талант» республикалык деңгээлде кароо-сынагын он сегиз жылдан бери өткөрүп келебиз. Токсонунчу жылдардын башында жолдошум Аскар Мааткабылович Нарын облусунун губернатору болуп дайындалган. «Мээрим» фондусу тарабынан уюшулган «Жаш талант» сынагынын облустук уюштуруу иштерин өз моюнума алып, окуучулар арасында айылдык, райондук, облустук деңгээлде кароо-сынак өткөрүп, республикалыкка даярдадык. Ошондо менин жан дүйнөм балдардын бактылуу каректеринен кубат аларын сездим. «Мээрим» фонду тараган соң бул иш-чараны өз колума алып, «Жаш талантты» улантып калдым. Алгач окуу жылы башталгандан тарта таланттуу балдарды иргеп алып отуруп, жыйынтыгы республикалык деңгээлде 1-Июнь – Балдар күнүнө карата өткөрүлөт. Азыр ар бир таланттуу бала «Жаш талантка» катышкысы келет. Бир кезде «Жаш талантка» катышып, чоң сахнага чыккан айрым таланттар азыр белгилүү сахна адамдары болуп калышты. Кыргыздын улуттук кол өнөрчүлүгү, төкмөчүлүк, манас



айтуу, комузда кол ойнотуу жана башка улуттук аспаптарда ойноо өнөрлөрүн колдоп жатабыз. Бул аракетибиз менен жаштарыбызда бүгүн күч алып жаткан батыштын "массалык маданиятынын" таасирин азайтып, улуттук өзгөчөлүктөрүбүздү сактап, балдардын чыгармачылыгынын, интеллектисинин, ички жөндөм, өнөр-шыгынын өсүшүнө салым кошсокпу деген максатыбыз бар. Биз партия деген макам гана ала электигибиз болбосо, кыргыз мамлекети өз алдынча эгемендүүлүгүн алгандан баштап, башкача айтканда, чейрек кылымдан бери кыргыз элинин жакшы жашоосу, ар тараптуу өнүгүүсү үчүн жан дилибиз менен эмгектенип келдик. Башкалар партия түзүп алып иш баштаса, биз эл үчүн ишибизди көрсөтүп, саясаттабы, маданияттабы, илим, билим деңгээлибиздин жетиштүү экендигин далилдүү көрсөтүп, биздин айланабызга бир санаалаш, бириккен адамдардын көптүгүнөн «Эмгек» партиясын түздүк.











***Гүлмира айым тууралуу ойлонуп, жазып жатып жан дүйнөмдө мына мындай ыр саптары жаралды.***

**Улуулук**

Жакшыны - жаман десең эч кирдебейт,
Бийикти - жапыз десең эч баш ийбейт.
Улуулук - акылмандын баскан жолу,
Акылы - жетпесе аны эч ким билбейт.

Жакшынын баскан жолу узак экен,
Көзү өтсө да айтылат болуп жомок.
Өткөн асыл өмүрдөн таасир алып,
Келечекке кадам таштасак болот...

Жан дүйнөмдө ушул саптар жаңырган сайын эженин жаркын элеси көз алдыма тартылып турду. Эженин басып өткөн өмүр жолуна көз салсак.

Гүлмира (орусча Гульмира) Сулаймановна Мамбеталиева 1956-жылы 29-январда Бишкек шаарында көрүнүктүү журналист Сулайман Мамбеталиевдин үй-бүлөсүндө туулган. Нарын шаарындагы № 2 Чкалов атындагы орто мектепти аяктаган. Гүлмира Сулаймановна 1977-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин (азыркы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин) тарых факультетин "Тарых жана коом таануу" адистиги боюнча артыкчылык диплому менен аяктаган. Ал эмгек ишмердүүлүгүн 1978-жылдын март айында Кыргыз мамлекеттик көркөм сүрөт музейинде улуу илимий кызматкерликти аркалоо менен баштаган. 1979-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун философия жана илимий коммунизм кафедрасында илимий жана окутуучулук ишке киришкен. 1984-1987-жылдары Кыргыз ССРинин ИАсынын философия жана укук таануу институтунун



аспирантурасын ийгиликтүү аяктаган. Андан соң К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун философия кафедрасында ага окутуучу болуп эмгектенген.

1996-жылдын октябрынан тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (КР УИАсынын) философия жана укук таануу институтунда илимий кызматкер болуп эмгектенген.

1999-жылы "Оптималдаштыруу өнүгүп келе жаткан түшүнүк катары: логикалык-гносеологиялык анализ" темасында кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, философия илимдеринин кандидаты даражасын алган.

2001–2008-жылдары Нарын мамлекеттик университетинин "Тарых жана социалдык дисциплиналар" кафедрасында доцент болуп эмгектенген. 2006-жылдын январынан 2009-жылдын январына чейин КР УИАсынын философия жана укук таануу институтунун саясат таануу бөлүмүнүн изденүүчүсү болуп бекитилген. 2008-жылдын октябрь айынан бери дүйнөдөн өткөнгө чейин Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу К.Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиянын "Дүйнөлүк саясат жана эл аралык мамилелер" кафедрасында эмгектенип келди.

2009-жылы Г.С.Мамбеталиева «Улуттардын Шериктештиги азиялык мүчө-өлкөлөрдөгү саясий процесстердин фактору катары» деген темада докторлук диссертациясын ийгиликтүү жактап, саясат таануу илимдеринин доктору даражасына ээ болгон.2016-жылы 24-ноябрда саясат таануу адистиги боюнча "профессор" окумуштуулук наамы ыйгарылган. 100дөн ашуун илимий эмгектердин, анын ичинде – 5тен ашуун монографиянын жана жогорку окуу жайлар үчүн окуу китептердин автору болгон. Ал жарыялаган эмгектердин ичинде "Глобалдаштыруу контекстиндеги

оптималдаштыруунун феномени", "Улуттар Шериктештиги мүчө-өлкөлөрдүн саясий процесстеринин фактору катары: Азиялык өлчөм", ошондой эле Индия, Египет, Кувейт, Монголия, Орусия, Казакстан ж.б. мамлекеттердин илимий жана саясий журналдарында басылып чыгарылган илимий макалалар бар. Ал калемдеш болгон "Саясат таануу" окуу китеби Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан ЖОЖдордун студенттери үчүн "Саясат таануу" предмети боюнча окуу китеби катары сунушталган. Андан тышкары ал калемдешип жазган "Адам укуктары. Демократия. Бийлик" окуу куралы - оригиналдуу энциклопедиялык сөздүк катары кызмат кылууда.

2001-жылдан бери ал Нарын шаарындагы "AS" Көркөм өнөр галереясын жетектеп келген эле. Аталган галереяда жергиликтүү кыл калемчилеринен тышкары АКШ, Франция жана Улуу Британиянын көркөм сүрөт чеберлеринин көргөзмөсү уюштурулуп келген.

2002-жылдан бери «Бал таттуу» коомдук уюмунун жетекчиси болуп келген. Таланттуу жаштарга өзгөчө көңүл бурат: анын демилгеси жана меценаттык демөөрчүлүгү менен 20 жылдан бери жыл сайын мектеп окуучулары үчүн жаш таланттардын "Жаш таланттар" облустук жана "Мен – жылдыз" республикалык кароо сынактары жана фестивалдары өткөрүлүп келген. Бул конкурстун жеңүүчүлөрү, жаш таланттар анын колдоосу менен Австралия, Кытай, Түштүк Африка Республикасы, Түркия ж.б. өлкөлөрдүн эл аралык чыгармачылык конкурстарына катышууга мүмкүнчүлүк алышып, Гран-при жана башка байгелүү орундарды ээлешкен.

2006-жылдан тартып ал кыргыз айымдарынын ичинен чыккан тунгуч окумуштуу этнограф Какен Мамбеталиева атындагы Эл аралык коомдук фондду түзүп жана жетекчиси катары ырааттуу иштеп келди. Бул фонд



Кыргызстандагы жана Борбордук Азия мамлекеттериндеги этномаданий жана этносоциалдык жүрүмдөрдүн көйгөйлөрү, Борбордук Азиядагы көп этностук коомдун маселелери боюнча бир республикалык жана эки эл аралык конференцияларды уюштурган жана алардын материалдарын бир нече китеп кылып жарыялаган.

Аталган фонд таланттуу окумуштуу, педагог К.Мамбеталиеванын илимий мурасын сактоо, коомдук тармактардагы изилдөөчүлөргө кайрымдуулук колдоо көрсөтүү, тектеш коомдук илимдерге, анын ичинде этнография, антропология, тарых жана башка тармактардын ич ара тыгыз байланышын чыңдоо максаттарында ар тараптуу иштер аткарып келди. Гүлмира Сулаймановна Мамбеталиева "Жыл тандоосу – 2005" конкурсунун "Жылдын меценаты" номинациясынын лауреаты болгон. Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган (2006-2009-жылдары). Ал ошондой эле Мустафа Кемал (Ататүрк) Эл аралык илимий жана маданий кайрымдуулук фондунун сыйлыгынын лауреаты – Ардак грамотанын жана алтын медалынын ээси (2006-жылы) болгон. Бишкек шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн 2006-жылы Бишкек мэриясынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын маданиятын жана искусствосун өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн 2006-ж. КРнын Маданият министрлигинин "КРнын маданиятынын мыкты кызматкери" төш белгиси жана 2012-жылы КРнын Маданият министрлигинин Ардак грамотасы, 2014-жылы КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси менен сыйланган. Нарын облусунун (2011-жылы), Нарын шаарынын, Нарын жана Ат-Башы райондорунун (2007-жылы) ардактуу атуулу болгон.

Гүлмира Мамбеталиева азыркы таптагы "Дордой" ассоциациясынын президенти, белгилүү ишкер Аскар Салымбеков менен 1976-жылы 3 мартта баш кошушкан. Алар эки уулду тарбиялап өстүрүштү.

Сулаймановнанын ысымын түбөлүккө калтыруу максатында атайын анын атындагы фонд түзүлгөн. Көзү тирүү кезинде өзү жетектеген "Кой-Таш" эс алуу комплексине ысымы ыйгарылган. 1-октябрь күнү эстелиги орнотулуп, жогоруда аталган эс алуу комплексинде музейи ачылды.



Аскар Салымбеков- өмүрлүк жолдошу:
**Гүлмира болбосо мен бүгүнкү ийгиликтерге жетмек эмесмин**



Гүлмира экөөбүз 1972-жылы абитуриент болуп келгенде таанышканбыз. Экөөбүз тең азыркы Улуттук университеттин тарых факультетине тапшырдык. Тарых факультети ал кездеги эң престиждүү факультет эле. Биз тапшырганда 1 орунга 15 абитуриент туура келип, конкурс аябай күчтүү болду. Багыбыз экен өтүп кеттик. Анан

студенттик жашоо башталды. Гүлмира сулуу, тыкан, аябай адептүү, анан да сүрдүү кыз эле. Эң мыкты окучу. Тымызын ичимден жактырып, акырын мамиле түзгөнгө аракет кыла баштадым. Ал шаардык кыз, мен айылдык бала... “Аскар кантип Гүлмиранын жүрөгүн багынтат?”- дешип курсташтарга да кызык болду. Мен алгач сабактан кийин үйүнө узатып барам, экөөбүз автобус, троллейбуска түшпөй, жөө сүйлөшүп барабыз. Киного чакырам. Айтор, аябай көпкө артынан чуркадым. Акыры ал менин сезимдерим туруктуу жана олуттуу экенин түшүндү көрүнөт, келечек жөнүндө экөөбүздүн оюбуз бир чыкты.

Ал кезде жашоо башкача болчу да, азыркыдай белектин түрү жок болчу. Кыздар үчүн китеп жана тирүү гүлдөр кымбат белек катары эсептелчү. Биздин группанын старостасы Валя деген орус кыз эле. Ошол бир күнү мага: “Аскар, сен айылдык жакшы жигитсиң. Жакшы кыз менен достошуп жүрөсүң, колуңдан келсе ага жасалма гүлдөрдү бербе, тирүү гүл бер”, -дейт. Мен: “Валя, мен Гүлмирага эч качан жасалма гүл бербейм”, - дедим. 29-январь кыштын кычырап турган мезгили, жеңердин туулган күнү болчу. Анда азыркыдай кышында тирүү гүлдөр сатылчу эмес да, табылбайт эле. Кубатбек Байболов экөөбүз дос элек, чогуу окуганбыз. Анын Ак үйдө иштеген бир таанышынын жардамы менен Гүлмирага пион гүлдөрүн белек кылгам. Ошондогу анын сүйүнүчү ай... Пион гүлдөрүн Кытайдын императорлору аябай баалашкан да. Ошол ыйык пион гүлдөрүнүн менин да келечек тагдырыма таасири чоң болду, анткени Гүлмира мага турмушка чыгууга макулдугун берди. Ошентип экөөбүз 1976-жылы 3-мартта баш коштук. Апам Гүлмираны аябай жактырды. Гүлмира экөөбүз 41 жыл бирге бактылуу жашадык, 2 уулдуу болдук.

Анда социалисттик система эле. Коммунисттик партиянын идеялары менен чоңойдук да. Ал кезде жеке



менчик капиталисттик көз караштар болушу мүмкүн эмес эле. Ошондуктан биздин кыялдар башкача болчу. Кийинчерээк улуу держава кулап, жашоо жана мамлекеттеги система такыр башка багытка бурулду. Анын агымы менен биздин да көз караштар өзгөрдү.

Улукбек 1977- жылы 13-сентябрда төрөлдү. Ошондо белгилүү советтик саясий ишмер, революционер Феликс Дзержинскийдин 100 жылдыгы белгиленип аткан. Советтик идеяларга сугарылган патриотмун да, анын үстүнө өзүм тарыхчы болсом, уулумдун атын Феликс койгум келди. Анан апама сүйүнчүлөп Ат-Башыга телефон чалдым. Апам да аябай сүйүндү. Атын ким коёрумду сурады эле: “Феликс коём”, - дедим. Апам: “Эмне дейсиң, ким дейсиң?”- дейт. Анда мен: “Апа, Феликс”, - дедим. “Аскар, токточу угулбай жатат. Азыр Имакени чакырайын, ошого айтчы”, - деди. Агам телефондон куттуктап, ал дагы атын сурады эле: “Феликс коём!” - дедим ишенимдүү. Анда агам: “Анча болду Ленин деп ат койбойсуңбу?”- деп атпайбы. Мен ошондо ал оюмдан кайттым да уулума досум Улукбек Чыналиевдин урматына Улукбек деген ысым ыйгардым.

Арадан бир канча жылдар өтүп, байлык, бийлик дегендин баарына колубуз жетти. Мына ушул нерселер Гүлмираны өзгөртө албады. Эч кандай өзгөрткөн жок деп эсептейм. Анткени Гүлмира илимпоздугун улантты. Албетте, менин колума-кол болуп ар тараптан колдоп турду. Мен ачык айтып коёюн, Гүлмира болбосо бүгүнкү ийгиликтерге жетмек эмесмин. Менин ушундай деңгээлге жетишиме Гүлмиранын салымы зор. Гүлмира илимди аябай барктачу, ошондуктанбы байлыкка таянып башкаларчылап 5 жылда илимдин доктору болгон жок. 1998-жылы кандидаттыгын жактады. Философия илимдеринин кандидаты болду. 2009-жылы саясат таануу илимдеринин доктору болду. 2016-жылы профессор деген

наам алды. "Илим алуу ийне менен кудук казгандай", - деген сөз даана Гүлмирага жарашчу. Азыр анын эмгектерин карап атам. Кандидаттык изилдөөлөрү өзүнчө бир бөлмөдө, докторлук иши боюнча изилдөөлөрү өзүнчө бир бөлмөдө сакталуу. Эмгекчилдиги менен илимге опол тоодой эмгек кылыптыр. Байлыкка таянса, ошончо эмгектенет беле? Гүлмира өмүрдөгү жетишкендиктерине байлык менен эмес, эмгек менен жетти. Мен анын илимий иштери менен сыймыктанам. Ал эми жасаган коомдук иштерин жалпы кыргыз эли билет, көптөгөн таланттарга жардам берди, аларды колунан келишинче колдоп келди.

Экинчи үй-бүлө күткөнүмдү, башка аялдар сыяктуу кызгануу менен кабыл алды. Бирок эки тарап тең бири-бирине жаман айтышкан жок. Гүлмира өтө билимдүү, ички маданияты күчтүү аял эле да, мени түшүндү.

Оорусу боюнча 2006-жылы Германиядан операция болду. Чоочун бирөө тургай, эң жакындары да билген эмес. Анткени Гүлмира каалаган жок. Ошондон бери 11 жыл медицинанын күчү менен кармалып жашап, иштеп келди. Эч кимге сыр алдырчу эмес. Чет өлкөлөрдө дарыланып жүрдү. Ден соолук азабын тартып жүрүп да элди ойлоп: "Мендей ооругандардын баары чет өлкөгө чыгып дарылана албайт", - деп заманбап медициналык борбор ачты. Акыркы көз ирмемдерге чейин жашоону сүйүп жашады. Ошол учурларда анын сабырдуулугуна, чыдамкайлыгына таң калдым. Күчүнүн жетишинче оору менен күрөштү, акыры бизди таштап кетти.

Акылдуу адамдар башкача болот экен. Анын кетээрин биз билип турдук, ал өзү да сезип атты. Кетип атып да бизди аяй караган аянычтуу көз карашы түбөлүк эсимде калды... Жакын адамын жоготуу кандай оор экенин мен айтпасам да билесиңер да. Ал мүнөттөр жүрөктө сакталып кала берет! Азыр анын карааны жетишпей турат. Ал баштаган иштерди улантуу биздин милдетибиз деп билем.



Гүлмира Мамбеталиева атындагы фонд түзүлүп, ишин баштады. Нарын университетинен 2 студентке, Улуттук университеттен 2 студентке, Дипакадемиядан 2 студентке айына 3 миң сомдон бир окуу жылга стипендия бермек болдук. Ошондой эле Гүлмира окуган В.П.Чкалов мектебинен 2 окуучуга айына 1 миң сомдон бир окуу жылына стипендия бермек болдук. Айылыбызда Гүлмира Мамбеталиева атындагы паркты ачтык. Дегеле пландар көп. Кудай буюрса, аларды ишке ашырабыз. Бизге билинбей эле ал элге көп кызмат кылган экен...

Улукбек Салымбеков, уулу: **Апам менин арманым болуп калды**



Апам аябай мээримдүү болчу. Ал сыртынан аябай сүрдүү көрүнгөнү менен үйдө аябай мээримдүү эле. Ошол эле учурда мени ашыкча эркелеткен жок. Дайыма бир калыпта кармап келди. Мен 15 жашка чыкканча атам менен апамдын жалгыз уулу болдум да. Анан иним Кубат төрөлдү. Атам жумуштар менен алектенип, убактысы аз болчу. Негизи тарбияны апам берди. Ал кезде Союз мезгили эки бөлмөлүү квартирада жашачубуз. "Улук, оку, жакшы оку", - деп менден талап кылчу. Мен дагы апамды уят кылбайын деп аракеттенип, намыстанып эң жакшы окучумун. Кийин байыдык, чет өлкөдө окудум. Анда да: "Улук, балам, жакшы оку, сен атаңа тирек болушуң керек,



атаңдын ишин улантышың керек", - деп айтып кулагыма куйчу. Ошондон улам чет өлкөдөн билимди алып, анан кайра Кыргызстанга келип иштеп калдым. Кандайдыр бир ийгиликтер болуп калса дароо апама сүйүнчүлөп айтчумун. Апам менен сүйлөшүп отурган кездерим, бактылуу учурларым экен. Апам жанда жок боорукер, акылдуу болуп башкалардан айырмаланып турчу. Кеп-кеңеш сурап кайрылгандар абдан көп болчу. Жөн эле кеңештерин берип койбостон, материалдык, акчалай да жардамдарды көп берчү. Билимге кызыккан жаштарга, таланттуу адамдарга да көп колдоолорду берген. Бирок берген жардамдары тууралуу эч сөз кылбачу. Элибиздин арасында өнөрлүү адамдардын жараткан ийгиликтерин угуп чын ниетинен кубанчу. Көрсө апам элдин адамы экен. Азыркы күнгө чейин апам жардам берген адамдар ыраазычылыктарын айтып келишет.

Өкүнгөнүм - апамдын операция болгонун, ооруп жүргөнүн кеч билгеним. Мага эки жыл өткөндөн кийин апам өзү айтты. Укканда аябай жаман абалда калдым. Көрсө, энелик жүрөгү менен мени аяптыр да. Ички сырын эч кимге билдирбей бекем сактачу, ошондуктан оорусун эч ким билген жок да. Анан дарыланып жүрдү, жакшы болот да, бир аз убакыттан кийин кайра башталат. Катуу ооруганын башкага эмес, баласы мага көрсөткүсү келген жок. "Мен эл көзүндө жаркылдаган боюнча калайын", - деп койчу. Апамдын мага айткан акыркы сөзү: "Мен көп иштерди жасашым керек эле, үлгүрбөй калдым. Эми сен улант, уулум. Элге кызмат кылуу, элдин уулу болуу да зор бакыт. Элдин ыраазычылыгынан откөн сый-урмат жок! Элге кызмат кылсаң, элиң сени ар качан баалап алат", - деп айтты. Ошондо көзүмө жаш айланды... Асманым кулады... Бирок ажал улук да, чындык да тура. Азыр апамды эстегенде, үйгө барганда ыйлайм... Эне жоготуу кандай оор..

Тарых жана саясат таануу илимдеринин доктору, профессор Аалыбек Акунов:

**Илимий эмгектери кийинки муундар үчүн кызматын кыла берет**

Гүлмира Сулаймановна менен илим изилдөө багытында көп жылдар бою бирге иштештик. Анын докторлукту жактоо боюнча ишине илимий жетекчи болчумун. Темасы эл аралык мамилелер чөйрөсүн камтыган, бир жагынан татаал болсо, экинчи жагынан терең тарыхый билимди талап кылган, изилдөөгө алынуучу материалдардын көптүгү жагынан да айырмаланып турган маселелерге толо эле. Фундаменталдуу терең билими бар, ойчул жана эмгекчил Гүлмира Сулаймановна бул проблеманы ар тараптан изилдеп чыгууга жетишкен.

2009-жылы Г.С.Мамбеталиева «Улуттардын Шериктештиги азиялык мүчө-өлкөлөрдөгү саясий процесстердин фактору катары» деген темада докторлук диссертациясын ийгиликтүү жактап, саясат таануу илимдеринин доктору даражасына ээ болгон. 2016-жылы 24-ноябрда саясат таануу адистиги боюнча профессор окумуштуулук наамы ыйгарылган.

100дөн ашуун илимий эмгектердин, анын ичинде 5тен ашуун монографиянын **жана** жогорку окуу жайлар үчүн окуу китептердин автору болгон. Ал калемдеш болгон “Саясат таануу” окуу китеби Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан ЖОЖдордун студенттери үчүн “Саясат таануу” предмети боюнча окуу китеби катары сунушталган. Андан тышкары ал калемдешип жазган “Адам укуктары. Демократия. Бийлик” окуу куралы оригиналдуу энциклопедиялык сөздүк катары кызмат кылууда. Гүлмира Сулаймановнанын жаркын элеси биздин эс-тутумубузда түбөлүккө кала берет. Анын жазып калтырган



илимий эмгектери кийинки муундар үчүн кызматын кыла берет.

Тынчтыкбек Чоротегин-профессор:

**Эжекебиз эрктүү да, мээримдүү да инсан эле**

Гүлмира Сулайман кызы Мамбеталиева эжекебиз болгону алтымыш бир жаштын чайын ичe баштаганда мезгилсиз дүйнөдөн кайтты. Азыркы учурдун цивилизациялык сереси, бул жашты чыгармачыл жана башка коомдук баамдан алганда нагыз толукшуп турган чак деп мүнөздөйт.

Эжекенин негизги илимий эмгектеринин диапозону өтө кеңири болду: эл аралык мамилелер, азыркы дүйнөлөшүү жүрүмдөрүнүн шартындагы саясий жана философиялык көйгөйлөр, ошондой эле демократия, адам укуктары жана гендердик саясаттагы жаңы баскычтар жана башка илимий маселелер анын эмгектеринде ургаалдуу чагылдырылган. Гүлмира эжекебиз болсо илим, маданият жана көркөм өнөр жаатында даректүү жана натыйжалуу каржылык колдоо көрсөткөн коомдук ишмер катары өз ордун жана колдоого муктаж багыттарды мыкты таразалай алган инсан эле.Кыргыздын туңгуч этнограф айымы Какен Мамбеталиева атындагы коомдук фонддун төрайымы катары ал этнография, археология, антропология адистеринин башын бириктирген эл аралык жыйындарды бир нече ирет уюштурду.

Пост-советтик доордогу бир катар жаңычыл эмгектерге да эжеке демөөрчү болуп басмадан чыгартты. Өзү кыргыздын көрүнүктүү журналисти, далай жылдар гезит редактору болгон Сулайман Мамбеталиевдин кызы болгондуктан кыргыз тилин мыкты билчү. Нарындагы В.Чкалов атындагы орус мектебин мыкты бүтүргөн, орус тилинде да жогорку деңгээлде жаза билген адис эле. Кээде

илимий жыйнактардын текстин редакциялоодо ушул эки тилдеги терминдер тууралуу эжебиз менен талкуулашып турчу элек. Мындан улам анын китепти редакциялоо ишине эч кайдыгер карабаган, талапчыл жана кош тилде сөз байлыгы терең дареметтүү сапатын байкап, ыраазы болуп калганымды кошумчаласам ашыкча болбос. Албетте, Гүлмира эжекенин бул сыяктуу ар кыл багыттардагы демөөрчүлүгүн жана илимий-педагогдук жана башка багыттардагы ишмердигин жан дили менен жана ыраатуу колдоп, аларды каржылашкан инсандар: анын өмүрлүк жубайы, демөөрчү, коомдук ишмер жездебиз Аскар Салымбеков жана алардын уулу, жээнибиз Улукбек экендигин ыраазылык менен баса белгилөө керек. Эжекебиз эрктүү да, мээримдүү да инсан эле. Айрым бир маселеде талаша кеткенде жүйөөнү уга билчү. Акыры позитивдүү чечим чыгарууга бара алгандыгы, ар кандай турмуштук тар жол, тайгак кечүүдө өзгөчө прагматик инсан экенинен кабар берчү. Аттиң, айыккыс оору деген Гүлмира эжекебиздей асыл инсандарды да аңдыйт тура! Акыркы айларда телефон чалып жолугууга далалат кылдым, бирок эжекебиз ширесинен ажырап бара жаткан мөмө сымал эң соңку аялуу учурун бизге көрсөткүсү келбеди. Өтө жакындарынын айтымында, ал ар мүнөттү үмүткө, тилекке байланып, жашоодон күдөрүн үзбөй жатып дүйнө салды. Айтылуу гуманист жана ишкер Стив Жобс да мындай азаптуу ооруга жеңилүүгө дуушар болгон. Жамы журтубуз урматтаган айтылуу ишкер Табыке Эгембердиев агабызды да бул оорудан эч ким арачалап кала албады. Дарыгер академиктер да бул жагдайда алсыз...Бирок шум ажал бир нерсени жеңе алган жок, Гүлмира эжекебиздин жаркын элеси ар дайым жүрөгүбүздө калат, анын жасаган кайрымдуулук иштери ар дайым эл-жерине мөмөсүн берип келет, анын секулярдык, демократиялуу, көп партиялуу жана



парламенттик башкарууну көздөгөн идеялары окуу китептери жана илимий эмгектери аркылуу болочоктогу муундарды тарбиялоосун улантат.

Жумабек Салымбеков, кайниси:
**Мага жеңе эмес, эже болчу**



Мен жеңемди “жеңе” дебей, “эже” дечүмүн. 17 жашымда колуна келдим. Ага чейин ата-энем Нарында иштешип, мен чоң апамдын колунда чоңойдум. Ошондо чоң апам: “Жумабек адам болом десең, Аскар менен Гүлмиранын тарбиясын ал”, - деп айтчу. Мени бардык жактан тарбиялаган Гүлмира эжем болду. Конок

күткөндү, адамдарга мамиле жасаганды, каада-салтты Гүлмира эжем үйрөттү. Эжемде аялзатына тийиштүү көп асыл сапаттар бар болчу. Ал акылы, кеменгерлиги менен мен өңдүү жаштарга кеңешин айтуудан тартынбачу. Көбүнчө турмуштан кыйналган жаш кыз-келиндерге акылын айтып, жардамын берип турчу. Өз алдынча изилденип аракет жасап иштегендерге, чыгармачыл адамдарга көп колдоо көрсөтүп турчу. "Жаштар элибиздин келечеги! Көп окугула! Өз алдыңарча изденгенден талыкпагыла"-деп көп айтчу. Эжем менен сүйлөшкөндө оюмдагыны тартынбай айтчумун. Ал өтө сезимтаал эле. Адамдын оюн бир карап билип, сезип турчу. Кимге болсун колдоо көрсөтүүдөн эч аянбачу. "Чыгармачыл адамдарга талантты кудайым сүйүп берген. Алар кыргыз элинин жүзү",-деп көп айтаар эле. Китепти окуганды жакшы көрчү. Тууугандардын ортосундагы ынтымакты сактаганды каалачу.

Мен анын ооруп жүргөнүн билген эмесмин. Эжемдин оорусун укканда аябай жаман болдум. Каза болоордон бир топ күн мурда, Гүлмира эжеме бардым. Ал мага туугандардын жеке мамилесине байланыштуу үч аманат калтырды. Ал аманаттарды өз мезгилинде ишке ашырууга аракет кылам. Ал бизге бардык тараптан үлгү болду. Азыркы күнгө чейин Гүлмира эжемдин бизди таштап кеткенине ишенбейм.

Аскат Мусабеков, ырчы:

**Гүлмира эжемдин колдоосу жолумду ачкан**

Гүлмира Сулаймановнаны мен биринчи ирет 7-класста окуп жүргөн кезимде 1999-жылы Нарын шаарына облустук «Жаш таланттар - 1999» кароо-сынагына барганда көрдүм. Ал кезде эже эл аралык «Мээрим»



фондусунун Нарын облустук бөлүмүн жетектечү. Ал сынакка мен комуз чертип барган элем. Анан кийинки жылы да конкурска катышып Ат-Башы районунан, кийин Нарын облусу боюнча дагы комуз менен ырдап 1-орунду ээлеп, республикалык сынакка катыша турган болуп жолдомо алып калдым. Анан ошондон баштап Гүлмира эжем менен жакындан тааныш боло баштадым. Ошол конкурска барарымда өзү кошо чуркап даярдай баштады. Бир курдай кабинетине отуруп алып өзү иштегенче мени ырдатып: «Бул жерин минтип ырдап кой. Ал жерин башкачараак созуп ырда», - деп даярдаганы алигече эсимен кетпейт. Ошондо эжекебиз мени улуу жолго сүрөмөлөп аткан окшобойбу... Улуу жол демекчи, Гүлмира эже ошол кездерде биздин муундагы бир топ таланттуу балдарды өстүрдү. Ошол эле Силима Абдылдаева, Жийдеш Идирисова, мен, Талант Карагулов ж.б. азыркы чыгармачылыктын казанында кайнап жүргөн таланттуу жаштардын алгачкы сахнадан тушоосун кескен Умай энебиздей эле болуп калган эле. Ошол кездеги Гүлмира Сулаймановна берген дем-күч, шык менен биз улуу өнөр деген жолго аттанып, чоң сахнага бет алганбыз. Менин сары майдай сактаган сандыгымда Гүлмира эжем тапшырган бир топ грамота, дипломдорум сакталып турат. Бул мен үчүн ыйык таберик, чоң сыймык. Эсимде 2014-жылды тосордо 31-декабрь күнү кечке жуук Гүлмира эжеге телефон чалып Жаңы жылы менен куттуктап, андан кийин: «Сүйүнчү, эжеке, уулдуу болдум! Агабыздай мартабасы бийик, элинин карманар туткасы болсун, улуу адам болсун деп атын Аскар койдук»,- дедим. Эже аябай сүйүндү. Батасын берип алкады. Абдан жакшы тилектерин айтты. Эсил кайран эжебизди эми кайра көрбөй калаар күндү эстеп, кээде чындап эле ичим туз куйгандай ачышат... Эжем көп жашаганда мен өңдүү таланттарды

колдоп, бийиктиктерге сүрөп турмак. Эжемдей акылман, кеменгер, боорукер адамдар жок.

Фатима Мамбеталиева, бир тууган синдиси:

**Эжемдин көчү уланат**

Менин Гүлмира эжемдей адам жок. Ал жанда жок боорукер, кайрымдуу, акылман, кеменгер болчу. Бул жашоодогу мен үчүн чындап күйгөн, акыл кеңешин, жардамын эч аябаган адамым эле... Гүлмира эжем өзүнүн өмүрүн илим, маданият, кайрымдуулук жана коомдук иштерге арнаган кыргыздын чыгаан кыздарынан болду. Анын демилгеси менен канчалаган китептер жарыкка чыкты. Андан тышкары жүздөгөн жаштардын талантын ачып, дүйнөгө өлкөбүздү таанытты.

"Балтаттуу" бейөкмөт коомдук бирикмесинин төрайымы, саясат таануу илиминин доктору, Дипломатиялык Академиянын профессору Гүлмира эжем эл үчун көптөгөн иштерди аткарып, артына өчпөс из калтырып кетти. Эжемдин элине, бир туугандарына, өсүп келе жаткан жаштарга кылган ак эмгектери эч унутулбайт. Үзүрлүү эмгеги менен үлгүлүү жашоосу башкаларга ар дайым өрнөк болуп кала берет. Эжемдин жанында жүрүп көп нерсени үйрөндүм. Эң башкысы мени өз алдымча болгонго үйрөткөнү, мага жашоонун эшигин кенен ачып бергендей болду. Ал мага Ала-Тоодой жөлөк болчу... Эжемдин жоктугу азыр да сезилип турат. Ал ар бир адам менен тил табыша билчү. Көрсө эжем аябай жөнөкөйлүгү менен элди өзүнө тартып турчу экен. Жакында айылга барып орто мектептин үч окуучусуна ардак грамота жана колдоо көрсөтүп келдим. Эжемдин иши токтоп калбасын деген ой менен, баскан изин улантууну максат кылып койдум. Эжемдей боло албасам да, анын изине түшүп,



аракеттенүүдөмүн. Эжемдин элеси жүрөгүмдө сакталып турат! Гүлмира эжем мен үчүн түбөлүк тирүү!

**Көч уланат**

Сиз тиккен чырпык чынар болуп,
Жетилди асманга бой тиреп.
Бир гана өзүңүз жоксуз Гулмира эже,
Бүгүн турам, чындап сизди эскерип!

Ажайып акылман жан элеңиз,
Жаштарга өзгөчө тирек болгон.
Ыйлап, ыйлап кала бердик,
Алдырып коюп, сизди колдон.

Элесиңиз жашап биз менен,
Сизди эстейт элиниз ар дайым.
Сиз баштаган көч уланат,
Жакшылыгын берсин кудайым!

***Нарынбек кызы Зуура***

**Шакен Мамбетаипова –**
**Акын, сүрөтчү, саймачы**



Шакен Мамбетаипова эже Кыргызстанда элдик жасалга-колдонмо өнөрдүн уюткусун сактаган адам катары таанылган.

Ал өз чыгармаларында элдик уздардын салттуу өнөрүн улантуу менен алардын эң сонун жетишкендиктерин профессионал сүрөтчү катары өз заманындагы турмуш чындыгын чагылдырууда жаңычылдык менен пайдаланган.

Өз алдынча изденгенден чарчаган эмес. Шакен эжебиз башкаларды кайталабай, өз чыйырын салып кетти. Өзү чыгармаларына өзгөчө дем берип турганы ачык көрүнүп турат. Эжебиз талантын аздектеп көтөрө алган. Жалпысынан Шакен Мамбетаипованын жасалга-колдонмо багытындагы эмгектери республикабыздан тышкары Монреаль, Москва, Санкт-Петербург, Кишинев, Ташкент, Душанбе, Ашхабад, Алматы сыяктуу шаарларында,



айрымдары Алжир, Монголия, Индия, Болгария, Германия, Түркия сыяктуу өлкөлөрдүн музейлеринин туруктуу экспонаты болуп калган.

*Кыргыз эл сүрөтчүсү, акын Шакен Мамбетаипованын* ар кыл эмгектери Кыргыз Совет энциклопедиясына басылып, чет элдик басма сөздө да жарыяланган. Ал өнөрчүлүктүн нугунда гана иштебестен, живопистик этюддар менен да кыйла жемиштүү эмгектенген. Өз учурунда Шакен Мамбетаипова Кыргызстандын элдик чеберлери менен эң керектүү жана масштабдуу иштерди жүргүзгөн. Шакен эже "Кыял" элдик кол өнөрчүлүк бирикмесин уюштуруучулардын бири болгон. Кийинчерээк анын башкы сүрөтчүсү болуп иштеп, сегиз жыл бою республиканын жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Борбордук көркөм-эксперименталдык лабораториясын жетектеген. Өзгөн шаарындагы килем токуу фабрикасын уюштурууга да жигердүү катышкан. СССР убагында СССР Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү болуп, "Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген ишмер" ардактуу наам алган. Кыргызстан өз алдынча мамлекет болгондон кийин 1993-жылы кыргыз аялдарынын ичинен биринчи болуп "Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүсү" аттуу наамга татыктуу болгон. Шакен эже эки өнөргө тең изденип, жан отун берип иштеди. Анын поэзиясы сүрөткерлигине, чебердигине жуурулуп, сүрөтчүлүк өнөрү поэзиясында айкашып турат. Шакен эже чийге түшүрүлгөн “Төө жетелеген аял” деген эмгеги менен дүйнөгө таанылды. Анын сүрөт көргөзмөлөрү союздук республикалардан сырткары дүйнөнүн бир топ өлкөлөрүндө өткөн. Сүрөт эмгектери да улуттук көркөм дөөлөттөрдү даңазалап турат.

Акын жана Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүсү Шакен Мамбетаипова сүрөтчүлүк менен кошо ыр да

жазып, "Кыргыз пейили", "Байыркы жылдыздар", "Улуу тоолор", "Оюмдагы обондор" деген ыр жыйнактарын чыгарууга жетишкен. Шакен Мамбетаиpraванын аталган жыйнагын уулу, журналист-акын Жыргалбек Касаболотов басууга даярдап чыгарган.

Шакен Мамбетаипова көп жылдар ооруп жүрүп бир миң тогуз жүз токсон бешинчи жылы элүү жети жаш курагында кайтыш болгон. Китептин "Жалгыз терек" бөлүмүндөгү "Жалгыз терек" деп аталган ыры акындын өмүрүнүн соңку учурларында жазылган ырлардан:

*Самап келем, алыстан самап келем,*
*Сагынычым таркабай карап келем.*
*Аталардын калтырган эстелиги,*
*Балдары үчүн чоң медер, канат белем.*
*Мен өлсөм да кун бүтүп жаза тайып,*
*Сен өсө бер терегим, бутак жайып.*
*Экөөбүз тең жок болсок бул дүйнөдө,*
*Аты өчпөйбү атамдын Мамбетайып.*

***

Акын, сүрөтчү Шакен Мамбетаипова Тоң районундагы Туура-Там айылында 1936-жылы 20-ноябрда туулган. 1951-жылы Жети-Өгүз районундагы Покровка айылында турмуш-тиричилик комбинатына тигүүчү болуп кирген. 1960-жылы өзүнүн оюулар чийилген альбому менен Фрунзедеги Кыргыз ССРинин Сүрөтчүлөр союзуна кеңеш алуу үчүн келет жана Көркөм фонддун килем жасоочу цехине саймачы, **Фру**нзе шаарындагы көркөм буюмдар фабрикасынын башкы сүрөтчүсү болуп орношкон. 1965-жылы Оштогу ВЛКСМ атындагы жибек комбинатына которулуп, көчүрмөчү болуп иштейт. 1966–1970-жылдары Көркөм окуу жайынын прикладдык бөлүмүндө окуган. Ошол эле мезгилде Кыргыз ССРинин



Тарых музейине сүрөтчү-реставратор болуп иштейт. 1968-жылы Бүткүл дүйнөлүк студенттердин жана жаштардын IX фестивалына катышып, жергиликтүү өнөр жай министрлигинин борбордук конструктордук техникалык бюросунун көркөм ишканасында улук инженер-сүрөтчү, 1971-жылдан СССР Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү. 1975-жылдан Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген ишмер, 1994-жылдан «Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүсү» болгон.



*Дамира Алышпаева, КР маданият жана маалымат министрлигинин башкармалыгынын башчысы:*

## Акын жана эне катары жашоодогу өз парзын аткарып кетти

Шакен эже бойлуу, кара торунун сулуусу, ажайып киши эле. Эже менен иштеше баштаганда жогорку окуу жайын жаңы бүтүрүп келген жаш кезим. Ар дайым эле "Жети-Өгүзгө барып келиш керек" деп турчу. "Ал жакта эмнеңиз бар?" десек, "Кайын атамдан калган үй, өрүкзар бар, аларды карап туруш керек" деп калчу. Күйөөсүнөн балдарынын кенжеси үч жаш кезинде ажырап, алты баланы чоңойтуп, бутуна тургузду. Азыр кол өнөрчүлүк өнүгүп, бул жакта иштөө анчалык деле жаңылык эместей сезилип жатпайбы, анда улуттук кол өнөрчүлүктү унутуп бараткан͏быз, улуттук салтка кайрылуу чоң жаңылык болчу. Кийизге түшүргөн оймолору, туш кийиз саймасы, чийге сүрөт түшүргөн. эмгектери баалуу. Эже сүрөтчү, акын жана эне катары жашоодогу өз парзын аткарып кетти деп эсептейм. Арадан көп убакыт өтсө дагы эженин эмгегин эли эскерип отурат. Анткени эже эмгеги менен жана ыймандуу уулдары кыздары менен артында из калтырып кете алды. Кудайым ар бир адамга ушунчалык талантты, ырыскыны бере бербейт. Берсе да ырыскыны, дөөлөттү көтөргөн адамга берет эмеспи. Учурунда эже талантын аздектеп көтөрө алды. Жашоодон өз ордун таап, өз өнөрүн аздектеп сактап гана чектелбестен. Аны башкалар менен да бөлүшө алды. Элине татыктуу эмгек жасай алды деп айта аламын.



## Юристанбек Шыгаев, Кыргыз эл сүрөтчүсү: Элдик өнөрдүн уюткусун сактап келген

Шакен Мамбетаипова элдик өнөрдүн уюткусун сактап келген сүрөтчү болгон. "Кыял" кол өнөрчүлүк бирикмесинде иштеп жүргөн жылдары эженин эмгектери Кыргызстандын бренди катары өлкөбүздү даңазалап келген. Анын кол өнөрчүлүк эмгектери Монреаль, Санкт-Петербург, Москвадагы көргөзмөлөрдө коюлган. Биринчилерден болуп элдик өнөрдү профессионалдык деңгээлге чыгарган. Ал декоративдүү прикладдык искусство жанрында эле эмгектенбестен, живопись жанрында да ийгиликтүү иштеген сүрөтчү болгондугу белгилүү. Шакен Мамбетаипова сүрөтчү катары кол өнөрчүлүк менен гана иштебестен, живопистик этюддар менен ийгиликтүү иштегенин искусство таануучу Людмила Прыткова анын боёк менен тартылган "Крым кайрыктары", "Тоолуу айыл", "Арсланбап", "Гурзуф", "Суусамыр", "Беш-Таш" аттуу этюддары анын ар тараптуу талант экенин айткан. Шакен Мамбетаипова сүрөтчү гана эмес, акын да болгон. Анын "Кыргыз пейили", "Ырлар", "Байыркы жылдыздар", "Улуу тоолор" аттуу ыр жыйнактары акындын көзү тирүүсүндө жарык көргөн. "Боёктор" аттуу ырында Шакен Мамбетаипова сүрөтчүлүк өнөргө урмат-сыйын көрсөткөн.

Шакен эженин Кадамжайдын маданият үйүнө заказ боюнча жасап берген эмгеги мага абдан жаккан. Сахнадагы көшөгөнү ушунчалык берилип саймалап, кооздоп чыккан. Адамгерчилиги бийик, дасторкону кенен, ички да, тышкы да салабаты сонун киши эле. Алты баланы тарбиялап өстүрсө, балдар-кыздарынын баары элге кызмат кылган адамдардан болушту. Кыздары Жыргал, Дамира апасынын жолун жолдошсо, кенже уулу Жыргалбек Касаболотов белгилүү акын жана журналист, калган балдары да таланттуу адам болгонун билебиз.

## Чоюн ӨМҮРААЛЫ уулу:
## КЫРГЫЗ КЫЗЫ

*Сүйүү болсо сүрөтчүнүн дилинде*
*Сүйлөйт сүрөт бардык элдин тилинде.*
*...Талант болсо акындардын дилинде*
*Таңшыйт ыры бардык элдин тилинде.*

***Ш.Мамбетаипова***

Ар бир адам – айтылып болгус сыр, ачылып бүтпөс табышмак. Акыры сыр-табышмагы өз башы менен кетээр. Эми ошол «акыркысына» чейин адам эмне болгон адам, неткен жашоо өтөдү, кандай из калтырды артына? Мунун жообу – эл ичинде, өмүр өтөлгөсүндө, калтырган мурасында. Адамдын өмүрүн, ишин баалоодо ар кандай чен-өлчөмдөр болоор, ошентсе да баарыга тиешелүү, үңгүлүү бир талаптардын да бар экени чын. Ал – Эл жана Адам, Мезгил жана Тагдыр маселеси. Элдин сынынан, мезгилдин талабынан ар ким эле дадил өтө бербейт. Жеке дараметтен артылып жалпынын кудуретине өскөн жан – элдин тагдырына өзөктөшкөн жан. Мындай адамды, адатта, артына үлгү-сабак калтырган деп айтышат. Сыймык менен!

Шакен эже мына ошондой байымдуу жан болгон. Анткени ал жеке тагдыры менен жалпы элди, тагыраак айтканда кыргызды дагы бир аз, бир аз кыргызыраак... кыргызыраак кылып кеткен тунук кыздарынын бири эле. Кыргыз да, кыргызчыл да! Кош канаты бирдей шилтенген акындык да, сүрөтчүлүк да өнөрүндө! Анын алтымышка чыкпай кеткен өмүрүнүн бир кезеңинде мен да ал киши менен азыноолак тааныш болдум. Чыгармачыл баарлашууларды баштан кечирдик. Демек, Эжей тууралуу бирин-экин сөз кылсак, бул, сырттай кишинин тоң байкоосу эмес, аралаш жүргөн адамдын ичтен сызылган



байымы-баамы болмок.80-жылдардын ортосунда кыргыз сыналгысында иштеп, элдик уз-усталар жана профессионал сүрөтчүлөрдүн чыгармачыл бейнесине арналган көрсөтүүлөрдү даярдап жүрдүм. Эже «Кыял» бирикмесинде жетектөөчү адис эле. Ошондо калк ичиндеги качантан берки салттуу узчулуктун учугун жоготпой, аяр карманып келатышкан акыркы могикандар менен бирге ал өнөрдү жаңы, «алтымышынчы» аталган замандын ыргагына шай жууруп өнүктүрүп кеткен Жеңилдик Аралбаева, Нурай Асановалар баш сабында турган сүрөтчү-уздардын бир мууну активдүү узданып жатышкан учур эле. Албетте, алардын көч башында болуп, ошол кыркаарды шаңдап да, шаанисин арттырып да турган көзгө басаар адис сүрөткер – Шакен Мамбетаипова болчу. Биринчи эле чыгармалары ошол 60-жылдардын ичинде эле кыргыздын «Төө жетелеген кызындай» дүйнө көргөзмөлөрүн кыдырып кеткен. Сүрөтчү демекчи, кыргыз профессионал сүрөт өнөрүнүн башатында турган, кыргыз зилин, дилин торгой таңшыган эсил Чуйковдун керемет полотнолорунун бири – «Таң». Анда жайлоонун мөлтүр таңы, дене ичиркенткен кашка суу, суу кечкен чыт курсак жылаңач бала, жана Жаңы Күнгө колун серепчилей берген аял. Ооба, шаң-салтанаты келишкен, бүт тулкусунан кыргыздын касиети, мээри-куту төгүлгөн аял, эне! Эгерде анын – Чуйковдун – «Кара Мадоннасын» бүткүл үмүткөр Индиянын, «Советтик Кыргызстандын кызын» жаңыга умтулган мүлдө кыргыз кызынын символундай түшүнсөк, ал эми «Таңдагы» эненин образы кыргыз аялынын тазалыгынын, бийиктигинин, сүйүүсүнүн, мээриминин жана энеликтин улуу элесиндей көрүнөт.

Кечээги 70-80-жылдарды мурдагы зор державанын улут саясатына кыйла эле доо кетип, «жаңы совет адамынын тиби» деген ураан алдында саны аз улуттарды орусташтыруу саясаты тымызын, активдүү күч алып

турган кездери жеке чыгармачылыгында улуттук өнөрдү сактоо, өстүрүү ишине башын сайып, өнтөлөй киришкен анын жеке борумунда калбаат жүрүш-турушу, коңур мүнөзү, саал бир жагына оой тарап, аркасына түйүлгөн дүйүм чачы, сулууча тору өңү, үстүндөгү жеңил белдемчи, жарашык саймалуу улуттук бешмантынан өйдө башкалардан бөлүнгөн шаң-сөөлөтү башкача эле, ошол мезгил агымына каршы ыргытылган улут жанынын бунт-каяшасындай эле. Мен андан, келечектен, өнө боюнан кут төгүлгөн балпайган кыргыз көөлгү байбичесинин элесин көрөр элем. Кыргыз Чоң Эненин нукуралыгын таанып элем. Аттиң, ал ошол мен ойлогон курак-жашына, мен элестеткен умай образына жетпей калды. Алтымышка чыкпай арабыздан бөлүндү.

Менин колумда – эженин тандалмалары.

Оболдогу максатым–китептин маани-маңызы, кыргыз поэзиясындагы орду, автордун теги-жайы тууралуу дүң ишааратан окурман журтуна сунуштап коюу эле.

Ырасында чыгарма тууралуу, төтөн, поэзия тууралуу ар бир окурмандын өз ою, кабылдоосу болот. Ага сен өз көзкарашыңды чыгарма чыга электе эле маалымдап турушуң – кээ бирлерге өзүңдү кандайдыр тануулап жаткандай да туюлушу мүмкүн. Анткени, биринчиден дегеле 50-жылдардын аягы, 60-жылдардын башында адабиятка бир мезгилде киришкен аялдардын поэзиясы бири-бирине салыштырмалуу алиге анык баасын ала элек. Системдүү иликтөөгө илине элек. Озунуп-теминип сыйлык алып кетишкендердин ысымы көп учурда өзүнөн соңкулардын жолун бууп, көлөкөлөп-көшөгөлөп туруп алган жайы бар. Экинчиден, ачык делбесе, айтылбаса да Ш.Мамбетаипова, Ж.Аралбаева сыяктуу аралаш кесипти аркалап кетишкен акын аялдардын поэзиясына кандайдыр өгөйлөө, жалаң адабият (муну таптаза же профессионал адабият деп түшүнүшөт) менен алпурушпаган сырттагы



адамдар сыяк мамиле сакталат. Үчүнчүдөн, жулунуп-бүлүнүп жүрүшүп көзү тирүүлөр алып-жулуп жатышкан сый-шыбагалардан көзү өтүп кеткендер куру калышат. Ал эми алардын мурасында айтаар, дээр, чындап сыйлаар өзгөчөлүктөр, жетишкендиктер жок эмес, а кээсинде кыйла дагы. Ошонун бири – ушул «тандалмалар». Андыктан арбакты сыйлап, экинчи чети китепти колуна алган орто окурманга анын бу саам кандай сүрөткер менен иши чыкканын кабардар кылып, алгы сөздү саал кеңите айтмакчыбыз.

Бул китептеги бир катар ырлар мурда жарык көргөн. Бирок негизи – жаңы, мурун жарыялана элек ырлар. «Жаңы» дегенди деле биерде шарттуу түрдө түшүнүш керек. Анткени эже арада бир катар жылдар бою ыр жазганды таштап койгон. Уулу Жыргалбек Касаболотов колуна калем кармап чыккандан баштап. Бул да бир өзүнчө кыргызчылык элдик мүнөз. Соңунда бирөө, же инилери, же балдары атанын же эненин изин басып иш кылып чыкса, анын табышын кыраакы аңдышкан улуулар «кой, кичүүдөн жол талашамбы» деп акырын четтеп артына жол ачып коёт, астейдил. Бул – эл улуулугунун бир учкуну. Эже да кезинде ошентип калем кармабай койгон. Бирок, кийинче, денсоолуктан азып, оору жанын акырындап кыйнап баштагандан тарта кайрадан эрксиз калемин кармаган. Аппак кагаз менен ак дилинен сырдашып, муңдашып… Айтса, анын жан түйшөлткөн не бир күчтүү чыгармалары дал ошол кездери жазылыптыр. Адатта, акынды ал кандайдыр күчтүү таасирди баштан кечиргенде тереңинен кайрадан «жарылат» деп коюшат. Чындыгы бар кеп. Акындын кыйла ырлары, төтөн «Жалгыз терек» бөлүмүндөгү ырлары ошондой. Акын биерде өзгөчө кырында терең ачылган. Жана биерде – дарт азабы гана эмес, жалпы эле жеке жазмышы, согуш кезиндеги балалык, соңку оош-кыйыш турмуш, түркүн-түркүн тагдырлар

менен бетме-бет кагылыш, табылыш ж.б. ж.б. темалардагы жан толгоосу күч. Мындай ырларын көздөн сыдырып отуруп акын жашоо үчүн жандалбас күрөшүп жаткан кездеринде (сөздүн түптүз денсоолук маанисинде) эле эмес, жалпы эле турмуштагы максаты үчүн, андагы өз ордун табыш үчүн, элге ак кызмат кылыш үчүн, аруу сүйүү үчүн тынымсыз күрөшүп жашап келгенин туябыз. Башкача айтканда, ал ар кыл темадагы ырларында да өз-өзүнчө «жарылып» ачылган. Бул анын өз ырларын «жасабагандыгынын», турмушта дал ошол ой, сезим, үмүт, санаа, сүйүүлөрдө нак жашагандыгынын күбөсү, натыйжасы. Ушул өңүттө бүтүндөй бир бөлүмгө ат берген, атадан балага керээз келген Жалгыз терек тууралуу ыр символдуу.

… Самап келем, алыстан, самап келем,
Сагынычым таркабай карап келем.
Аталардын калтырган эстелиги
Балдары үчүн чоң медер, канат белем.
Мен өлсөм да күн бүтүп жаза тайып,
Сен өсө бер, терегим, бутак жайып.
Экөөбүз тең жок болсок бул дүйнөдө
Аты өчпөйбү атамдын Мамбетайып.

Акындын бүткүл өмүрү мына ушул шам жанган Терек-Символдун, башкача айтканда Жашоонун кадырына жетүү. Өлбөс-өчпөс, түбөлүктүү, миң кыл балбан турмуштун өзөгүнө өтүү. Анын бул аракети – жемиштүү.

Билебиз, 60-жылдардын баш ченинен тарта адамдын космоско суурулуп чыгышы менен жер кишенин тамам кыйратып кеткендей, бизде эле эмес, бир Союз алкагында адабияттын, искусствонун бир салаасы жаңырыктап, жаңылык таап жаткан бир ургаал учур келди. Чын да, жалган да новаторлор саат санап туулду, күн санап күчөп турду.



Ошондой бул жаңычылдыктын бир радикал канаты дегеле «элдик», «салттуулук», «демейкилик» деген түшүнүктөрдү жетээр жерине чейин жеригенге да үлгүрдү.

Ошол эле учурда өктөм жаңычылдыкка өткөндүн сабагын жууруп, тарыхый, философиялык, эстетикалык планда эптүү кыйыштырып келечекке алып өтүү аракети да ийги жүрдү. Анын жемиши кинодо М.Убукеев менен Т.Океевдин «Тайгак кечүү», «Булар – жылкылар», «Биздин балалыктын асманы» фильмдери, профессионал сүрөт өнөрүндө – Б.Жумабаевдин, Ж.Үмөтовдун эпикалык чыгармалары, эпикалык композициялары, адабиятта – К.Жусуповдун, М.Гапаровдун жаңычылдыгы, улуттук колоритке карк аңгеме, повесттери, О.Султановдун, Ж.Мамытовдун, С.Тургунбаевдин, жайдары ыр, поэмалары болду. Адабият, искусство айдыңындагы жогорудагыдай күрдөөл өзгөрүштөрдүн күр-шарына анча тартылбай, ошол эле кезде мезгил деминен да артта калбай эзелки традициялуу эле нугунан агылып, бирок тереңинде жаңычыл оргуп жаңырып жаткан жаш поэзия да бар эле ошондо. Анын айкын үлгүсү, ириде, санжыргалуу ырдын сандыгын жаңырткан, саябалуу Турар Кожомбердиевдин поэзиясы эле. Шакен Мамбетаипова да ушул класстагы акындардан болчу *(сүрөт өнөрүндөгү иши саал өзгөчөрөөк жолдо, ал тууралуу сөз кийин)*. Анын поэзиясында улуттук мүнөз, улуттук боёк, улуттук картина, улуттук ой жүгүртүү ыңгайы (*тип мышления*), кыскасы, кыргыз табияты ушунча мөлт тунуп тураар эле, ыр боюнда карк сыяр эле. Ал табият сырттан таңууланбаган, ырдын өзүнүн өзөгүнөн өзөлөнүп тебилип чыккан касиет эле. Андай ырлар жазылыш үчүн автордун тим эле «кыргыз болуп төрөлүп калышы» аз, ар клеткасында агылган миң-миллион жылдардын өз тереңиндеги жаңырган дүбүртүн «дирт!» туюш керек. Кыскасы, «жылаңач кыргыз акын» болуп Табият-Энеден туулуш керек. Бир аз мисалдайын.

Шакен эженин адабий чыгармачылыгы тууралуу жалпы баамга ушул жерден чекит коюуга болор эле. Бирок нускалып кеткендей аны чыгармачыл портрети муну менен толук болбой калат. Анан калса анын экинчи – сүрөтчүлүк, узчулук өнөрү да такыр эле башка (материалдуу) тегизде жатпайт. Ал терең дүйнөтаанымдык мааниге ээ. Эсеби, кыргыз боз үйүнүн балким бир гана пайызы материалдуу учурга ээ (жыгач, кийиз, жип-шуу), ал эми калган токсон тогуз пайызы – чылк руханий маңыз, философияга карк. Шакен эженин да узчулугу акындыгына эм, акындыгы узчулугуна дем! Демек, сөз этегин анын сүрөткерлик, уздук тагдырында учкай жыйсак болот. Акыйкатта, анын бул өнөрү өзүнчө сөзгө арзыйт. Бирок биз биерде жана айтылгандай анын адамдык-акындык табиятын далазалап өтүү максатында гана ага азыраак ыктайбыз.

Сөзүбүздүн башында Шакен эженин сүрөткердик өнөрү тээ 60-жылдардын башында эле байсалдуу арыш салганын айткан элек. Адабият, искусствонун ар салаасы жаңылыкка карк толгон ошол демдүү жылдары эженин сүрөткердик өнөрү да, тагдыр экен, мурдагылардыкынан кыйла жаңыча нукка түшүп, өзгөчөрөөк өнүгүүгө өттү. Бул жагынан ал биринчи пионерлерден эле. «Өзгөчө», «пионер» болгону – ал жылдары кыргыз узчулугу, жалпы эле жасалга-колдонмо өнөрү баштагы миң-миндеген жылдар бою калыптанган салттуу жолунда эле жашап жаткан болучу. (Ырас, улуттук өнөргө мамлекет деңгээлинде мамиле жасалбай тозуп бараткан – башка маселе). Анан өнөрдүн бар салаасын алкагына алган жаңычыл алтымышынчы жылдардын духу дээринен сүрөткер, чыгармачыл Шакенди да өз күүсүнө алды. Ал салттуу узчулук өнөргө сүртүп, өзүнүн тамтуң алгачкы, жаңыча чыйырын салды. Бул чыйырдын маңызы мында эле: кыргыздын салттуу өнөрүндө оюм-чийимдерге аралаштырып конкрет сүрөт салуу мүнөздүү эмес.



Анткени оюм-чийимдин өзү, түбүндө сүрөттөрдөн (петроглифтерден) калпынып отуруп, керемет скиф стиль баскычын басып, айрым символдорго өсө барып, соңунда бүкүлү, уюл, терeңге өткөн, улуу керемет дүйнөгө айланган. Тек, саймачылык өнөрдүн саал өзгөчөрөөк табиятынан улам гана сүйүү жүзаарчысына «жүрөк», «көгүчкөн», же туштук, туш кийиздерге кай бир учурлары «кайберен» учкай тепчиле кеткени болбосо, негизинен кыргыз оюм-чийими «евро-орусчул» конкрет-так сүрөт көчүргөндөн сырт. А тургай саймага көчүрүлгөн ошол сүрөттөрдүн өзү деле белгилүү даражада стилдештирилген көчөт мүнөзгө ээ. Демек, оюм дүйнөсүнө нак-так сүрөт сүртүү, негизи, салттык өнөргө кайчы келет, бул аны «аралаш төкмөгө» айланткандай эле кеп. Бирок 60-жылдары оюм табиятынын бул терeңи бул философиясы калк үчүн али туюк, белгисиз эле (айтса, эми деле мунун мынча терeңин элеген эл жокко эсе, андыктан соңку кездери рынок шарданында чалгайлардын бул багыттагы «өзүм билемдиги» оо, көбөйгөн!).

Бирок бул «белгисиздик» белгилүү болушу үчүн, «туюк» жол ачылышы үчүн ал басылышы керек – кимдир бирөөлөр тарабынан. Процесс өтүлүшү керек, кимдир-бирөөлөрдүн «пионер» тагдыры менен. Ал – улуттун өзүн өзү аңдоо процессинин бир баскычы болуп калууга тийиш. Ошол үлүш, озуйпа, тагдыры экен, «алтымышынчыл» Шакен эжелердин муунуна туура келди. Кайрыет, озуйпалары олжолуу болду. «Муун» дегенде мен биерде биринчи иретте маркум уз Жеңилдик Аралбаева менен (бул да акын эле) Нурай Асанова эжелерди (бул да өзүнчө сүрөтчү эле) кошо эстеп жатам. Бул элдик, нукура элчил сүрөткерлердин колунан бүткөн ошол ар кандай «жаңычыл» композициялардын өзү да кантсе да калктын салттуу өнөрүнүн өнө боюнан жатыркабай, бөлүнбөй, ага жамаачы жамалбай, эптүү стилдештирүү, кептүү кыноо

чебер өңдөштүрүү, тегиздиктин тереңинде ачуу (шырдак философиясы) жолунда Мезгил менен теңжарыш кетти, калышпай! Буга аттары аталган уздардын атамекендик да, чет элдик да кыйла-кыйла көргөзмөлөрдү басып, сыйлыктарын алып кайткандары көбө. Алардын ичинен Шакен эженин композицияларына айрыкча орун таандык. Ушинтип, «улуттун өзүн кайталап таанышынын» бир тепкичи – сүрөткерлик туюму тунук, ыйманы ыйбаалуу, дили наарлуу, бармагы мөөрлүү, кыргыз табияттуу аял тагдырлары аркылуу өттү. Канымет! Соң тепкичтери келечектен келмек, күтүлмөк, дале күтүлүүдө. Өйдөтө эженин уздук багыттагы сүрөтчүлүк иштери эчен чет өлкөлөрдүн көрүүчүлөрүн багынтып кайтты дедик. Эсеби, 60-70-жылдары ар кыл туштук-композициялары социалисттик Болгария, Польша, Германиядагы көргөзмөлөрдө коюлду. Мен билгенден эженин эң соңку четке барып келгени Жапан өлкөсү болду. Кайткандан кийин кыргыз ырасмысын кылып үйүнөн даам сыздырды. Ошондо эженин уздук-сүрөткердик туюмунда кандайдыр мурда жок жаңы ишарат чукуранып калгандай сезилди мага. Жапан өнүгүшүн, маданиятын жетине албай айтып отурду. Жадегенде, басып жете электе эле өзү ачылып кете берген айнек эшиктери, ордундан бир козголбой, жаткан жеринден эле сыналгы кулактарын которо бере турган пульттары (эми булар бизде деле өрүп кетти го, жөпжөнөкөй) жайында жаш балача тамшанып, суктанып, эргип-эргип айтып жаткандары, анын – элүү ашкан аялдын – жан дүйнөсүндө канчалык бала баёолук, суктанткан султан жашчылык жашап жаткандыгынан айтылган кабардай эле. Сүрөткерге тан! Ал эми өзүнө өөк-боорлош өнөр жөнүндө кеп кеткенде, анын «элдик», «салттуулук» деген көндүм түшүнүктөргө мамилеси өзгөрүп, тереңдеп, байып баштаганын туйдум. Биз элдик өнөргө мамилени ушу жапандардан үйрөнүшүбүз зарыл экен деген кыязды



айтып отурду. Ал эми жапон өнөрү – мейли чай үлпөтү, мейли сырлуу бакчасы, мейли самурай жаалы, мейли дзен поэзиясы, мейли салттуу графикасы, мейли каллиграфиясы, зор символго карк-канык экенин билебиз. Бүткүл ичи-тышы тегиз манасталган бизде да нак ушунун өзү! Улут философиясынын уюл биримдиги! Дээри акын эженин ошондогу дегендеринен, кыргыз узчулугун, жасалга-колдонмо өнөрүн бүгүнкү заман бийигинен аңдалган чыныгы табигый даражасына, нукура жаңылык-жаңырыгына алып чыгууну аңсаган бир эрк-демдин ишаратын эми-эми эстей, эстей отуруп, ачыктагандаймын… Эже өзү ага жетпей калды. Булар эми Шакен эженин сүрөткер катары керт чыгармачылыгына тиешелүү жагдайлар дейли. Эженин эми, мынча болду, элге өткөн экинчи бир асыл эмгегин айтпаска эч болбос. Ал элдик чеберлердин «Кыял» бирикмесин уюштурушкан, анда иштеген жылдары. Көөнөрүп бараткан көңкү өнөрдү жандантып, уздун учугун сүзүлтпөй-үзүлтпөй, устанын балкасын түшүрбөй, улама алып кетиште дал ушул эженин эмгеги айрыкча бараандуу, караандуу!

Бир эле Акматалиевдин бүтүндөй бир институт иштээр ишти жалгыз карабашы аткарып салганы эмнеге тең! Амантур аганы алгач «Кыял» бирикмесине алып барган, атайын «өнөр таануучу» ордун ачтырып орноштургандардын бир да ушул эже эле. Амантур агага элдик өнөрдүн эшигин кең ачып, анын түмөн түрлүү ички сырына маштап, чырга сүйрөтүп үндөк салгандын бири да ушул эже эле (Акматалиев ага дейре жалаң айыл темасындагы очерктерди жазуу менен алектенчү). «Туура, Шакен менин быяктагы биринчи устатым» деп башын чулгуп коёр эле кийин том-том китептери жазылган кезде да. Экөө бирдей эл кезип, командировкалап – айрыкча мурда анча иликтенбей калган алыскы райондорду – көңүлдөн чыгып бараткан көчөт үлгүлөрдү изилдеп,

унутулуп бараткан сырын чечип, сейректеген чеберлердин башын жыйып, жаш чыгып келаткандарын аларга ыктатып жүрүшкөн машакаттуу-сыймыктуу кездеринин чет-чеберине мен өзүм да күбө өтүп калдым. Ошонун олжосу – Акматалиевдин айтылган том-том китептери болду, эженин эми эл эсинде, көп көзүндө анча жок, а бирок кесиптештери жакшы билген, жанданган элдик өнөрдүн далдасында жашынып жаткан жанар тоо эмгеги болду. Анан да эл ичинде жүргөндө эрмелеп-термелеп таба келген эки ооз ыр сабы… Калк турмушуна канык!

Менде бар үзөңгүлөш эки кесип,
Мен үчүн ырахаттуу ырыс-кешик.
Утур бирин бапестейм тынымы жок,
Уул чоңойткон энедей эгиз бешик.
Өмүр тилейм аларга ойлор кезип,
Өмөчөктөп уктабай белим чечип.
«Тынымы жок кургур» дейт кээ бирөөлөр,
Түйшүк тартып жүдөгөн түрүм сезип…

(***«Эгиз кесип»***)

Ошол «тынымы жок кургур» түбөлүк тынч алаар күнүнө агып бараткан…

Элдик өнөр сөздүн дөөсү, бирок көзү тирүүсүндө анча бапкталбай калган жөөсү Амантур Акматалиевдин 60 жылдык маарекеси өтүп калды. Ошондо кыйладан бери көрүнө элек Шакен эжени көпчүлүк көрдү. Катуу ооруп жатканына карабай, келиптир. Сөз анча уларып кызый электе эле баш жагында кезек алды. Уулу Жыргалбек колтугунан сүйөп алган. Кайран киши, баягы илгерки калыбынан жазбай, сөөлөтүнөн жанбай, боюн түз кармап, жеңил, саймалуу, жарашыктуу кыргыз бешмантын далысына жаба салынган чачылуу ак бөртмө жоолугу төгүлө жаап, көлбөөрүп трибунага чыкты, жай. Зал дым



турду. Көп сүйлөй алган жок. Тили да баштагыдай эмес, саал чалып калган. Юбилярга ийгилик каалап, ак калпак кийгизип, ак кементай жаап, белегин тапшырды. Уулу жан колтугунан жылган жок. Ошондогу эженин бийиктиги ай, тунуктугу ай, сан-салтанаты ай! Дагы айтам, сан-салтанат сөөлөтү ай, дартка, тагдырга (дагы эмнеге?) басынгысы, багынгысы келбеген шаңы ай, баягы кыргыз кербези бар, баягы Чуйков «Таңындагы» Эне-Аялдын төгүлгөн жылдызы бар; ичтен ийиккени ай – элге, залга, жашоого… Көрсө эже, ошондо, «бир буудайды тең бөлгөн, урмат кылып сыйлашып, уялаштар өңдөнгөн» (Ш.М.) маараке ээсине эле эмес, маараке аркылуу өзү билген, тааныган, ысык жүргөн санаалаш эл менен да жолугушканы… жок, соңку ирет көрүшкөнү, коштошкону келген экен. Сүйлөп болуп, баягысында боюн түз кармап жай түштү да булуттай каалгып чыгып кетти.

Көп узабады. Көз жумганын уктук. Менин элесимде жашоого ушунчалык кумар-дилгир, көкүрөгү тунук, көлбөөрүгөн, эрктүү, сабырлуу, баатыр аял калды. Кыргыздын нарктуу, нукура байбичелеринин бири – Шакен…

Кубат берип көңүлгө,
Күн, дарысың өмүргө.
Кантип сени калтырып
Кетээр экем өлүмгө!?.

Акындын ушул саптарын окуп жатып, анын мендеги акыркы багынгыс элеси жадымда да бир жаңырды.

Акын, уз эженин тандалма китеби жайындагы кепти жыйып жатып эмнени айтууга болоор эле?

… Эшикте күз. 2006-жылдын күзү. XXI кылым. Бизге горизонттун тээтиги эле артында көрүнбөс жашынгандай сезилип келген бул кылымдын да башын жашап баштадык. Бу да эми көнүмүшкө айланды. Эженин көзү өткөндөн берки эле учурду алганда көп нерсе өзгөрдү. Билинбей-

билинбей отуруп Элге, Жерге, Атамекенге сүйүү, боордоштук, бир тууганды, кайрым, «жалпынын ишинен жан айлансын» сыяк кечээги эң бир ыйык жалын сезим түшүнүктөр кери чегинди… Онунчу, жүзүнчү катарга сүрүлдү. Ордуна «эң жаңы» аталган өзгө дөөлөттөр (бул ырас эле дөөлөтпү?) шып суурулду, ныгырып кирди. Баарыдан кызыгы: мына ушул жеке басар «демократия» гана туурадай, мына ушундай гана болууга тийиштей жашоо-турмуштун чыныгы түбөлүк мыйзамы бир гана ушул сыяктанып, а биз буга дейре бир болбогон «теңчиликти» («уравниловка» атап) туу туткан, даңазалаган жалган иллюзиялар менен гана жашап келгенсип, өткөн жашообуздун маңызын өзүбүз кунсуздадык. Өзүбүзгө өзүбүз баш чайкап күлүп, өз тарыхыбызды өзүбүз көрүүнө чийдик. Бирар жылдардын арасында, бир түлөгөн тери ичинде кечээгибизди бүгүн батыл «турмушка жараксыз, жарамсыз» санап, эртеңкиге таяныч караштырып, эми бир «алтын түркүк» балдактарды өкүрөң-төкүрөң издейбиз. Батыштан-Чыгыштан, жөөттөн-жапандан… Биз – тирүүлөр, бүгүн улуттук башкы идеологиябызды таппай, коомдук, эстетикалык идеяларыбыз түбүнөн өзгөрүп, кечээги дөөлөттөрүбүз бүгүн көз көрүүнө жарабай таштандыга ыргытылып атса, анда кечээги көзү өткөндөр кантет? Алардын мурасы не болот? Не бир шыңгыр мээлер социализм асылдыгын түбүн түрө, жөө жүрө үйрөнүп (кыргыз Пешковдор), мүлдө өмүрүн курман чалып өтүштү эле го, «Нур заманды» гимндеп? Эми ошонун баары жалган чыгабы, иллюзия ирээтинде гана жөө тумандай таралабы?

Бул, чакан Шакендин чыгармачылыгынан эле улам чыккан кеп эмес, эсеби, тоодой Токомбаев да (бүт саясы лирикасы менен кошо!) кантет деген олуттуу, комуттуу суроо! Тоо Токомбаевди коё туралы, чакан Шакендердин



чыгармачылыгына келсек да, алардын чыныгыларына карата: «Жок, эскирбес!» деген ишенимдүү жооп айтылат.

Анткени, биринчиден, алиги олут мааниге ээ «коомдук идеал» дегенибиз али өзү тактала элек. Биз эми «түбөлүк чындык ушул» деп Батыштан бир алып, Чыгыштан бир чалып жаткан идеал-идеологияларыбыз өзү чалгай, «турмушка ыкчыл» деген эң жаңы прагматик философияларыбыз али чын-бышыгы күмөн. Ал тургай кыйласы кыңыр-кыйшык! Коомдук идеал деген, эстетикалык чен-өлчөм деген айланып келип жаттан эмес, өздөн табылат, өзөктөн жаңырат. Миң-миңдеген жылдардан бери талпынган, улаңгайыр мезгилден улам калпынган төл дөөлөттөн түзүлөт ал, анын ичинде кечээ жакында өткөн турмушунан, тарыхынан да! Анан калса кечээги, жакынкы «социализм» аталган заман дөөлөтүнүн баары эле текши илмекайып иллюзия эмес. Же, мисалы, алиги жерилген «уравниловка-теңчилик» менен ТЕҢчиликтин арасы асман менен жердей! Бир эл үчүн, айталы, орус, не жөөт, латыш үчүн «дөөлөт» делбеген идеал-идеологиялар экинчи бир эл үчүн, мисалы, кыргыз, жакут же дагы башкалар үчүн өткөрө идеалдуу болушу ыктымал. А демек, биз жараксыз санап ыргытып салган кечээги социализм заманынын ак-карасы да али алдыда дагы далай-далай ыргалат, ылганат…

Экинчиден: ошол Совет заманынын баласы, «алтымышынчылар» аталган кыргыздын Шакен сыяк кулунчактары өздөрүнө гана таандык, кайталангыс тарыхый озуйпасын так аткарып калышкан. Алар өзүлөрүнө чейинки эсен келген эски, Могикан кыргыздан уланган улуттук нукуралыкка уламал турушкан, аны жан-дээрине сиңиришкен, соңкуга сунушкан. Башкача айтканда булар өзүлөрү бир кайталангыс нагыз жаш кыргыз көпүрө! «Совет адам жалпылыгы» урааны алдында улут ургаал унификациялана (аныгы орусташа) баштаган заманда

булардан кийинки муундар кыйла кедерине тартып, түпкыргыз табигыйлыгынан тайып, гибрид килкилдек жаңычылдыгына чапты. Мындай шартта, эми, мурда жок, жаңы, «уңгутагдыр» («самоидентификация») проблемасы ачык чыкты. Эмики көп чалкеш проблеманын (коомдук-саясий, философиялык-эстетикалык ж. б. ж. б.) башы, чечилбеген кат-кат түйүн-жыйындысы – заман, коом алдындагы озуйпасын, мезгилдин ийинге илинген милдеттүү жүгүн көрбөгөн, сезбеген, билбеген дал ошол инфантил-маныроо бир муундун шал аракетинин, дал психологиясынын да мөл «жемиши». Албетте, бул бир эле себеби, башкасы да бар, бирок ал да башка сөз. Көз таңган бул жөө тумандан чыгыш үчүн кыргыз алдыда нукуралыгына дагы далай-далай кайрылмагы бар. Ошондо аны арттан сүйөгөн, жо, алдыдан тоскондордун ичинде кулачы ышкынга бай ушул кыргыз кызы Шакен эже да болоор.

Дүйнөнү сулуулук гана сактабайт, улуулук сактайт. Улуулук – турмуш менен эриштелип калышта. Ак, адал жашап, адамыраак болуп кетиште. Өз замандаштарын адамыраак кыла өтүштө. Улутка алганда «кыргызыраак» дегеним. Шакен Мамбетаипова кыргызды – Бир Кыздын, Бир Аялдын, Бир Эненин, Бир Кыргыз Адамынын кудурет-мүмкүнчүлүгүндө кыргызыраак кылып кетти. Мен, жеке башым, өзүм азыноолак билген ушул адамдын, дүйнөдөн өзү гана кыргызыраак болуп өтпөстөн, мени да кыргызыраак кылып кеткен сабагы үчүн дайыма жүрөгүм жылып эстеймин. Сага, мага, келечекке карата айтылган мынабул түбөлүк керээз-чакырыгы жадымда жаңырат:

Адамда өмүр кыска тутам жеткис.
А бирок максаттары өтө чексиз.
Ал үчүн миң жаш берип койсо деле,
Ал максат өсө берип шаан жеткис.



Андыктан арткы муунга кайрылаарым:
Аз калды мен да өмүрдөн айрылаарым.
Өкүнүп кыска жашап калганыма
Өтүнүп баарыңарга кайрыламын:
Милдетим, ата журтка өтөлбөгөн,
Максатым, али жүгүн көтөрбөгөн,
Сырларым, жумурткадай чегилбеген,
Сөздөрүм, ыр сабына эгилбеген,
Сапарым, мүмкүн болуп баралбаган,
Сагынчым, кусасынан жана албаган,
Гүлдөрүм, колум жетип үзө албаган,
Көп ишим, өзүм план түзө албаган,
Эмгегим, толук жазып бүтө албаган,
Эрдигим, алигиче күч албаган,
Сөздөрүм, тилим жетип айталбаган,
Сезимим, али өзүмө байкалбаган,
Үмүтүм, өчүп кайра жана албаган,
Үлпөтүм, ырахатын ала албаган,
Дарманым, эмгегиме берилбеген,
Душманым, көзүм барда жеңе албаган –
Аларды урпактарга парыз кылып,
Айтарым мойнуңарга карыз кылып,
Ар кимиң бүтпөгөндү уланткыла,
Арбагын улуулардын кубанткыла.

**(«Урпактарга»)10.12/Х 2006-ж. Бишкек**

## Гүлзат Батырканова – аткаруучу, ырчы, журналист

***Сагын Ниязалиева*** - Сахнада, камера артында чоң иш жасап жүргөн Коомдук телеканалдын “Сармерден” шоу-программасынын автору жана продюсёр-режиссёру "Сармерденден" тышкары "Бейне", "XXI-кылымдын жылдыздары", Сакиш, Бопуш катышкан "Алтынчы күнү кечинде" аттуу долбоорлордун автору: Бешенеге жазылган тагдырдан эч ким качып кутулбайт



«Сенсиң менин торгоюм, суук көздөн коргоюн» деп жаркылдап ырдап, «и-ий, эрке бала, алгач амандашып алалы» деп «Сармерден» көрсөтүүсүнөн жылмайып чыга калчу шайыр жеңени жоготконубузга азыркы күнгө чейин баарыбыздын ичибиз ачышып турат. Кудайым дагы



жакшыны алат экен. Антпесе кылган иши, же окуган окуусу жок, үйдө эмес, же чүйдө эмес болуп көчөдө темселеп арак ичип, аялзатка сөз тийгизип жүрүшкөн жаш кыз-келиндер толуп жатат. Ошол жаман кыздардын бирин алып кетсе болот эле. Турмушта биз ойлобогон иштер болот экен. Кудайым дагы элге жаккан, элдин сүйгөн адамын алып кетет тура. Элеси элдин жүрөгүндө сакталып калган Гүлзат Батыркановны кыргыз эли унута албайт. Гүлзат Батырканова тууралуу айта берсек эч сөзүбүз түгөнбөйт.

Гүлзат Батырканова, Гүлбүбү Ороскул кызы, Талант Карагулов булар жүздөн бир адамдар. Адамдын тили так, тубаса таланты болбосо аны канча үйрөтсөң да окшошпойт. Талантты мен эки-үч жерден тамадалык кызмат кылып жүргөндө көрүп калып, тили так, дээринде бар экен деп сунуштабай эле "болосуң" деп алып келгем. Ал эми Гүлзат кичинекейинен эле чыгармачылыкка аралашкан, залкар адамдар менен иштешкен, талантуу адамдардын кызы болчу. Булардын баарын эске алып туруп экөөнө сахнанын тизгинин карматтым. Долбоорду мен гана гүлдөтүп жибердим дегенден алысмын. Анткени долбоордун ушунча популярдуу болушуна ушул эки алып баруучунун да эмгеги чоң.

Албетте, биз Гүлзат менен көп долбоорду өткөрүп жибердик. Алып баруучу тың болсо, кыйналбайсың. Гүлзат да айттырбай сүйлөгөн, ар тараптуу, кыргыз үчүн жаралган кыз эле. Тагдыр экен, арабыздан шум ажал алып кеткенде абдан жаман болдук. Бүтүндөй кыргыз эли жаман болуп, мага тынбай телефон чалып көңүл айтышты. Ал эми Шахра эженин абалын айтпай эле коёюн, көрсөң, сөөгүң какшайт. Бирок маңдайга жазылган жазмыштан эч кайда качып кете албайт экенсиң. Кыргыздын уучу кур эмес, Гүлзаттын орду дагы бир кыздын бактысына тургандыр дедик. Ал эми Гүлбүбүнү анын өзгөчө

сулуулугу, үнү, баскан-турганы, таланты үчүн алып баруучулукка тандап алдык. Гүлзат башка жагынан таланттуу болсо, Гүлбүбү башка жагынан жөндөмдүү болчу. Гүлбүбү башында сахнага чыкканда аябай толкунданып "сүйлөйүн десем Гүлзат эже көз алдыма келип жатат" деп жатты. Ал кыргыздын салтын кылып, коюн союп, Шахра эжени чакырып алдынан өтүп, куран окутуп, "мага ишеним көрсөтүп жатат, уруксат бериңиз" деп ырымын жасап, анан Гүлзаттын ордуна отурду. Анан айрымдары "аттиң Гүлзат башкача алып барчу эле" баш чайкап чыгышты. Экөө эки башка талант. Бардык адам алып баруучу боло албайт. Мен Гүлбүбүнү баалаган үчүн бул орунга алып келдим. Менин суранычымды четке какпай, макул болуп келгенине ыраазымын. Бирок Гүлбүнүн да шум ажал колубуздан талашып алып кеткенине абдан капамын. Айла канча...



"Сармерден" көрсөтүүсү жетим калды, бир эмес эки шайыр жеңеден айрылып жүрөгүбүз туз куйгандай



ачышып турат. Бул да тагдыр болсо керек, үч жыл мурун чырактай жаркылдаган Гүлзат Батыркановадан айрылдык эми Гүлбү Орозкул кызынан айрылып отурабыз. Оо, тагдыр бул эмне кылганың?- деп сай сөөгүм сыздады, жүрөгүм канады... Өлгөндүн артынан эч ким өлбөйт экен, жашоо агымы өз нугу менен агып, үстөмдүгүн жүргүзөт турбайбы? Адамзат канчалык күчтүү, билимдүү, акылдуу болгону менен бешенеге жазылган тагдырдан качып кутулбайт. Ар бир адам бешенеге эмне жазылса ошону көрөрү чындык экен!.

Ырчы, Коомдук телеканалдын "Сармерден" теледолбоорунун алып баруучусу Гүлзат Батыркановaнын сөөгү 4-январда Жайыл районунун Кызыл-Дыйкан айылында жерге берилди. Маркум 41 жашта эле. Ал өз үй-бүлөсү менен 2-январь күнү кечинде Ысык-Көл облусунан келе жатып, жол кырсыгына кабылган. Гүлзат Батырканова 1990-жылы орто мектепти бүткөндөн кийин Токтогул Сатылганов атындагы филармониянын алдындагы эки жылдык студияга келип кирип, аны 1992-жылы аяктаган. Кийин жогорку билимге ээ болуп, КУУнун журналистика факультетин бүтүргөн. Анткени менен Гүлзат апасы, Кыргыз Республикасынын Эл артисти Шахра Талипованын жолун жолдоп, ырчылык өнөрдү тутуп аркалаган. 20 жылдан ашуун чыгармачылык жолунда улуу муундун да купулуна толду. Гүлзат кызыбыздын эл билбеген дагы далай таланты ачылбай кетти. Ал акыркы кезде поэзияга кызыгып, ыр да жазып жүрчү.

***

Гүлзат Батырканова 1973-жылы 7-июнда Токтогул районунун Кетмен-Төбө айылында төрөлгөн. Ал өзүнүн чыгармачылыгында "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгисине, президенттин Ардак грамотасына татыган.

**Шахра Талипова, апасы –
Гүлзатым чыгармачылыкта из калтырып, элдин кызына айланып калган экен**



Гүлзатымдан айрылганыма үч жыл болуп калыптыр. Жаркылдак кызымдын орду жоктугу оркоюп эле билинип калды. «Апа, кандайсыңар?» деп бат-бат чалып турчу эле. Азыр Гүлзатымдын номерин кызы көтөрүп жүрөт, сүрөттөрү, мага жазгандары сакталуу. Неберем мага



чалганда «Гүлзатым» деп чыгат, бир башкача болуп жүрөгүм опкоолжуп кетет. Кызымдын жапжаш туруп кетип калганына өкүнөм, эстесем жүрөгүм сыгылып, бул ааламга батпай кетем. Небере кызым да азыр чоңоюп, «апамдын кийимдери мага чак болуп калыптыр» деп калат. Күйөө балам балдары менен үйүн ондоп-түзөп, татынакай эле жашап жатышат. Баары жайында, бир гана Гүлзатым жок.

Кызымдын кайненеси Шаарпануу кудагыйым жамакчы, билимдүү аял эле. Гүлзатты жанындай жакшы көрчү. Ал да келининин артынан 5 айдан кийин өтүп кетти.

Кызым түшүмө көп кирет. Бир жолкусунда Төө-Ашуу жакта тоннелде жүрөбүз, бир маалда эле жасанып, супсулуу болуп келип «апа, эмне болду, баарыңардын кабагыңар бүркөө?» деп жаркырап пайда болду. Баарыбызды бир сыйра карап, «мен азыр келем, апа, кайгырбагыла» деп күлмүндөп кирип кетти. Күтүп отуруп ойгонуп кетсем түшүм экен. Гүлзаттын басканы, сүйлөгөнү, ырдаганы башкача эле... Бөлмөмө кызымдын бардык сүрөттөрүн илип алгам. Сүрөттөрү менен сүйлөшүп, видеолорун көрүп өзүмдү бир азга болсо да алаксытам. Азыр менин жашоом, чыгармачылыгым бир эле Гүлзат болуп калды. Куран окуганды үйрөнүп алдым, сагынганда эле куран окуйм.

Жакында туулган күнүндө эскерүү кечесин Жалал-Абадда өткөрдүк, жылдыгын туулуп-өскөн Токтогул районундагы элдик театрда белгиледик. Аким, губернатор башында турушту, бул жактан ырчылар барышты. Эскеришип, куран окуп элдин баары көзүнө жаш алышты. Кызымды кичинекей деп жүрө берген экем, көрсө, чыгармачылыкта из калтырып, элдин кызына айланып калган экен.

Төрт балам болсо, эки кызым ырдап чыгышты, бир балам аранжировка кылат. Деги эле энергетик болуп иштеген баламды айтпаганда дээрлик баары чыгармачылыкка жакын болушту. Мен аларга тоскоолдук кылган жокмун. Анткени, алар да мага окшоп чыгармачылыкты сүйүп анан аралашышты да. Тилекке каршы, атам көрбөй калды, ушуга абдан жүрөгүм ооруйт. Атам ыраматылык 48 жашка чыкканда каза болуп калды. Мен ал учурда турмушка дагы чыга элек болчумун. Апам ийгиликтериме бир аз күбө болуп калды. СССРдин маданиятынын мыкты кызматкери наамына ээ болгонумда апам тирүү болчу. Козу союп, кымыз алдырып, бозо ачытып сыйлыгымды жакындарга жууп жетине албай кубанган эле. Апам деле жаш бойдон, алтымыш жашында дүйнө салып кете берди. "Атадан алтоо болсо да, бир жалгыздык башта бар", "Жалгыздык жанга батат" деп бекер айтышпайт экен. Балдарым, кыздарым өзү менен өзү болуп калды, чынында жалгыз батпай кетем. Негедир ушул убакка чейин "жалгыз калам, турмушка чыгып алайын" деген такыр оюма келбептир. Менин оюм чыгармачылыгым менен эле балдарымда болуп өмүр өттү. Жолдошумдан өтө эле көңүлүм калган. Андан ажырашкандан кийин эркектин баары ушундай турбайбы?- деген ойдо калгам. Бара-бара жаш өтүп, акыл жетилген сайын мырзалар ар кандай болорун түшүндүм. Бирок, өзүмдүн жеке кызыкчылыгымдан, балдарымды жогору коюп турмушка чыгуу дегенди унутуп, балдарымды окутуп, үйлөнтүп ошолордун чайын ичип урматын көрөйүн деген максат койгом. Өө-өх... Эмне дейм... Жаркылдаган жапжаш кызымдан айрылдым. Он гүлүнүн бири ачыла электе каза тапты. Эми гана "мына, мына" деп жашоонун жыргалына кадам таштаган. Кудай да өзүнө керектүү адамды алат тура. Гүлзатым өлөрүн алдын ала сезген-сезбегенин билбейм. Мага эч нерсе билгизген эмес.



Бирок ошол каргашалуу күнү мен бир жерге конокко баргам. Ал жерде отуруп эмнегедир жүрөгүм туйлап, кетким келип туруп алгам. Ошондо кызымдын келбес сапарга аттанып баратканын сезген окшойм... Гүлзат үй-бүлөсү менен үйүндө жаңы жылды тосуп, 2-январда Караколго лыжа тээп эс алганы кетишкен. Жолдо баратканда Бөкөнбаев айылына жетпей эле алдынан машина чыга калган. Аны менен сүзүшүп албайлы деп жолдун чекесине качып айдаганда шагыл алардын машинасын тартып кетиптир. Машина аласалып, унаанын эшиги ачылып, Гүлзат ыргып кеткен экен. Кызы менен уулу, күйөөсү машинанын ичинде калган. Ошол жерден Гүлзат каттуу жаракат алып, эс-учун жоготуп коюптур. Аны дароо Бөкөнбаев айылындагы райондук ооруканага алып барышып, дары тамчылаткандан кийин эсине келиптир. Эсине келгенде эле Бишкекке келип доктурга көргөзөлү деп врачтардын коштоосунда бул жакка алып жөнөшөт. Жолдо келатканда Гүлзат улам эсин жоготуп, кайра эсине келип, кан басымы, гемоглобини түшүп кетиптир. Дарыгерлер канчалык аракет кылса да жардам бере алышпады. Биз Гүлзатты медэкспертизага берип, сойдурган жокпуз. Кызым каза болгонун көрүп туруп эми аны кайра сойдурмак белек. Башынан катуу жаракат алыптыр. Бут жагы айрылып, бөйрөк жагы кararып турган, чекеси, жаагы көгала болуп шишип турган. Күйөө баламдын мойну, омурткалары сыныптыр. Азыр ал да дарыланып жүрөт. Балдарын да медициналык кароодон өткөрдүк. Алардын ден соолугу жакшы экен. Машинасы болсо талкаланып жарабай калды.

Алдынан чыккан машинадан качабыз деп булар жолдун чекесине чыга калып, кырсыкка кабылып жатышпайбы. Тигил алдынан чыккан машине түз эле кетиптир, бул жерде эч ким күнөөлүү эмес, болгону чоң кырсык болду. Мен деле машина айдайм, ошондуктан

жолдун четиндеги шагыл тартып кетээрин жакшы билем. Эмнеси болсо да чоң кырсык болуп, кызымдан айрылып калдым... Гүлзатка кандай диагноз койбосун баарыбир авариядан каза болду. Тигил же бул жак күнөөлүү деп айталбайбыз.

Кызым каза болгон күнү мен бир жерге конокко баргам, ошол жерде отуруп эмнегедир кыжалат болуп, кетким келип туруп алды. Үйгө келээрим менен эле кан басымым көтөрүлүп кетти. Дары ичип жарым сааттай жатсам телевизордо "XXI кылымдын жылдыздары" концерти болуп жатыптыр. Гүлзат чыгып ырдайбы деп карап турсак, ал далдоо жакта жүрүптүр, аны көрүп азыр чыгат экен деп деп күтүп турсак күйөө балам телефон чалып суук кабарды айтты. Ал мага бакырып ыйлап «Гүлзаттан айрылып калдык» деди. Мындай суук кабарды укканда шок болуп, эмне кыларымды билбей калдым. Же көзүмдөн жаш чыккан жок, далдырап, ишенбей, башкача абалда туруп калдым. Гүлзат Жайыл районундагы Кызыл-Дыйкан айылына турмушка чыккан. Бирок Бишкекте жашашчу. Анын сөөгү кайын-журтунан чыкты. Адегенде анын сөөгүн Токтогулга алып кетсемби деп да ойлондум. Себеби ал жакта деле үй бар. Бирок кайын-журту сөөк биздики деп салт боюнча Кызыл-Дыйканга алып барышты. Гүлзаттын 85 жаштагы кайненеси бар. Оозунда сөзү бар абдан жакшы, билимдүү аял. Ал да бótодой боздоп, булбулум, супсулуум, ушундан көрө мен өлсөм кана деп ыйлап, кошокту келиштирип айтып жүрөгүмдү оорутту. Эми Кудай өзүнө керектүү адамды алат экен. Гүлзат да кайын журтунда кадыр-баркы бар эле. Мындай жамандыкты Кудайым пендем дегендин башына салбасын... Ботом деп боздоп, балам деп ыйлаган эң жаман нерсе. Менин башымдан бул экинчи жолу өтүп жатат. Мындай жамандык экинчи болбосо экен... Эң улуу Кыял деген кызым тогуз жашында чарчап калган. Ал да



кичинекейинде ырдачу. Башы ооручу. Көргөзбөгөн доктурубуз деле калган эмес. Бишкекке алып келип көргөздүк, ооруканаларга алып бардык. Жакшы болбой ошол боюнча каза болуп калды. Ал кызым өзүмдүн колумдан кетти... Кийин кыз төрөлгөндө кичүү кызымдын атын ошол чарчап калган кызымдын атынан Кыял койгом. Анын өмүрү узун болсун, Кыялым маңдайымда жүрсүн дегем. Ошол чарчап калган кызым Кыялым эсимден кетпейт, анын курдаштары азыр чоңоюп, бала-чакалуу болуп калышты. Аларды көргөн сайын Кыялым көз алдыма тартылат... Айта берсем арман көп... Эми минтип Гүлзатымдан айрылып калдым...

Гулзатым ооруканадан эсине келгенде чай сураптыр, суусаса керек. Доктурлар жылымык чай берсе, ушундай муздак чай бересиңерби, ысык чай бербейсиңерби деп тамашалап күлгөн экен. Жолдон эсин жоготуп кайра эсине келип жатканда күйөөсүнө "балдарды жакшы караңыз..." деген экен акыркы жолу... Башка сөз айталбаптыр. Кызымдын жаны кыйналып, көзү жумулганын элестете албайм... Болору болду, колумдан эч нерсе келбейт экен. Анын эл арасында кадыр-барктуу экенин, элине кызмат кылганын жанымда жүрсө да билбептирмин. Ал мен үчүн дагы эле кичинекей жаш кыз деп жүрүптүрмүн. Аны акыркы сапарга узатып, коштошуу үчүн абдан көп эл келди. Митинг болуп, Гүлзат тууралуу сүйлөштү. Тааныштары, жолдоштору, ырчы, тамадалар, телевидениеден келишти. Мага келип көңүл айтып, кайгымды бөлүшүп, баары ыйлап жатышты. Ошолорду көрүп садага болоюн кызым, аз жашасаң да элиңе көп кызмат кылган экенсиң, сени сыйлагандар көп экен деп ойлодум. Ош, Жалал- Абад, Нарын, Таластан келдик деп жатышты. Кызымдын айтылбаган канча арманы кетти билбейм...

Жашоо уланып жатат… Аттиң бири кем дүйнө, эмне деп айтышты да билбей турамын… Гүлзатты койгондун эртеси эле таң атпай мүрзөсүнө барып куран окутуп келдик. Бейит башына барып топурагын балдарына көрсөтүп, демин суутуп келдик. Антпесе балдары энесин жоктоп ыйлай беришет да. Анын кызы Айдана да ырдайт. Бозүйдө ыйлап отурганда Гүлзатка сенин кызыңды жаныма алып жүрүп, сенин орунбасарың кылам деп сөз бердим. Кызы да жакшы ырдачу. Мурда көп байкачу эмес экенмин, кечээ күнү Айдананы карап Гүлзатка окшош экенин байкадым. Неберем энесине окшош болсун, бирок өмүрү узун болсун.

Негизи эле Гүлзат машинадан абдан коркчу. Илгери мындан 19-20 жыл мурун экөөбүз менин "Жигулим" менен Балыкчыга баргансыз. Ошол жерге жеткенче чый-пыйы чыгып коркуп барды. Анан мага карап, "апа, машине үйрөнгөндөн көрө комуз үйрөнбөйсүзбү" деп күлгөн эле. Эми Гүлзатымдын жанын жаннаттан берип, жаткан жери жайлуу болсун, ак сүтүмдөн кечтим, кечирим сурадым...

**Кыял БАТЫРКАНОВА, сиңдиси:**
**Тагдырга айла жок экен, боздоп кала бердим**

Биз үчүн өтө оор жоготуу болду. Ыйладык, сыздадык, эжемди кайрый албадык. Апамдын телефонуна көптөгөн көңүл айткан смстер келип жүрөгүн канатып атат. Дарыгерлер "апаңардын ден соолугу керек болсо, кайгыртпагыла" дешкен. Эжемди мен эле эскерейин... Эжем абдан берешен, колу ачык жан эле. Колунда эмне болсо аны бергиси келчү. "Жейсиңби?" дей эле берчү. Тамактанган соң: "чогуу төлөйлү" десем, "Мен турам го, эжең турат" дечү. Өзү ачка калса да башканын курсагын тойгузганды жактырчу. Өтө шайыр, кичинекей баладай



бала кыял эле. Бир нерселерди айтып күлдүрүп, баладай болуп уул-кызы менен ойной кетчү. Эжем көп жерлерге барып ырдагандыктан дайыма анын костюмдарын көтөрүп, дисктерин ташып жанында жүрчүмүн. Ал эмнегедир коркуп машинасын көп айдачу эмес. Жай айдап, жол эрежесин так сактачу. Машинасы турса деле көп учурда такси менен кетип калчу. Андыктан мен эжемдин айдоочусу элем. Ашканада кыйын эле. Этти жакшы бышырып, кимге кайсы устукан тартыларын да мыкты билчү.

Жылда булар Жаңы жылды Ысык-Көлдөн тосушчу. Жаңы жылда куттукташканбыз. 1-январда апам экөө сүйлөшкөн. Жеңем эжеме чалып: "Кыялдыкына барып келбейлиби?" десе, "Үйдө эле болоюнчу" , - деп койгон экен. Кийин апам жездем менен сүйлөшкөндө "апа, биз эртең "Капризге" лыжа тээп эс алып келгени чыкканы жатабыз. Кыялдыкына Гүлзат барбайм деп атат", - деген. Ошентип, биздикине келишкен эмес. Азыр ойлосом, эжем ыраматылык алдын ала бир нерсени сезгенби деген да ойлор кетет.

2-январда достору менен эки-үч машина ээрчишип Караколго баратышкан. Алардын унаасынын алдында Мурат жездем уулу Данияр менен, артында эжем кызы Айдана экөө олтуруп бараткан экен. Алдыларынан чыккан унаадан жээкке качып, жездемдин машинасы эки жолу ала салып автоунаанын дөңгөлөгү асманды карап калыптыр. Арткы эшик ачылып кетип эжем сыртка учуп кеткен. Кызы Айдана "мени бирөөлөр тез эле чыгарышты. Атам менен Даниярды көпкө чыгара албай турушкан" деп эскерет. Ошол маалда беш метр бери жакта Гүлзат эжем көзүн ачып жатыптыр. Башында эч кимди таанybай, Бөкөнбаев айылындагы ооруканага жеткиргенде куса бериптир. Көрсө, башынан катуу жаракат алган экен. Оозуна дары тамызган соң жанындагыларды таанып, эсине келип чай

сураптыр. Доктурлар жылымык чай берсе байкуш эжем: “Ушундай муздак чай бересиңерби, ысык чай бербейсиңерби”, - деп тамашалап күлгөн экен. Айтор, ошондо өзүн түзөгөнбү, жездеме “Балдарды жакшы караңыз”, - деп балдарын табыштаптыр. Акыркы сөзү ошол болгон...

Бул күнү күндүзгү саат экиге таластык бир эже конокко чакырып, апамды ээрчитип баргам. Ал эже тайдын этин асып, күлчөтайын жайып, бизди болушунча коноктоп аткан. Апам баргандан бир саат өтүп-өтпөй эле: “Кыял, үйгө кетеличи, жүр кетели” -дей берди. “Жок дегенде таттуу жеп кеткиле”, - деп шашкан эженин торту колунан түшүп, эптеп шашып үйгө келдик. Апам келип эле “башым” деп жатып калды. Кан басымы көтөрүлүп кетиптир. Дары берип кан басымын түшүрдүк. Көрсө, эне жүрөгү, жамандыкты сезип, ошондо эле туйлап аткан тура...

Кечки саат сегиздерде КТРКда “"XXI кылымдын жылдыздары" концерти болуп аткан. Апам дары ичип өзүнө келип “азыр Гүлзат ырдайт” деп күтүп олтурган. Мен иш кылып жүргөм. Аңгыча апамдын телефону чырылдады эле апам: “Муку, эмне дейсиң?! Эмне болдуңар?! Кыял, бул эмне дейт?!” - деп эле трубканы мага берди. Жездем “Кыял, у нас горе, горе! Гүлзатка погибла!” - дейт. Катып калдым. Апам “эмне дейт?” - деп кайра сурады "Билбейм... Авария болдук дейт го", - деп койдум. Бири-бирибизге билгизгибиз келбейт. Апам нес болуп олтуруп калды. Ишенбей кайра жездеме чалсам кыйкырып ыйлап атат. Апам туралбай калды. Мурат акемдикине араң бардык. Бири-бирибизге ишенбейбиз. Жездеме чалсак “Гүлзатты алдыдагы машина Бишкектин өлүкканасына алып кетти”, - деди. Апамды акемдикине таштап, өлүкканага бардык. Ал жерден эжемди көргөндө уктап атат деген сезимде “зомби” болуп эле жүрө бериптирмин.



Эжемди медэкспертизага берип, сойдурган жокпуз. Эртеси Кызыл-Дыйканга алып барып, боз үйдөгү ордуна жаткырганда ичим туз куйгандай ачышты. Эжем байкушум, жансыз болсо да, супсулуу болуп жылмайыңкы жатты... Ошондо гана жалгыз эжемден түбөлүккө айрылганымды сезип боздодум...

Мен Гүлзат эжемден 8 жашка кичүүмүн. Жакында Токтогулга барганда балалыгыбыздагы сүрөттөрдү карасам, баарында эле эжем мени жонуна көтөрүп турат. Өзүм да Бишкекте эжемдин колунда чоңойдум. Эртең менен сабакка жылуу кийинтип жөнөтчү. Эшикке чыккандан кийин чечип салып кетип калат элем. Чачымдын узундугун аябай жактырып, аркама тыкыйтып түйүп берчү. Эжеме айтпай чачымды кыркып салганда аябай ачууланып, каттуу урушкан эле. Байкуш эжем шайыр мүнөз, бетке айтып, бирөөнү ушактаганды билбеген жан эле.

Гүлзат эжемден айрылгандан кийин жашоо токтоп калгандай сезилди. Жездем да зыңкыйып өзүнө карап жүрчү эле, эжем өткөндөн кийин өзүн таштап жиберди. Эжемдин «менде акча жок» деген күнү болгон эмес, дайыма камдуу жүрчү. Акыркы кезде «балдарымдын керегине жаратам деп акча чогултуп койдум» деп чоң суммадагы эле акчаны айткан болчу. Ал акчасын банкка салганбы, кимге берген же кайда катканы дайынсыз. Издеп жездем да таппай койду.

Апам - мен үчүн идеал. Мурда да көп баркын билчү эмес элем, өзүм эне болгондон кийин ал кишинин мага берген тарбиясын, камкордугун эстеп абдан ыраазы болуп калам. Апам жашоодо абдан жүрөгү таза, шайыр адам. Кыялы жаш баланыкындай, тез эле таарынып, кайра тез эле баарын унутуп жадырап чыга келет. Гүлзат эжем экөөбүз апамды тамашалап, апам бирде күлсө, бирде таарынып, биз таарынычын жазып, айтор бирге болуу биз

үчүн абдан жагымдуу эле. Апам эжем экөөбүздү кызы катары эмес, курбусу катары көрөт. Биз бардык сырыбызды апам менен бөлүшөбүз.

Мен кичүү кыз болгондуктанбы, экөөбүз өзгөчө жакынбыз. Өзүм бүлө күтүп калсам да, апам мени дале кичине кыздай карап, кам көрүп, аяп турат. Жолдошум ала качып кеткенде апамдын абдан ыйлаганы эсимде. Азыр апам Жалал-Абадда, мен Бишкектемин. Экөөбүз күн сайын телефон аркылуу сүйлөшүп турабыз. Жалал-Абадга бир жылда бир жолу барганым болбосо, апам өзү келип конок болуп, сагынычыбызды жазып кетет.

Жаныбызда болсо деп ойлоп "Бишкекке эле көчүп келиңизчи?" деп суранып калабыз. Жалал-Абаддын филармониясында иштегендиктен, сүйгөн жумушун таштай албай "азырынча келе албайм, келечек планымда бар, буюрган күнү келем" деп жооткотуп жүрөт. Апам гастролго кеткенде, тескерисинче биздин үйдө майрам болчу. Улуу байкем Марат чараны көмкөрүп алып барабан кылып даңылдатып, Гүлзат эжем комузун алып ырдачу. Мурат байкемдин гитарасынын үнү басылбай, анын достору кашыктарды шылдырак кылып ойношуп, айтор, өзүнчө эле чакан ансамбль болуп алаар элек. Качан апам "мен баратам" деп телефон чалганда Марат байкем тамак жасап, Гүлзат эжем кир жууп, Мурат байкем үйдү жыйнап сыр бербей олтуруп калчубуз. Апам келип баарын бир сыйра текшерип чыкчу, эгерде туура эмес бир нерсе жасаганыбызды билип калса какыс-кокус кылып жазалап койчу. Чоңойгондо болсо туура эмес иш кылсак сүйлөбөй койчу, апамдын унчукпай калганынан эле биз күнөөбүздү сезип шыпылдап калчубуз. Апам өзү үйдү өтө таза карманган, жыйнактуулукту сүйгөн жан. Бизди да кичинебизден эле тазалыкка, эмгекчил болууга үйрөтүп тарбиялады. Мен эс тарткандан эле апам Токтогулдун маданият үйүндө иштеп, мен ошол жакты чаңытып ойноп



жүрүп чоңойдум. Гастролго чыкса да мени ээрчитип алчу. Азыр деле "сен эмчектеги кезиңде гастролго алып чыгып, ырдай турган убактым келгенде ар кайсы ырчыга кармата коюп чыгып ырдап келип, кайра эмизип олтуруп калчумун" деп айтып калат. Бала кезден эс тартканча ырчылардын арасында жүргөнгөбү, баары мага кызык көрүнчү. Анын үстүнө көчөдө болобу, жумушта болобу элдин баары апамды сыйлашчу, ошондон улам мага апамдын ырчы болгону жагып, кичинемде эле апам менен сыймыктанчумун. Эсимде, апам күн сайын сабактан кийин мени жетелеп алып жумушуна барчубуз. Экөөбүз маданият үйүнө жеткенче апам кыңылдап ырдап бараар эле. Ошол учурда жолдон классташтарым чыгып калса "апа, ырдабай туруңузчу, тигилер өтүп кетсин" деп колунан тартып тыйып калчумун. Баламын да, сыягы, тигилерден уялсам керек. Атам менен апам мен эки жашар кезимде ажырашып кетишкен. Мен эс тарткандан берки турмушубузду эстесем, апам кыйналып, эч нерсебиз жок олтуруп калган күндөр болбоптур. Апам бизди элден кем кылбай өстүрдү десем болот. Гастролдоп кеткенде үйгө азык-түлүктү ашыгы менен алып койчу да, үйдө дайыма тамак-аш кенен болчу. Тарбияны үйдө эле отуруп эмес, иштеп жүрүп да берсе болорун апамдан үйрөндүм. Ар дайым "бирөөгө жамандык кылбагыла", "барга көппөй, жокко кайгырбагыла" деп көп айтчу, алигече айтат. Эсимде, бизди кыз бала катары абдан катуу кармачу. Мен бойго жеткенге чейин курбу кыздарымдын туулган күнү болсо жиберчү эмес. Кийин гана 11-класста окуганымда чоңоюп калды дедиби, жумшагыраак мамиле жасап, эки жакка жиберип калды. Бирок анда деле өзү болжогон убакта кайтып келчүбүз. Анткени, апам алдаган адамды эч качан кечире албайт, кечиккенди жек көрөт. Өзү дайыма так жүрөт, ушул кезге чейин той алтыда башталат деп тойго чакырса, алтыда барып олтуруп калат. Албетте,

мектепте окуп жүргөндө мугалимдер "апаңды сыйлайбыз" деп жакшы баа коюп калышчу. Азыр Маданият министрлигине же Билим берүү министрлигине иш менен барып калам. Ошондо өзүмдү "Шахра Талипованын кызымын" деп тааныштырсам мага жакшы мамиле кылышып, ишимди убагында бүтүрүп беришет. Көп жерден апамдын арты менен иштеримди эрте бүтүрүп алам. Андан сырткары апамдын күйөрмандарынан да сый көргөн учурларым болот. Биз окуучу кезибизде апам күн сайын эртең менен эрте туруп стадионду айланып бир нече убакыт чуркап келип, муздак суу менен жуунчу. Бизди ээрчитип алып аэробикага барчу. Кечинде болсо музыканы коюп алып, Гүлзат эжем үчөөбүз бир саатка жакын тынбай бийлечүбүз. Ошонун таасиринен да болсо керек, апам өзүнө карап жаштыгын сактап жүрөт.Мен турмушка чыга электе "апа, биз баарыбыз үй-бүлөлүү болуп кетип жатабыз, сиз жалгыз каласыз го? Көңүлүңүзгө жаккан адам болсо турмушка чыгып албайсызбы?" деп сунуш кылганбыз. Ошондо апам: "Силер үй-бүлөлүү болсоңор деле мени таштап кетпесеңер керек. Турмушка чыкканды каалабайм" деп койгон. Ошол боюнча биздин кашыбызда жүрөт. Азыр Жалал-Абадда байкемдер менен турат. Дайыма өзү "жаратылышка чыгып келебиз", "Кыялдыкына барып дымдама жасап жеп келебиз" деп демилге көтөрүп, баарыбыздын башыбызды бириктирип турат. Биз андайда балдарыбыз менен бапырап жөнөп калабыз. Мен окуучу кезимде эле апам "кызым, кароо-сынактар болсо "жок" дебей катыша бер. Ырда десе ырда, бийле десе бийле" деп айтчу. Мага ошол нерсе шык бердиби, ырдап, бийлеп, комуз чертип, айтор, музыкага болгон кызыгуум күчтүү эле. Менин мындай кызыгуумду апам колдоп музыкалык мектепке берди. Кийин эле эмнегедир башка тармакты тандап, бухгалтердик кесипке ээ болдум. Бир топ жылдан бери Коргоо министрлигинин бухгалтериясында иштеп



келе жатам. Бирок талант деген баары бир жүрөктү тынч койбойт экен. Ырга болгон ышкы кытыгылап, жакындан бери сахнага апамдар менен ырдап чыга баштадым. Бул аракетимди апам да колдоп жатат, мага өзү демөөрчү болуп форма тиктирип берип, андан сырткары мурда өзү кийип, аздектеп бекитип жүргөн формаларын да мага белекке берди. Азыр өзүм жалгыз аткарган ырды жаздыруудамын, ал ыр жарыкка чыкса апам клип тарттырып берем деп кубандырып жатат.

Мурат Бейшенов - жолдошу:

**Гүлзаттын акыркы сөзү эсимден кетпейт**

1990-жылдары Коргоо министрлигинин алдында түзүлгөн оркестрге Гүлзат ырчы болуп келип калды. Жаркылдап тамашакөй болчу, мен жактырып калып бир жыл артынан жүгүрдүм. Биринчи жубайым орус улутунан болчу, андан бир кызым бар. Тагдыр экен, аны менен ажырашып кеткем.

Гүлзатты көндүрөм деп кайненеме Токтогулга чейин баргам. Ошентип, кайненемдин жардамы менен Гүлзатыма жеткем. Жарыктык ачык мүнөз, бетке айткан жан эле. Жетекчилерге деле коркпой сүйлөп салчу. Калп айтпасам, филармониянын бир эмес, эки директоруна бетке айтып уруша кеткен.

Тамакты аябай даамдуу жасайт эле. Аныкындай палоо менен дымдаманы эч жерден жей элекмин. Уулубуз менен кызыбыз чоңоюп калышты, аларды окутуп, үйлөп, турмушка бериш керек. Гүлзатым жанымда турса жакшы болбойт беле...

Байкушум «Сармерден» көрсөтүүсүнө чыгарда макалдарды жаттап түнү менен даярданчу. Азыр мен «Сармерденди» жүрөгүм түтүп көрө албайм. Ошол жылы жаңы жыл күнү 4 саат бою өмүрү чалбаган тааныштарына

чалып куттуктап чыкты. Бирдиги түгөнүп, балама 1000 сомго бирдик салдырды. Таарыныша кеткендерге чалып кечирим сураптыр. Улам ашканага келип «азыр, ээ, тамакты карап тургула» деп бетимден өөп кетет. Ошентип, кечки саат 11де үндүгүбүз бышып дасторконго отурдук. Жаңы жыл тосуп, эртеси «Караколго лыжа тепкени барып келели» десем, «мен тепкенди билбесем эмнеге бармак элем» деп баргысы келген жок. Анан мен «койчу, үй-бүлөбүз менен чогуу барып келели» деп жөнөгөн элек. Астыбыздан чыккан машина жол эрежесин бузуп, биз андан качабыз деп жолдун четине чыгып унаабыз эки жолу аңтарылып кетти. Гүлзаттын колумду кармап, «балдарды жакшы кара, мен сага ишенем» деп айткан акыркы сөзү жүрөгүмдү канатып ийди... Анын элеси жүрөгүмдө түбөлүк сакталып калат... Гүлзаттай асыл аялзаты жок. Мындан ары анын мага айткан аманат сөзүн, тумар кылып аздектеп жашаймын. Аттиң бири кем дүйнө!

Ал калып, анын ордуна мен кетсем болбойт беле деп ойлой беремин...



**Салтанат Саматова –**
**кайталангыс талант**



Салтанат Саматова - өлкөнүн мыкты тамадаларынан турган гильдияда 12 алып баруучунун арасында жалгыз айым болгон.

Кыргызстандын эгемен тарыхында музыкалык радиолордун ичинде кыргыз тилдүү ди-джейлеринин көч башы деп айтууга болот. Ал 20 жылдан ашкан чыгармачылык жолунда коомчулукка телерадио жылдызы катары таанылды. Өзгөчө талант ээси туура 47 жыл мурун бүгүнкүдөй жаздын биринчи күнүндө жарык дүйнөгө келген.

Магнитофондой ырдаган кыз, мыкты ди-джей. Фрунзе шаарында Мукаш Абдраев атындагы музыкалык мектептен билим алган. Бала чагында эле ырчы жана алып баруучулукка кызыгуусу күч болгон. Болгон мультфильмдердеги ырлардын баарын жатка билчү. Узак жолго чыкканда аны магнитофондой күйгүзүп "Салтанат ырда" деп койсо токтобой беш-алты саат болсо деле ырдай берчү. Мектепте окуп жүргөндө биринчи жолу алып баруучу болгондо аябай уялып башын баштап, аягына чыгарбай качып кеткен. Анан 11-классты бүтүп жатканда акыркы коңгуроодо алып баруучу болгонунда "сенин үнүң, дикцияң жакшы экен" дегендерге көңүл деле бурган эмес.

Салтанат Саматованы кыргыз тилдүү музыкалык радиолордун алгачкы ди-джейи деп атоого болот. Радиодогу тажрыйбасы кыргыз радиосунда өткөн. Кийин 1996-жылы "Европа плюс" радиосуна барып алты жыл иштеген. Анын колунан Назгүл Жамгырчиева, Арстан Абдыманов, Лилия Абдубаитова, Тынчтыкбек Кожобековдор тарбияланып чыккан.

Эмгек жолунда бир нече радио, теле долбоорду жана мамлекеттик деңгээлдеги чоң иш-чараларды алып баруу менен калың элдин катмарына кеңири таанымал боло алган. 2012-жылдан тарта КТРКдагы "Акыл ордо" берүүсүндө алып баруучу болуп эмгектенди. Долбоордун автору Көкүл Арипова, бул берүүнү баштап жатканда ойлонбой туруп эле Салтанат Саматованы ылайыктуу деп тапкан. Анткени Салтанат айым кыргызча да, орусча да мыкты алып бара алган кайталангыс талант экенин, иши менен далилдеп койгон болчу.

Жолдошу менен достору аркылуу таанышкан. 27 жашында турмуш куруп үч жылдан кийин эне болгон. Жубайлар бир уул, бир кыздын ата-энеси.

Убагында Медицина институтунун морфокорпусунда лаборант болуп иштеген. Ал жерде пол жууп гана тим



болбостон, студенттерге көрсөтүү үчүн адам сөөктөрүн да ары-бери ташыганын айтат.

***

Салтанат Саматова рак илдетине чалдыкканын 2011-жылы билген. Бирок шок болуп, чүнчүп кетпей ошол күндөн тартып дартка каршы күрөшө баштаган. Онкологиялык ооруларга кабылган балдарга жардам көрсөтүү максатында "Помагать легко" коомдук фондусун негиздегендердин бири болгон.

2017-жылдын 6-мартында Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ишмери наамын алган. Мындай мамлекеттик сыйлыкка ээ өлкөдө беш-алты гана алып баруучу бар. Телевидениенин отличниги. Белгилүү алып баруучу, маданиятка эмгек сиңирген ишмер Салтанат Саматова узакка созулган оорудан улам каза болду. 15-августтун таңы кыргызстандыктар үчүн суук кабар менен башталды. Белгилүү алып баруучу Салтанат Саматова мезгилсиз дүйнө салганы социалдык тармак аркылуу желдей тарады. Телерадио, маалымат сайттардын дээрлик баарында маданият тармагы оор жоготууга учураганы кабарланды. Салтанат Саматова жети жылдан бери рак оорусу менен алышып келген. Бирок ал эч качан ооруга моюн сунуп, тагдырга таарынган эмес. Кыргыз коомчулугу аны эрки күчтүү аял катары тааныды.

*Эркин Рыскулбеков- алып баруучу:*

**Элдин маанайын көтөргөн чечен инсан катары эсте калды**

Салтанат эже ооруган күндөн баштап эле “мен айыгышым керек, бутума турам” деп беш жыл бою, тагыраагы 2017-жылдын август айына чейин иштеди.

Кыйналып, ооруп жатса да “Жардамдашуу оңой”, “Эргене” деген уюмдар менен иштешти. Бейтаптарга каржылык, моралдык жардам көрсөттү. Онкологиялык дартка чалдыккандар жаткан ооруканага Салтанат эжем экөөбүз көп бардык. “Оорулуу балдарга жардам берели, концерт уюштуралы” деп, демилге көтөрүп жүрдү. Эки жыл мурда 23-февралга карата бейтаптарга майрам уюштуруп бергиси келди. “Эркин, беш миң сом чогулталы, балдарга белек алалы” деп “Орто-Сай” базарына ээрчитип барды. Таң калганым, онкологияда дарыланып жаткан балдардын баарынын аты-жөнүн билет экен. “Бул оюнчукту баланчага алалы. Муну түкүнчөгө алалы, ал 14кө чыгып калды, бул оюнчукка караганда тигил буюм ага жарашат” деп өзү менен өзү сүйлөшүп эле белек-бечкегин камдап, алып барган күндөрү болгон.

Салтанат эже 2017-жылы берген маегинде өзүнүн бактылуу экенин айткан:

- Кыйналдым, өтө оор мезгилдер болду деп айта албайм. Кудайга шүгүр, жараткандын жазган жолу бар экен, ошол жол менен келатам. 14 жаштагы уулум, беш жаштагы кызым, бир туугандарым, ата-энем, өмүрлүк жарым, жакындарым бар, алар менин бактым. Демек, мен бактылуумун. Эл баалаган жумушум бар. Ошондуктан, өзүмдү аябай бактылуу сезем.

Салтанат Саматова өзү сезген бакытты башкаларга бөлүшүүдөн тартынган эмес. Ал алып барган телерадиоберүүлөр, маарекелер, майрамдар дайыма шаңга бөлөнүп турган. Маркум кыргыз жана орус тилин мыкты билген, кесипкөй алып баруучу эле.

Айрыкча жаш муундарды турмуштун сыноосуна майтарылбоого үндөгөн, багыт көрсөтө билген инсан катары эсте калды. Аялзатын күчтүү болууга чакырып, бир канча жолу “Азаттык” радиосунда кыздардын укугун коргоп сүйлөгөн.



Бизде онкологиялык дартка чалдыккан адамды төшөк тартып жатып калат деп ойлошот. Салтанат эже ал пикир туура эместигин далилдегенге аракет кылды. Үзгүлтүксүз дарыланып, кайра дароо ишке кайтчу. Күч-кайратын жумшап, башкаларга кубаныч тартуулаганга аракет кылды.

Салтанат Саматова рак оорусуна чалдыкканын жашырган эмес. Кайра бул дартка каршы күрөшүүгө чакырган бир канча социалдык роликтерге тартылды. Кыргызстанда нур менен дарылаган медициналык аппарат эскиргенин айтып, жаңысын сатып алууга чакырык таштады. Бирок Салтанат айым самаган аппарат өтө кымбат болгондуктан, ушул күнгө чейин алына элек.

Салтанат Саматова - замандаштарынын эсинде кайда барбасын Кыргызстанды даңктаган ыр саптарын окуп, туулган жерин даңазалаган мекенчил инсан, мыкты алып баруучу , элдин маанайын көтөргөн чечен инсан катары эсте калды.






https://www.facebook.com/erkinbek.ryskulbekov (social networks)





*Орозобек Түгөлбаев-Салтанат Саматованын атасы:*

**Ата-эне баласына өз колу менен топурак салгандан өткөн кордук барбы?...**

Байбичем экөөбүз тең Кочкор жергесинен болобуз, кошуна айылдан дегеним. Мен Мантыштан, ал Кызыл-Дөбөдөн. 1965-жылы баш кошкон кезде мен 20да, байбичем 16да эле. Балдарыбыздын экинчиси Салтанат, кийин дагы үч уулдуу болдук. Салтанат өзү кичинесинен зирек, чыйрак чоңойду. Чоң апасы бакты. Жонуна кондуруп алып бирге айылчылашат. Көчөгө чыкканда «Ленинде бир кыз бар, чекесинде жылдыз бар. Анын аты - Салтанат, караган киши жалтанат» деп ырдачу экен. Москвадан «Время» телеберүүсү башталганда Кремлдеги курант сааты орнотулган мунараны көргөзөт эмеспи. Кошуна айылдын көрүстөн-мүрзөлөрүн окшоштуруп, анан колу менен ошол жакты жаңсап, «Мен чоңойгондо тетиги Москвада окуйм» деп айтып атпайбы. Биз «кой, ал Москва эмес» дечүбүз. Оозуна сала бергендей болуппу, бир жагынан эрте өтүп кетти...

Бир жылдары «Европа плюс» радиосунда иштеп калды. Ошол жерден эл оозуна алынып, жумурай журтка тааныла баштады. Радионун ээси орустар экен. Алардын тилдери келбейт «Туголбаева» же «Тугелбаева» деп айтыш керек. Жетекчиси «псевдоним караштырып көрбөйсүңбү, атыңа уйкаш, кыска, угумдуу болсун» дептир. Өзү изденип көрүп «Салтанат Саматова» десе, радио жамааты жактырыптыр. Ошону менен Салтанат Саматова болуп оозго тез арада алынып кетти.

Жети жыл оору менен алпурушту. Жети жыл бир тең, акыркы жети жума бир тең болду. Илдеттин жабышканын кайдан деп болбойт. Кичинекейинде нандын күйүгүн жакшы көрүп жеп эле атчу. Ал рак оорусун чакыруучу факторлордун бири катары медицинада айтылат



экен. Бул эми миллиондон бири болушу мүмкүн. Салтанаттын кулк мүнөзүндө бир да адамды жаман көргөн жагы жок эле. Ар дайым позитив жаратканы жараткан. Ошондон улам адамдагы терс энергияларды өзүнө соруп алып, ар дайым оң энергияны элге чачып турчу. «Элден алган терс энергиялар чогулуп отуруп ошо илдетти өзүнө чакырып алдыбы?» деп да божомолдоп коём.

«Недифференцированная карцинома» деген диагноз койду. Бул эми жанагы аты жаман оорунун бир түрү. Очогу бир жерде эмес, бир нече жерде: өпкөсүндө, мээсинде, бөйрөгүндө дегендей. Бир жерде болгону жакшы тура. Ошо жерге операция кылып, дарылап, айыктырып койгонго мүмкүн экен. Ал эми ар кайсы жерде болгондуктан терапиялык ыкма менен гана нурлануу, химия алып жүрдү. Негизинен Түркиядан көпкө дарыланды. Бир учурда доктурлар «кичине эс алгыла» дешти. Ошол учурда башы ооруп, интернет аркылуу Санкт-Петербург шаарында илим-изилдөө институтун таап алыптыр. Аз өтпөй жолдошу менен барып келишти. «Биопсия алып биякка жибергиле. Текшеребиз, дарылайбыз» деген экен. Акмактар аябай азгырышыптыр.

«Биопсия» дегени эми жанагы илдет жабышкан жерден кичине ширеңкенин башындай алуу болсо керек. Ооруган жерден кичине ийненин учундай үзүп алуу. Бул жакка келери менен биопсия ала турган жерди издеп убара болушту. Онкология албайт экен. Жеке менчик оорукана таап, көкүрөгүнөн операция кылып, өпкөсүнөн чоң эле аткып алып коюшуптур. Мына ошондон баштап балам оңбой калды. Төшөккө жатып калды. Мындай эч качан болгон эмес. Химиясын же нурун алып коюп иштеп, «мен ракты жендим» деп жаркылдап-жайнап жүрө берчү. Алгач бир бөйрөгү, анан экинчи бөйрөгү иштен чыкты. 2018-жылдын август айына чейин интернетке кирип, достору менен сүйлөшүп атты. Күтүүсүздөн метастаза кетти.

Акыркы жети жума аябай кыйналды. Ошону менен жашоого эркин жоготту. Ага чейин катуу күрөшкөн. Үмүтүн үзгөндө мени чакырып алып, «болду ата, күрөшпөйм. Моюн сундум. Кайгырбагыла, коркпогула! Дайыма позитив менен жашагыла» деген акыркы сөзү азыр да кулагымда угулуп турат...

Бир өксүгү калды. «Ата, мен ооруну жеңем, мен күчтүүмүн. Айыгам, анан уулумду үйлөнтөм, кызымды турмушка берем. Алардын бактылуу күндөрүнө күбө болуп, баарыбыз бирге болобуз. Жыргал жашоо келет, айыгам» дегенди көп айтты. Бирок, болбоду, шум ажал кызымды колуман жулуп кетти. Жер муштап кала бердим. Эң оболу, ата-эненин өз баласын жоктоп, ботодой боздоп, мүрзөдө өз колу менен топурак салганы... Мындай азап жашоону эч бир ата-энеге каалабайм. Энесинин көз жашы эмгиче кургай элек. Айла жок, айла жок... Биздин кайгыбызды тең бөлүшүп жаткандарыныздарга ыраазымын, мунун баарын көрүп алып, Сакум менин эле балам эмес, элдин баласы болуп калганына ынандым. Салтанатым жаш чагынан эле оюн-күлкүнүн курчоосунда жүрүп, ар дайым шайыр жүрчү. Кызымдын элге айтылбай калган композиторлук таланты да бар эле, аны уланта албай калды. Кичинекей кезинен өзүн ушул маданият тармагына барарын билчү. Жада калса ооруп калганда да өзүн таштабай “Мен оорудан айыгып калдым, рак деген ооруга чалдыктым, мен аны жеңдим”,- деп телелерден көп чыгып жүрдү. Кызым бул оорунду айтпай эле койчу, чыкпай эле койчу десем “Ата мен өзүм үчүн эмес башка ушул оору менен ооруп калган адамдарга күч берейин деп атам. Бул ооруну уккан да эле адамдын жүрөгүн сары суу басып, өздөрүн таштап коёт. Мен ошондой болбосун деп жатам”,- деген эле. Өзү ооруп жатып да башкалардан жардамын аяган жок. Салтанатым үйрөткөндөй жашоо



менен жашайлы, Сакубайымдын жаткан жери жайлуу болсун!

*Салтанат Саматованын апасы, Жумабүбү:*

**Салтанат көп бала төрөгүм келет дечү...**

Баладан айрылган эненин күйүтүн эч нерсеге салыштырып болбос. Атасы экөөбүз тең математика мугалимибиз. Бирок атасы көп нерсени билген жана билүүдөн тажабаган адам. Аны, биздин үйдөгү энциклопедиябыз десем болот. Жакында эле мындай окуя болду.Троллейбуска түшкөндө “кийинки аярлама” деп радиотүйүндөн айтып турат эмеспи. Агайыңар “аярлама деген сөз туура эмес, аялдама болот” деп социалдык тармакка жазат.Ал жактан филологдор менен талашып, талкуулап, адистерден сурап аябай убара тартты. Акырында “аялдама” деген туура экен деген чечимге келишиптир. Жакында эле коомдук унаага түшсө “кийинки аялдама” деп оңдолуп калыптыр. “Тактаганыбыз жакшы болуптур” деп сүйүнүп калды. Сакинимде да ушундай мүнөз бар эле. Чындыкты далилдемейин жаны тынчу эмес. Шартылдаган ачык-айрым мүнөзү да атасын тарткан эле.

Кызымдын бардык ишти дароо илип алып “билбейм” дебей кыла бермей жагы бар эле. Анан дайыма камдуу жүрчү. Ушул жактары мага окшош. Турмушка чыкканда ошол адатын карматып кайын журтуна тамаша болуптур. Сакенди көбү шаарда өскөн кыз деп билишет да. Биз шаарда турганыбыз менен үйдө мал кармачубуз. Конок келип кой союлганда ичеги-карын артышып мага жардам берчү. Келин болуп барганда ичеги-карын артса айылдагылар таң калыптыр. Анан идиш жууганга келгенде алдын ала камдап барган фартугун, идиш жууган каражатын алып чыкса келиндер “бул камдуу келген тура”

деп көпкө күлүшүптүр. "Ал жакта болбой калышы мүмкүн, керектүү нерсенди алып ал" деп кеңеш бергем да.

Жалгыз кыз болгонуна өмүрүнүн аягына чейин өкүндү болуш керек деп ойлойм. Кичинекей кезинде эркек бир туугандары менен тең жарышып ойноп жүрдү. Кийин уулдарым чоңойгондо өздөрүнчө басып калышты. Майрам күндөрү кетип калышса "мен эмнеге жалгыз калам" деп ызаланып ыйлап да жүрдү. Андайда алаксытып эки жакка ээрчитип чыкчумун. Кийин эс тартканда "апа, мени жалгыз кыз кылып төрөп койгонунузга таарынычым бар" деди. Жолдош кылып кыз төрөйүн десем 1983-жылкы балам да эркек болуп калды. Кийин бир тууган синдим кыздуу болгон. Ошондо Салтанат "мага синди, курбу болсун" деп атын Махабат деп өзү койгон болчу. Бирок ал кыз айылда чоңоюп, Сакен шаарда болуп аралыгы алыс бойдон калды. Өзү көп бала төрөгүм келет дечү. Бирок талгагы элден башкача эле да. Биринчи жолкусу боюнан түшүп калган. Кийин Бакытты тогуз ай бою кыйналып жүрүп төрөдү. Өзү ушу талгагынан эле коркчу болуш керек. Кийин Ширинди төрөгөндө дагы удаа төрөгүсү келген. Бирок кызына 11 ай болгондо оорусу тууралуу билбедиби.

Бир туугандырынын башын бириктирип, колдоп турчу да.Үч келинине ынтымактуу болгула деп насаат айткандан чарчачу эмес.Атасы экөөбүзгө эки жакка чыкканда кийим, түрдүү белек алып келе бергенинен: "Ой, болду эч нерсе алып келбе. Кийимди кийип жетише албай атам",-дечүмүн. Бир жолу көлгө эс алганы кеткем. Менин жоктугуман пайдаланып Сакен үйгө келиптир да, бүт кийилбеген кийимдеримди ыргытып, кээ бирин таратып салыптыр. Арасында жаңылары деле бар болчу. Эмнеге анттиң десем "элден артта калбай модалуу кийимдерден кийгиле да" деп моюн бербейт. Дизайнерлерге өзү ээрчитип барып улуттук стилдеги көйнөк, чыптамаларды



тиктирип берчү. Бүгүн тойго барам дегенимди угуп калса дароо чалат. "Эмне кийим кийип барасыз?Чачыңызды, тырмагыңызды жасатыңыз! Боёнуңуз" деп баарын көзөмөлдөп турчу. "Кишидей болуп кийинип барсаңар" деген сөзү бар эле.

Башында бул аты жаман ооруну билгенде баарыбыз жаман болдук.Бирок кызым "жеңил эле экен, айыгат экенмин" деп бизди жоошутуп койду. Ошо менен туура 5 жыл жакшы жүрдү. Бул аралыкта доктур жазып берген дарыларды ичип атты, химиотерапия алып атты, маал-маалы менен Түркияга барып текшерилип турду. Химиотерапия алганда бир жумадай кусуп, тамак ичкиси келбей калчу. Барайын десем "Нурбек баарын кылып атат, балдарды өзү эле багып атат, сарсанаа болбогула" дечү. Кокусунан барып калсаң кадимкисиндей эле жаркылдап чыга келет. Кыскасы, оорулуу адамдай эмес эле. Акыркы жолу 2017-жылы Түркияга текшерилүүгө барды. Ал жактан "беш жыл бою химия алдыңыз, эми алганга болбойт, нур терапиясына өтүш керек" дешиптир. Андай терапия бергенге өздөрүндө аппарат жок болгондуктан Санкт-Петербургга жолдошуптур. Нурбек экөө кеткен. Ал жактан дарыгерлер эмнегедир "өпкөсүндө метостаз бар экен, биопсия кылабыз" дешет. Кызым доктурлар менен кеңешип биопсияны Бишкектен кылдырмай болушуптур. Негизи биопсияда өпкөсүнөн бир аз эт чымчып алыш керек болчу экен. Биздин дарыгерлер чоңураак кесип алышыптыр. Ошондо катуу кыйналып 15 күн ооруканага жатып калды. Абалы ошондо кескин начарлап кетти.

Ошондон кийин эмне кыларыбызды билбей шалдырай түштүк. Өпкөгө бээнин сүтү жакшы экенин угуп саамалга алып бармай болдук. Эркин (ред. Рыскулбеков) чуркап жүрүп "Байтур" эс алуу борборуна жолдомо алыптыр. Август айында Суусамырга жөнөдүк. Ал жактан сүт ичип, абасы жакшы таасир берди окшойт, оңоло

түштү. Ширинди жаныбызга алып алганбыз. Ал сүттү жаман көрөт экен. Сакен: "Кызым, сен сүттү ичсең, мен айыгып кетем",- деп койду. Башында кыйналып кашык менен ичип жүрдү, кийин ууртап ичип атты, аягында бир кружка ичип калды. "Апаке, сиз айыгып кетиш үчүн мен бул сүттү канча каалсаңыз ичем",- деген эле. Ошентип ал жактан жакшыраак болуп келдик. Кийин Америкадан жакшы дары чыгыптыр, өпкөнү айыктырат дегенин угуп ошол дарыны ичип калды. Убактылуу жакшы болгон. Бирок дары деген күчтүүлүгүн кылат экен. Өпкөсүн жакшыртканы менен бөйрөгүнө, табарсыгына зыянын тийгизиптир. Доктурлар "химиотерапия кыла албайбыз, операцияны көтөрө албайт" дешти. Ошо менен айлабыз кетип калды.

Атасы экөөбүз бассак-турсак жалгыз кызыбыздын багын тилеп отурчубуз. Кудайга үнүбүз жетип жакшы жерге бүлө болду эле. Күйөө балам Нурбектей жигит чанда кездешет. Сакеним өмүрүнүн акыркы күндөрүндө балдарды ага дайындаган. Азыр эч нерседен кем кылбай багып жатат. Уулу бой жетип калды да, апасы ооруганда кусканын, кыйналганын көрүп бизге көрсөтпөй ыйлап жүрдү, азыр деле ыйлайт. Мүнөзү атасыныкындай токтоо, бирок апасына жакын болчу. Кызы болсо Сакен ооругандан баштап эле атасына ыктап калды. Атасы тамагын берет, жуунтат. Азыр 1-класста окуп атат. Апасынын кеткенин экөө канчалык деңгээлде түшүнүштү билбейм, бирок жаш жүрөктөрү катуу эле жараланды. Көздөрүнөн кусалыктары көрүнүп турат.

Бир балам ошо күйөө балама жакын жерде жашайт. Келиним кээде тамагын жасап барып турат. Мен болсо шаарда жашаганым менен небере багып үйдөмүн. Бакыт, Ширин менен телефон чалып сүйлөшүп турам, бат-баттан жолугабыз. Эмнегедир үйүнө көп деле баргым келбейт. Киргенде эле кызымдын элеси көз алдыма тартылып



кыйналам. Сакен кийген кийим, ал кармаган буюм, жаткан жери көзүмө көрүнүп заманам куурулат. Андан көрө алар үйгө келип турганы жакшы. Биздин үйдө кызымдын эки чоң сүрөтү илинип турат. Күндө бетинен сылап коём. Атасы экөөбүз үч маал куран окуйбуз. Эмнегедир түшүмө кире элек. Бир жерден окусам каза болгон адамдын жаны жай алып, көңүлү тынч болсо жакындарынын түшүнө кирбейт экен. Бир нерсени айтууга жетишпей калса түшкө кирет экен. Ушундан улам кызымдын санаасы тынч окшойт деп ойлоп калдым.

## Гүлбү Ороскул кызы – сулуулуктун символу



2017-жылы 6-октябрда "Кыз-жигит сармерден" көрсөтүүсүнүн алып баруучусу, эстрада жана фольклор ырчысы Гүлбү Ороскул кызы 40 жашында көз жумду. Оорубай жакшынакай эле жүрүп бир түндө ашказанына кан куюлуп кетип баарын ыйлатып кете берген ырчынын артында,жарык дүйнөгө алып келип, алпештеп баккан апасы, чырактай эки кызы калды. Ак куудай келишкен келбети, жаркылдаган мүнөзү жана ырлары менен элдин



эсинде калган ырчыны туугандары, жакындары жерге кыя албай ыйлап кала беришти. Аттиң бири кем дүйнө...

Анын "Балама", "Мажүрүм тал", "Менин өмүр жазым","Жанарым, ай", "Ортончу бизге Ысык-Көл" жана башка ырлары элдин эсинде кала берет. Гүлбү Ороскул кызы тирүү кезинде ал менен маектешип "Кыргызымдын мыкты кыздары" деген китебиме "Орозкул кызы Гүлбү: Мен үчүн баарынан чындык өйдө турат" деген ат менен жаздым эле. Тилекке каршы, каза болуп калып, китепти көрбөй калды. Кыргыз элинин сүймөнчүлүгүнө татыган экен. Окурмандардын көпчүлүгү Орозкул кызы Гүлбү тууралуу дагы жаз дешип көп суранышкандыктан дагы кайрадан жазууну максат кылдым. "Орозкул кызы Гүлбү: Мен үчүн баарынан чындык өйдө турат" –ушул баяным менен баштоону чечтим.

### Орозкул кызы Гүлбү:
### **Мен үчүн баарынан чындык өйдө турат**

Келбети тал чыбыктай буралган, кыздары менен курбалдаштай көрүнгөн, келишкен келбетине шаңшыган үнү төп келип, көп адамды куштар кылган таланттуу ырчы, Кыргызстандын ар бир жараны сүйүп көргөн «Сармерден» теле берүүсүнүн алып баруучусу, шайыр жеңеси Орозкул кызы Гүлбү айым азыркы күндө жалпы кыргыз элинин сүймөчүлүгүнө ээ болуп турган учур. Гүлбү айымдын мүнөзү абдан шайыр. Кандай гана адамдардын арасында жүрсө да, дайыма жакшы маанайда отуруп, сүйлөшүп, тез тил табышып кетет. Анын бой көтөрбөгөн жөнөкөйлүгү, адамгерчилиги, бетке айткан түздүгү, айымдарда сейрек кездешкен сулуулугу, аркардай болгон бой келбети, таланты жуурулушуп келип Гүлбү айымды элдин сүймөнчүлүгүнө айлантты. Ар бир адам эл-жеринин өсүшүнө, гүлдөшүнө, өнүгүшүнө өз иши, өнөрү,

таланты менен салымын кошот эмеспи.Ырчылык да, алып баруучулук да өнөрү менен Гүлбү айым элге жакшы маанай, эргүү, рухий байлык тартуулап, кыргыздын сөз казынасынан терип сүйлөп, элдин көңүл канатын күүлөп, сулуу чырайына төп келген жарык дүйнөсү менен элине жан дүйнөнүн жарык учурларын арнап келди. Ал Аксы районунун Авлетим айылында 1976-жыл, 1-ноябрда туулган.

М. Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайдын жана Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтунун бүтүрүүчүсү, 2 кыздын энеси. Гүлбү айымдын «Балама», «Арзуу», «Мажүрүм тал», «Менин өмүр жазым», «Агылам сага» деген ырлары элдин куштарлана эргип-сүйүп уккан ырларына айланган. Орозкул кызы Гүлбү айым менен сүйлөшкөн адам, анын даамдуу сөздөрүнө, карагаттай жоодураган көздөрүнө, апакай жүзүнө арбалып кайрадан жолугуп, сүйлөшкүсү келет. Окурмандарга Орозкул кызы Гүлбү тирүү кезинде алган маегимди сунуш кылам.

- Менин жан дүйнөмө азык берген – ыр, көргөнүм-бакканым – ыр. Адамдын көңүлү гүл дейт. Ыр – ошол көңүлдүн, маанайдын, жүрөктүн ачкычы го. Сахнадабы, башка шарттардабы, аткарган ырым – бул менимче адамдарга эстетикалык ырахат тартууласа дейм. Ал эми ырахат тартуулаган менин ырыма, адамдын жарык жан дүйнөсү ыраазы болуп айкалышып турса, бул албетте ырчынын бактысы. «Жыйырма жылдан бери бир калыпта келе жатасың» деп көп айтышып суктангандар бар. Мунун өзгөчө сыры деле жок. Бирөө жөнүндө жаман ойлобойм, жаман айтпайм, кемчилигин чукубайм, атаандашпайм, болбогон сөз үчүн көңүлүмдү оорутпайм. Адам биринчи жан дүйнөсүн калыпка келтирип, ойлорун иретке салыш керек, себеби анын сулуулукка тийгизген таасири чоң. Ал эми ичкен тамагын көзөмөлгө алып, өзүн кароо бул экинчи планда.



Диета кармабайм, ал эми кичинемде эле каратэ менен машыкчумун. Студент кезде окуу жайыбызда дене тарбиядан берген агайыбыз орус эле. Анда айылдан жаңы келген убак, орусча сүйлөгөндү такыр билчү эмесмин. Орус агайыбыз көнүгүү жасатып, турникке тартылтып, айтор, бизге оор көнүгүүлөрдү жасата берчү. Аны менен айтышайын десең орусча билбейсиң да. Анан унчукпай эптеп баа алыш үчүн айтканын кыла берчүмүн. Ошол кезде пайда болгон курсагымдагы пресстер азыркыга чейин катып турат. Спорт менен жаш кезде машыкса пайдасы кийин тиет окшойт деп ойлоп калдым.

Аял киши үчүн биринчи орунда үй-бүлө турат. Мен да үйдө энелик милдетимди аткарып, көр тирилик менен алектенип жүрдүм. Чыгармачылык менен үй-бүлөнү чогуу алып кетейин десем, колумдан келбей койду, баары бир үйгө тартыла бердим. Кыздарыма тарбия берип, окутуп, тамагын жасап, үйдө жылуулукту камсыз кылып, үйдүн куту болууну чыгармачылыктан да бийик көрдүм окшойт. Эми кыздарым чоңоюп колум узарып калды. Эки кызым тең «ырдап чыгыңыз, сиз ырдашыңыз керек» деп мени түрткүлөп турушат. Улуу кызым «сизди өзүм ырчы кылбасамбы» деп жеңин түрүнүп алган. Ошолордун дем-күчү, сүрөөнү менен азыр жаңы жылдык берүүлөрдүн бирин да калтырбай тартылып жатам. Менин чыгармачылыкка чыйыр жолум, 8-классымда өзүмдүн апам М.Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайга жетелеп келген кезде башталган. Агайлар ырдатып көрүп сынаксыз эле дароо окууга кабыл алышкан. 15-16 жашымда өзүм окуган окуу жайдын атынан «Ала-Тоо периси» сулуулар сынагына катышып, 3-орунду алгам. Сынактын уюштуруучусу ыраматылык Бакыт Букаев болчу.

Чыгармачылыгымды алгач алып баруучулуктан баштадым, биринчи жолу филармониянын чоң залындагы

концертти алып барганым эсимде. Андан соң ырчылыкка ооп, алгачкы жолу Динара Акулованын концертинде «Балама» деген ырды ырдап чыктым. Ошондо Динара эже батасын берип, ырчылык тушоомду кескен эле.

Мен 1ге чыкканда атам каза болуп, ата тарбиясын көрбөй, таята-таенемдин колунда чоңойдум. Бизде бул эркектин жумушу, бул аялдыкы деп бөлгөн учур болгон эмес. Таята, таенем чабан эле, кой кайтарчумун, малдарга тоют берчүмүн, атты токуп да, жайдак да минген учурлар болгон, кар күрөчүмүн, айтор, алар мени оокатка тың болсун деп аябай эмгекчил кылып тарбиялашты. Бул тарбиянын зыянын көргөн жокмун, жашоомдо азыркыга чейин пайдасы тийип келет. Үйдө эркек-аялдыкы деп ылгабай жумуш кылгандан коркпойм. Кыздарыма тарбия берүүдө ушул ыкмаларды колдонгум келет, бирок азыркы жаштардын кабыл алуусу башкачараак.

Мен эне катары кыздарымдын бактысын гана тилейм, ушуга чейин атанын да, эненин да тарбиясын бергенге аракет кылып келе жатам.

Үчөөбүз күн-түн дебей курбулардай сырдашабыз. Алардын жеке жашоосундагы бүт жаңылыктар менен кабардар болуп турам. Улуу кызым Айзуура Мирзат экөө бактылуу үй-бүлөлөрдүн катарын толуктап таттуу жашап жатышат. Ал эми кичүү кызым «сиз кайсы жигитти тандасаңыз, ошого чыга берем» деп байракты мага карматып койгон. Кыздарымдын бактылуу жашоосу менин бактылуу жашоом.

Жолдошум төкмө акын Элмирбек Иманалиев менен учурда өтө сый мамиледемин. Ал киши кыздарымдын атасы. Кыздарыма тиешелүү маселелерди чечүүдө ага кайрылып турам. Жалгыздыктан корком. Жалгыздык башка түшпөсүн, Кудайга шүгүр, мага бул сезим тааныш эмес. Өзүмдү эч качан жалгыз сезип көргөн эмесмин.



Мурда тигүү цехин иштетчүмүн. Негизи мен кылбаган иш калган жок. Бир кездерде чет өлкөдөн кийимдерди ташып иштеген күндөрүм да болгон.

Мен чыгармаларымдын биринчи обону жакса гана кийин сөзүнө көңүл бөлөм. Сөзү жакпай калса ырдабайм. Экөө тең бири-бирине шайкеш келиш керек. Аткарып жүргөн чыгармаларымдын жеке жашоомо тиешеси жок.

Мен бир гана Кудайга гана ишенем. Канча ырым-жырым жасабайлы, Кудай береби, бербейби, буйруктан. Тиленип жашай берген жакшы.

Багымды ачып дебейин, бирок элдерден «Балама», «Арзуу» деген ырларыма жакшы пикирлерди угуп жүрөм.

Талапчыл, ошол эле учурда ак көңүл, көк бет боло алам. Дос-туугандардын арасында «көк бет» деген кличкам бар.

Шаркырап аккан суунун агымын тиктегенден тажабаган адамдардын катарын толуктайм.

Каныкей Эралиева, Роза Аманова, Саламат Садыкова эжелеримдин ырлары менен чоңойгом. Алардын чыгармачылыгын аябай сыйлайм.

"Достор" тобундагы курбуларым, эжелерим менен жакшы катыштамын.

"Сармердендин" алып баруучусу болгонум мен үчүн бир жагынан сыймык болсо, экинчи жагынан чоң жоопкерчилик. Башында "Сармердени" ошол деңгээлден түшүрбөй алып кете аламбы деген ойлорго алдырганым ырас. Сахна, көптөгөн сын көздөр, көрүүчүлөрдүн талаптары, оюндун алып баруучулук деңгээлин түшүрбөө… мунун баары оңой эмес. Шайыр жеңе баарына көз салып, келген кепти кетирбей, жигиттерге кыздардын намысын алдырбай, оюнду кызытып турушу керек. Ал эми таасири тууралуу айтсам, "Сармерденге" не деген таланттар келишет, ырчы катары алардын көрүп олтуруп ички дүйнөң менен байыйсың, өнөрүнө сукτанасың.

Ошондой эле, буга чейин өзүм билбеген элдик оюндарды, каада-салттарды, терең сөздөрдү ошол жерден көрүп-угуп, жуурулушуп жатып өтө чоң таасир алам. Ар бир иштин түйшүгүн аралашканда билесиң. Ниязалиева Сагын эже баштаган чыгармачыл топ "Сармерденди" улам жогорку деңгээлге көтөрүү боюнча аракеттерди көрүп келишет. Жалпы оюндун сапаты катышуучулардын тигил же бул теманы канчалык деңгээлде түшүнгөнүнө же болбосо аткаруучулук чеберчилигине, тапкычтыгына да байланыштуу болорун унутпайлы. "Сармерден" элдик оюн болгондон кийин, эл ичи казына да, демек, бул оюнга дагы-дагы өзгөчө жаңылануулар киргизилет. Буйруса көрүүчүлөр дагы далай жакшы нерселерге күбө болору турган иш. Ал эми жеке салымымды айтсам, Шайыр жеңе катары Эрке бала менен бирдикте "Эрке бала менен Шайыр жеңенин тамаша айтышын" алып чыксак деген ойду багып жүрөбүз. Дегеле, чыгармачылык менен иштеп чыга турган идеяларыбыз, иш түзүмдөрүбүз көп.

«Сармерден» оюну байыркы болгондуктан, анын тамыры да терең, мааниси да терең. Кыргызда кылымдардан эле бойго жетип толукшуп турган кыз-жигит "Сармерден" оюнун курушуп, бири-биринин өнөрүн, кыял-жоругун сынап, эби менен таң-тамаша салышып, шакылдаган Шайыр жеңе, эптүү жигит Эрке бала баарын жайгарып, оюнду кызытып, жөнгө салып турушкан. Азыр биз "Сармерденди" элге көрсөтүү оюну катары берип жатсак, илгери бул оюн жалпы элдин маанайын ыр-күү, тамаша менен көтөрүүдөн тышкары, ар жайлоодогу, ар конуштагы элди бир жерге чогултуу менен андагы жаштардын ал жерден көрүшүп-таанышуусуна, сынашуусуна, бири-бирине төп келген өмүрлүк түгөйлөрдүн табышуусуна шарт түзүп, ошону менен бирге журт ичине шаң орнотуп келген эмеспи. Дегеле кыргыздар ар бир нерсени жөн жерден жасаган эмес жана ар бир



нерсе адамдын жаш курагына жараша багытталып, же адамдардын акыл курчутуусуна, же дене шамдагайлыгына, же өнөр жагынан тапталуусуна, ошондой эле жеке адамдык өсүүсүнө басым койгон. Бул албетте элибиздин чоң маданияты. Демек, режиссер Сагын Ниязалиева салттуу оюн сармерденди кайра жаңыртып алып чыккандан тарта эл оозуна тез алынганынын, көңүл чордонуна орногонунун себеби – дал ошол байыртан бери кыргыздын канында жашап келаткан ыр-күүнү, кулак кандырган куюлушкан сөздөрдү, тил сайраткан жаңылмачтарды, тарбияга тарткан макал-лакаптарды, көз тойгузган кыз-жигиттин тамаша мамилелерин, кыскасын айтканда, маданиятыбыздын бир өңүрүн азыркы мезгилге шайкеш кылып алып чыкканында.













Негизи алып баруучулук жагы жан дүйнөмө жакын. Шаарга алгач 14 жашымда келип М.Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайында окуп жүргөнүмдө алгач филармониянын чоң сахнасына ырчылык эмес, алып баруучулук менен кадам таштагам. Кийин анан ырчылыкка ганаооп кеткем.

Чынын айтсам, мени өнөр эртелеп өзүнө тартты окшойт. Эс киргенден ырга, комузга жакын өсүп, аздектеген кыялым ырчылык болчу. Кийин минтип ырчылык жолум менин кесибим болуп калды. Бирок, апам али күнчө мени "комуз менен ырдашың керек" дей берет. Өткөндө "Замана" студиясынан Асанкалый Керимбаевдин обонун комуздун коштоосунда ырдап чыктым. Бул, менин 20 жылдан кийинки комуз менен ырдап чыгышым эле. Мен комузду улуу кызым Айзуура төрөлгөндө таштап койгон экемин. Баса, айтылуу уста, комузчу Орозобай



Кенчинбаев агабыз "Сармерденге" калыс катары катышууга келгенде: "Буга чейин комуз менен ырдайт деп укчу элем, эми "Сармерденде" да ырдап жүр" деп батасын берип, өзгөчө формада чабылган комузду сахнадан тапшырды. Агайга ыраазычылыгым чексиз. Азыркы учурда кыргыздагы эң мыкты комуз чапкан агабыздын бул тилегин буюрса ишке ашырам деген ойдомун. Ажырашканда мен үйдү Элмирбекке таштап, кыздарымды эле алып чыгып кеткем. Жанталашып тигүү цехин иштетип жүрүп үй алгам. Үйдү аларым менен дароо оюмдагыдай оңдоп-түзөө иштерин жасап, кир кургатуучу жерди да кошуп өзүнчө бөлмө кылып койгонбуз. Ал жерде менин концерттик формаларым, тигүүчү машинем орун алган. Мен үй тандаганда эң эле биринчи кыздарымдын мектебине жакындыгын эске алгам. Анан 106-сериядагы үйлөр кенен болот эмеспи. Ошондой эле үйдүн аурасы мени өзүнө тартып алды десем болот. Жашоо адамга бир келет. Ар бир адам Кудай тартуулаган жашоосун татыктуу өткөрүшү зарыл. Бул жашоого жарык дүйнөгө келгенден кийин маңдайыбызга кандай тагдырды тартууланса, аны баштан кечиребиз. "Башка түшсө, байтал жорго" дегендей жашоодо кандай кырдаал болсо, адам баласы ошону менен күрөшүп жүрүп эле дүйнөдөн өтүп кетет. Ошондуктан, жашоонун жыргалын, ырахатын ошону менен бирге кайгысын да бирге алып кетүүгө умтулуубуз абзел. Бакытты ар ким ар кандай кабыл алат. Ар бир айым өзүнүн түшүнүгүнө, көз карашына жараша анын деңгээлине багыттап, бакытты чечмелеп беришет деп ойлойм. Пенденин алты саны аман, ден-соолугу чың, жакын адамдары жайында, бардар турмушта бала-чакасы менен бирге ынтымактуу өмүр сүрүү мен үчүн бакыт. Буга кошумча талантымды кыргыз элиме, калың журтчулугума тартуулоо, эне болуу, балдарымды тарбиялоо мен үчүн

бакыттын туу чокусу деп эсептейм. Аялдык бакыттан эч куру калган эмесмин. Мен бактылуумун!

Менде атаандаштык жок деп жүз пайыз айта алам. Эгер Кудай мага башынан эле атаандаштыкты, көрө албастыкты, куу мүнөздү, ичи тарлыкты берсе, ичимде ал жаман сапаттар кайнап жаткан болсо, анда мен мындай деңгээлге жетмек эмесмин. Жаралганыман бирөөгө кийлигишпей, өз алдынча, жөнөкөй жашоодо жашап калууну каалайм. Ар бир адам бирөөгө атаандашуудан мурун алды-артын карап, ойлонуп койсо дээр элем. Себеби, жыйынтыгы айланып келип, жаман адамга таасирин тийгизет. Шоу бизнесте, биздин чөйрөдө "Ой тигил бул ырды аткарып чыгыптыр. Жакшы клип тартыптыр" деген атаандашуулар бар. Бирок, мен алкынып-жулкунбай ыр жаздырайын, клип тарттырайын дебейм.

Доско аябай баймын. Досторумдун саны арбын. Аларды бөлүп, жарбайм. "Достор" тобундагы бардык солисткалар менин курбуларым. Айчүрөк менден улуу болсо да, абдан жакын, сырдаш доспуз. Гүлзат, Салима, Нуризалар менен окуу жайда курсташ дос болчубуз. Кийин бир шерине болуп калдык. Кайгымды, капамды, жакшылыгымды тең бөлүшкөн жакшы досторум бар экенине абдан сыймыктанам.

Ырым-жырым кыргыздын канына сиңип калган нерсе. Аны колдонбогон бир дагы кыргыз болбосо керек. Ырым-жырым мен үчүн маанилүү. Аны кармайм, колдоном. "Мен тап такыр ырым-жырым колдонбойм" деген адам жок дегенде эле үйүнө ысырык салат. "Мен оруп атам. Мага көз тийди. Мени арчала" деген адамдар арбын. Мен колдонгон ырым-жырымдар абдан көп. Аларды колдоноордо туура багытын ойлонуштуруп иш кылам. Мен үчүн баарынан чындык өйдө турат. Бирок, ошол чындыкты бетке айтып, бирөөнүн көңүлүн оорутуп



алгыча, жаман көрүнгөнчө калп да керек. Эгер калп айтканың "Кыңыр иш кырк жылда билинет" болуп калса, өлдүң да...

Чарчаганда жаратылыштын койнунда эс алганды жакшы көрөм. Шылдыраган суунун жанына олтуруп алып ой толгоо мага жетиштүү болот. Чарчаганым суунун жанында, кооз жаратылыштын кучагында тез жазылат.

"Таптакыр ыйлабайм. Ыйлап көргөн эмесмин" десем, жаңылышкан болом. Кээде жашоо турмуштун айынан, татаал тагдырды баштан өткөргөндө, ар кандай ур-соккуга кабылган учурда ыйлачумун, ыйлагам, азыр да ыйлайм. Адам баласы темирден жаралбагандан кийин, жүрөгү бар өзгөчө чыгармачыл инсандар назик жан болгондуктан, кээде болбогон нерсеге деле ыйлай беребиз. Бул мыйзамдуу көрүнүш. Жашыруунун кажети жок.

Буулугуп, жан дүйнөм жабыркап, жалгыздыкты баштан өткөргүм келген учурда үйдөгүлөргө эч нерсени айтпай, билдирбей авто унаамды айдап алып, жаратылышка, тоого чыгып кетип калам. Башкаларга окшоп бугумду ырдап чыгара албайм. Өзүмдүн көп жылдан бери атайын барып жүргөн бир жерим бар. Ал жакта ушундай бир сонун суу катуу агым менен күркүрөп агат. Суунун башына туруп алып, аны кечке тиктеп терең дем алып, жарым саатпы же бир, эки саатпы айтор, качан гана оюма жакшы нерселер келгенде араң ордумдан жылам. Бугум чыкпай турса, канча саат болбосун отура берем. Ал жерди эч ким билбейт. Ачык айтпай эле коёюн.

Биздин үй-бүлө көпчүлүк учурда бууга, чопого бышкан тамактарды сүйүп жейбиз. Кыздарым эмнени каалап жешсе, ошону жасап берем. Бири сабизди жакшы көрсө, бири капустаны жаман көрөт. Бири тоок этин жакшы көрүп жесе, бири уйдун же кой этин жебейт. Ошондуктан, ар дайым кечки тамакты биргелешип,

каалаганыбызды жасап жейбиз. Негизи суусундуктарды көп иче бербейм. Дайыма натуралдык суусундуктарды ичкенди жакшы көрөм. Жасалма суусундуктардан сактанам. Үйдө үч литрлик банкага ысык сууну кайнатып куюп, муздаган соң ага өрүктү, алманы, шабдалыны, клубниканы же карагаттын, малинанын, чычырканактын вареньенесин же бал кошуп, аралаштырып, муздаткычка салып коём.

Анан күнүгө улам жер-жемишти алмаштырып, суусундуктан ичип, чаңкаганымды жазам. Эч качан чийки суу ичпейм.

Гүлбү Ороскул кызынын апасы Адиса Ташкараева:

**Кагылайыным кетээрин сезген экен**





Гүлбү кызымдын төрөлүшү бизге чоң кубаныч алып келген. Кайын журтум тараптан да, өзүмдүн ата-энем тараптан да кызым 1-небере болду. Жолдошумдун бир карындашы бар эле. Кайнатам «бир кызымды эки кылдың» деп угары менен төрөт үйүнө келип, балбалактап сүйүнүп мени бети-башымдан өпкүлөгөн. Ошентип жашап жүргөнүбүздө атасы өтүп кетти. Ал ревматизм менен жабыркачу, оору жүрөгүнө өтүп кетиптир. «Кичинекей балдар менен кыйналат» дешкен ата-энем мени төркүнүмө алып кетишти. Гүлбү мектепте жакшы окуду. Азыр ойлосом, кичинесинен эле тың экен. Үй тапшырмаларын өзү даярдап, чачын өзү байлап алчу. 5-класстан таенесине «комуз ийримине барат элем» деп комуз саттырып алды. Өзүм жесир аял болсом, жогорку окуу жайларынан окута албайм го деп 8-классты аяктагандан кийин борбордогу музыкалык училищеге берейин деп ойлодум. Ал убакта Кербенден Фрунзеге учак каттачу. Кызым экөөбүз 1-жолу учакка отурдук. Учак катуу кыймылдаса коркуп, орундукту тырыша кармап калабыз. Ошентип Фрунзеге келдик.

Мураталы Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайына барсак, Роза Аманова ошол жылы бүтүп кетиптир. Мугалимдер «Розага окшогон тыкан кыз келди. Комуз чертет экен. Эми ушул кызды алып калалы» дешип Гүлбүнү көргөндө эле жактырышты.

Гүлбү 4-курста окуп жатканда биздин айылдагылар «кызыңыздын жигити бар экен, биз көрдүк» деп калышты. Өзү келгенде сурасам «турмушка чыксамбы деп жатам, жигитим телевизордон чыгып жүрөт» деди. Ичимден макул болуп «убагы деле келип калды» дедим. Аты баланча деп "Э" тамгасынан башталган бир атты айтты. Мен эмнегедир Элүүбек деп угуп алыптырмын, сыналгыдан ошондой ырчыны көрүп каламбы деп карай берчүмүн. Кийин Бишкекке келип Элмирбек экөөнө

батамды берип кеттим. Анан Айзуура төрөлдү. Айзуурага жети ай болгондо бир күнү телефон чалыптыр. «Апа, Айзууранны берип жиберели, карап бериңиз, биз араң чыдадык» деп коёт. Баккандан кыйналышкан го. Учак менен биздин айылдык бир кемпирден берип жиберишиптир. Ал убакта азыркыдай телефон жок. Алып барган эже мени тапкыча арадан бир топ убакыт өтүптүр. Айзуура ыйлай берип үнү бүтүп, курсагы да ачыптыр.

Балдарымды кантип бакканымды деле билбейм. Ал кезде жаш экем, анын үстүнө таята-таенеси да каралашты. Айзууранны өзүм төрөгөндөй бактым. Кээде Гүлбүнү мен төрөгөнүмдү унутуп, Айзууранны кызым деп ойлоп алчумун. Экиге чыкканда «кызыбызды алып кетебиз» деп ата-энеси айылга барышты. Бербеске айлам барбы, бердим. Сагынганымдан айылга тургум келбей койду. Балама «тамекини тапшыралы да, биз деле шаарга кетели, 2-3 жылда кайра келебиз» дедим. Анда уулум 9-классты аяктап жаткан. Ошентип Айзууранын артынан уулум экөөбүз дагы 1997-жылы Бишкекке көчүп келдик. Туугандарыбыздын үйү бош эле, атам «ошол жакка жайгашкыла» деди. Балдарым үйүбүздүн алдына дүкөн ачып беришти. Бул жактын жашоосуна көнүп, айылга кеткибиз келбей калса болобу. Айзууранын артынан Сезим төрөлдү. Эки кызды бир аз эле көрбөсөм сагынып кетип жетип барчумун.

Элмирбек менен Гүлбүнүн ыркы кете баштаганда тынчып калышаар деп күтүп, киришкен жокмун. Анын үстүнө бала-чакалуу чоң кишилер өздөрү чечишсин дедим. Бир жолкусунда кудагыйым «экөө чогуу жашай албай калышыптыр» деди. «Ошондой болуп калды окшойт» дедим. Кызым көңүлүнө жаккан буюмдарын жыйнаштырып коюптур. Кудагыйым «Айзууранны алып калалы» деди, мен «кыздарды бөлбөйлү, бир туугандар чогуу өссүн» деп болбой койдум.



Гүлбүнүн «Балама» деген ыры клиби менен чыкканда эл кызымды ырчы катары тааныды окшойт. Алгач сыналгыдан көргөндө «ии, Гүлбү деле чыкса болот турбайбы» дедим. 2005-жылдар бекен, жеке концертин берди. Бирок чыгармачылыктын артынан сая түшкөн жок. «Кыздарыма жакшы тарбия берейин. «Ырдап жүрүп кыздарына тарбия бербептир» дешпесин. Апа, колуңуз бошто келип жардамдашып туруңуз. Ушуларды окутуп алсам, жеңилдеп калат элем» деп жүрдү. Кыздары чоңоюп калганда «сүмөлөк жасагым келип жатат» деп, 7 жыл катары менен үйүндө сүмөлөк бышырып, жакшы санаалаштарын чакырып коноктоп, калганын балдар үйүнө таратты.

Акыркы күндөрү «апа, таятамдардын үйүнүн ары жагында булак бар эле го, түшүмдө ошол жерде көп жууна берчү болдум» деп калды. Мен этибар албай «кызым, сен бала кезде ошол жерде көп ойночусуң» деп койчумун.

Гүлбүнүн аяш аталары «айылданбы, шаарданбы бир жер караштырып, Гүлбүнүн ысымын ыйгарганга аракет кыл» дешти. Ошондон кийин айылдын бардык жерин көз алдымдан өткөрүп, чоң көчөнүн аты жок экенин эстедим. Гүлбү Түштө аян берет деген бекеринен эмес окшойт. Гүлбү түшүндө көп жүргөн булак да ошол көчөдө. Анын үстүнө ошол көчөдөн атасынын күмбөзү көрүнүп турат. Көчөгө Гүлбүнүн ысымын ыйгаралы деп туугандарга, Коргон айылынын тургундарына сунуштасак, макул болуп токтом чыкты. Бизди колдогондордун баарына ыраазымын. Балдарым менен эми ошол көчөгө асфальт бастырып бермей болдук.

1-2 жылдан бери ашказаны ооруп жүргөн. Каза болордон 10 күн мурун «апа, өлүп-тирилдим. Профессорлордун кароосунан өттүм, бирок оорум табылган жок» деген эле. «Ооруп жатам» деп жатып калганда «бас эле, бас» деп сыртка чыгарып тургузуп

кетчүмүн. Көрсө, көз тийүү деген нерсе чогулуп отуруп бир органга топтолот деген чын белем. Гүлбүнүкү ашказанга топтолгон окшойт. 6-октябрда эртең менен кыздары молдо чакыртып дем салдырышыптыр. «Мага булардын алы жетпейт. Таене-таятам келип «кыз бул жактан кыйналып кетти, алып кетели» деп кетпей жатышат. Мен кетет окшойм. Силер жакшы оокат кылгыла» дептир. Мен мурунку күнү инимдин жылдыгына айылга кеткем. Балким, жанында болсом тирүү алып калаар белем?.. Кызым каза болгон күнү жанында болбой калганым мага чоң арман.

Эртең мененки 8де кызы Сезим телефон чалып «таене, апам дагы баягыдай ооруп калды. Каяктасыз, сизди чакырып жатат» деди. «Айылга кетпедим беле, билесиңер го» дедим. Кийин телефон чалсам «жакшы болуп калды» дешти. Анан эле Айзуура чалып «келип калыңыз, сизден мурун апам кетип калды» десе мен нес болуп түшүнбөй калдым. Кайра телефон чалсам эч кимиси албай койду. Аңгыча туугандарым «Гүлбү комага түшүп калыптыр» деп мени Бишкекке алып жөнөштү. Синдим «мен дагы кошулайынчы» деп машинага түшүп алды. Келсем эле боз үйлөр тигилип, ак куум учуп кетиптир...

Ыйласам Айзуура менен Сезим «таене, ыйлаба, биз барбыз» дешет. Көпкө чейин кызымды жоготконума эч ишенбей жүрдүм. Кулагыма "апаке, алтын апакем менин"деген шыңгыр үнү кулагыма ар дайым жаңырып турат. Кызым көп ийгиликтерди жаратмак. Гүлү жаңы ачылып келе жаткан кезде таш боор ажал колумдан жулуп кетти... Кызым Жаңы жыл сайын белегин көтөрүп келчү. Апасынын ордун жоктотпой кыздары келип куттуктап кетишти. Мирзат менен Айзууранын уулун Гүлбүнүн ордуна бешик алып барып, бешикке салдым. Кыскасы, тирүүлүктүн тиричилиги өтүп жатат, бир гана кызым жок.



Энени баладан айрыбасын. Боздоп кала бердим артында... Бири кем дүнүйө деген ушул тура...

Кызымды акыркы жолу 3-октябрь күнү көрдүм. Мен айылга инимдин жылдыгына жөнөп жатсам Айзуура менен Сезимди ээрчитип небересин көтөрүп келген экен. "Түн менен күнүн кошуп 20 күндө неберемдин кыркын чыгардык. Мына жол кире кыласыз", - деп тыйын берди, айылга ала барыңыз деп таттууларын көтөрүп келиптир. Эмне мынча небересинин кыркын шашып чыгарды деп ойлоп койгом ичимден. Кагылайыным кетээрин сезген экен да. Жаңы батир алып аны ремонттоп, ичин толтуруп кудаларды чакырып небересине жээнтек бергени даярданып жаткан. Мага айылдан сары май менен талкан ала келиңиз жээнтеке деп дайындады. Мен айылга кеткенче меймандарына отура турган төшөктөрүн тигип бердим. Жаны тынбай эле оокат деп чуркап жүрчү. Каралдымдын өлөйүн деген ою да жок болчу. Ооручу да эмес да, ооруса да ий ооруйт эле байкуш кызым деп көксөм суубйт эле. Болгону: "Бирөө мени жаман көрүп койду окшойт кирнелеп бериңизчи. Толкун болуп башым ооруп муздак жел келип жатат кармап коюңузчу", - дечү. Анан кармалап койсом: "Апа, сиздин колуңуз тийсе эле айыгып кетем", - деп маанайы көтөрүлүп калчу каралдым. Көрсө, кызыма катуу көз тийип кетти окшойт. Мурун аз-аздан чогулуп отуруп көтөрө албай кетти го деп ойлоймун. Мен айылга кеткенде ооруп калып жатпайбы, балким, жанында болсом кармаласам айыгып кетер беле. Аттиң кылып күйүтүмдү баса албай отуруп калдым. Мен өзүмдү жоготсом эки кызы не болот деп ошолорго караан болуп өзүмдү карманып отурам. Айла жок кызым менен бүгүн коштоштум. Гүлбү кызым менин эле эмес, элдин кызы болуп калган экен. Быягы Ош, Жалал-Абад, Талас, айтор, кыргызга төбөсү көрүнгөн адамдардын баары келип буркурап ыйлап турушту.

## Мазмуну

Түбөлүктүү элестер........................................................3
Сабира Күмүшалиева - элибиздин чолпон жылдызы.5
Сабира Күмүшалиева апа тууралуу анын кызы Нуржамал Рыскулова: Апам атамды дайыма өзүнөн өйдө койчу ......................................................................11
Бакен Кыдыкеева - кыргыз кино менен театрдын ханышасы ......................................................................17
Бизди кечириниз, Бакен эже! (Новелла).....................32
Таттыбүбү Турсунбаева - кыргыз керемети...............50
Күлүйпа Кондучалова - кыргыз маданиятынын, "умай энеси".....................................................................61
Гүлмира Мамбеталиева – таанымал илимпоз жана коомдук ишмер........................................................70
Аскар Салымбеков, коомдук ишмер, өмүрлүк жолдошу: Гүлмира болбосо мен бүгүнкү ийгиликтерге жетмек эмесмин.............................................................87
Улукбек Салымбеков, уулу: Апам менин арманым болуп калды......................................................92
Тарых жана саясат таануу илимдеринин доктору, профессор Аалыбек Акунов: Илимий эмгектери кийинки муундар үчүн кызматын кыла берет..................94
Тынчтыкбек Чоротегин-профессор: Эжекебиз эрктүү да, мээримдүү да инсан эле.........................................95
Жумабек Салымбеков, кайниси: Мага жеңе эмес, эже болчу.....................................................................97
Аскат Мусабеков, ырчы: Гүлмира эже берген дем-күч, шык менен сахнага бет алгам........................................98
Шакен Мамбетаипова - акын, сүрөтчү, саймачы.....102
Дамира Алышпаева, КР маданият жана маалымат министрлигинин башкармалыгынын башчысы: Акын жана эне катары жашоодогу өз парзын аткарып кетти............106



Юристанбек Шыгаев, Кыргыз эл сүрөтчүсү: Элдик өнөрдүн уюткусун сактап келген.......................................107
Чоюн ӨМҮРААЛЫ уулу: КЫРГЫЗ КЫЗЫ.............108
Гүлзат Батырканова –аткаруучу, ырчы, журналист.124
Шахра Талипова апасы – Гүлзатым чыгармачылыкта из калтырып, элдин кызына айланып калган экен...........128
Кыял БАТЫРКАНОВА, синдиси: Тагдырга айла жок экен, боздоп кала бердим...............................................134
Мурат Бейшенов - жолдошу: ГҮЛЗАТТЫН АКЫРКЫ СӨЗҮ ЭСИМДЕН КЕТПЕЙТ.........................................141
Салтанат Саматова – кайталангыс талант.................143
Эркин Рыскулбеков алып баруучу: Элдин маанайын көтөргөн чечен инсан катары эсте калды.........................145
Орозобек Түгөлбаев-Салтанат Саматованын атасы: Ата-эне баласына өз колу менен топурак салгандан өткөн кордук барбы?.............................................................150
Гүлбү Ороскул кызы – сулуулуктун символу..........158
Орозкул кызы Гүлбү: Мен үчүн баарынан чындык өйдө турат.................................................................159
Гүлбү Ороскул кызынын апасы Адиса апа: Кагылайыным кетээрин сезген экен да.............................172

**Буларкиева Дилдара**

Жусуп Баласагын атындагы Улуттук Университеттин журналистика бөлүмүн бүтүргөн. "Тагдыр сынагы", "Москва менин сүйүүм","Тагдыр айлампасы","Бир тутам гүл", "Күттүрүп келген бакыт", "Жан дүйнөдөгү махабат", "Ырларым сизге гүлдесте", "Ааламды суктандырган айымдар", "Ала-Тоодой бийик айымдар","Кыргызстандын саясатчы айымдары", "Роза Отунбаева-кыргыз элине арналган өмүр", "Залкарлар","Мен жалгыз эмесмин", "Бакен Кыдыкеева - кыргыз искусствосунун ханышасы", "Стамбул - сүйүүм, арманым", "Кайырчы кыз" китептеринин автору.

Буларкиева Дилдара 1988-1996-жылдары Талас областтык социалдык коргоо тармагында эмгектенип катардагы адистен жетекчилик кызматка чейинки жолду баскан.1996-98-жылдары пенсия жана пособие чектөө борборунун жетекчиси болуп иштеген. Талас областында эң биринчи "Карлыгач" аялдардын турмушуна арналган эркин гезитти 1990-96-жылдары чыгарган жана ээси болгон.

"Беназир", "Эл турмушу" коомдук гезиттердин башкы редактору болуп 2005-2014-жылдары иштеген. Кыргыз Республикасынын Журналисттер Союузунун жана Кыргызстан Жазуучулар Союзунун мүчөсү. Азыркы учурда "Өчпөс элестер" Коомдук Бирикмесинин жетекчилик кызматты аркалоо менен чыгармачылыктын жүгүн да көтөрүп келет. "Каныкей" ордени, "Уркуя", "Ала-Тоонун мыкты айымы" медалдары, Кыргыз Республикасынын маданият жана туризм Министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

300z

300²

